

ISBN 978-83-66216-95-2

Usarova Gulbakhor Urinboevna

# NAUKOWO-METODYCZNE ZASADY WYKORZYSTANIA TECHNOLOGII KREDYTOWEJ W NAUCZANIU GATUNKU PROZATORSKIEGO LITERATURY KIRGISKIEJ W SZKOŁACH WYŻSZYCH (HISTORIE Z LAT 70.)

**MONOGRAFIA**
w języku kirgiskim

iScience
Warsaw, Poland - 2024

*Usarova Gulbakhor Urinboevna*

# NAUKOWO-METODYCZNE ZASADY WYKORZYSTANIA TECHNOLOGII KREDYTOWEJ W NAUCZANIU GATUNKU PROZATORSKIEGO LITERATURY KIRGISKIEJ W SZKOŁACH WYŻSZYCH (HISTORIE Z LAT 70.)

MONOGRAFIA
w języku kirgiskim

**Warszawa - 2024**

UDC 82 (575.2) (043.3)
BBK 81
У-14

***Odpowiedzialni redaktorzy:***
***Ukueva B.K.*** *– Doktor pedagogy, profesor;*
***Sattarova A.*** *– Doktor pedagogy.*

***Recenzenci:***
***Tilekova N.D. –*** *Doktor pedagogy, assistant professor;*
***Saidyrakhimova D.S. –*** *Kandydat nauk filologicznych, profesor.*

**Usarova G.U.,** Naukowo-metodyczne zasady wykorzystania technologii kredytowej w nauczaniu gatunku prozatorskiego literatury kirgiskiej w szkołach wyższych (historie z lat 70.). Monografia. – Warsawa: iScience Sp. z.o.o. – 2024. – 122 p.

Celem pracy jest opracowanie i zaproponowanie teoretycznych i metodologicznych podstaw nauczania gatunku prozy literatury kirgiskiej (opowieści z lat 70.) na uniwersytetach z wykorzystaniem technologii kredytowej.

*Opracowanie podstaw teoretycznych i metodologicznych nauczania gatunku prozy literatury kirgiskiej (opowieści z lat 70. XX w.) na uniwersytetach z wykorzystaniem technologii kredytowej i jej wprowadzenie w proces edukacyjny jej*

**ISBN 978-83-66216-95-2**

© G.U. Usarova, 2024
© iScience Sp. z o. o.

УДК 82 (575.2) (043.3)
ББК81
К-18

***Отвественные редакторы:***
***Укуева Б.К.*** *– доктор филологических наук, профессор;*
***Саттарова А. –*** *доктор филологичеких наук, профессор.*

***Рецензенты:***
***Тилекова Н.Д.*** *– доктор педагогических наук, доцент;*
***Сайидырахимова Д.С.*** *– кандидат филологических наук, проф. РАЕ.*

**Усарова Г.У.,** Научно-методические основы использования кредитной технологии при преподавании прозаического жанра кыргызской литературы в высших учебных заведениях (рассказы 1970-х годов). Монография. – Варшава: iScience Sp. z.o.o. – 2024. – 122 с.

В монографии рассматриваются теоретико-методические основы преподавания прозаического жанра кыргызской литературы (рассказов 70-х годов) в вузах по кредитной технологии.

*Цель настоящей монографии разработка теоретико-методической основы преподавания прозаического жанра кыргызской литературы (рассказов 1970-х годов) в вузах по кредитной технологии ивнедрение его в учебный процесс.*

**ISBN 978-83-66216-95-2**

© Г.У. Усарова, 2024
© iScience Sp. z o. o.

## МАЗМУНУ

**КИРИШҮҮ**..........................................................................................5
**ЖОЖДОРДО КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫН КРЕДИТТИК ТЕХНОЛОГИЯНЫН НЕГИЗИНДЕ ОКУТУУНУН ЖАЛПЫ МАСЕЛЕЛЕРИ**..........................................................................................9
1-§ Билим берүү –системасында болдонья процесси жана кредиттик технологияны колдонуунун зарылдыгы жана милдеттери ..........................................................................................9
2-§ Кредиттик окутуу технологиясынын маани - маңызы, окуу пландарынын формалары жана силлабустардын структурасы ....17
I бөлүм боюнча корутунду..........................................................28
**ЖОЖДОРДО КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫН КРЕДИТТИК ТЕХНОЛОГИЯНЫН НЕГИЗИНДЕ ОКУТУУНУН ЖОЛДОРУ**..30
1-§ ЖОЖдордо адабияттын билим берүүнун мааниси, максаты, милдети жана методологиялык маселелер ..................................30
2-§ Кыргыз адабиятын кредиттик технологиянын негизинде окутууда студенттердин чыгармачылык ой жүгүртүүсүн жогорулатуунун психологиялык-педагогикалык негиздери........38
3-§ Кредиттик технологиянын негизинде окутууда интерактивдүү стратегияларды колдонунун жолдору жана анын натыйжалары.45
4-§ Кыргыз адабиятын окутууда студенттерди өз алдынча иштерди аткарууга үйрөтүүнүн жолдору жана баалоо критерийлери ..........................................................................64
II бөлүм боюнча корутунду ........................................................79
**КРЕДИТТИК ТЕХНОЛОГИЯНЫН НЕГИЗИНДЕ СТУДЕНТТЕРДИН КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫНЫН ПОРТРЕТТЕР БӨЛҮМҮ БОЮНЧА ЧЫГАРМАЧЫЛЫК ОЙ ЖҮГҮРТҮҮСҮН ӨНҮКТҮРҮҮГӨ БАГЫТТАЛГАН ЭКСПЕРИМЕНТТЕР**............82
1-§ Интерактивдүү методдорду колдонуу менен адабият сабагында студенттердин чыгармачылык ой жүгүртүүсүн өнүктүрүүнү тажрыйбада сыноо...................................................83
2-§ Сыноо-тажрыйба иштеринин жүрүшү жана анын жыйынтыктары ..........................................................................89
III бөлүм боюнча корутунду .....................................................108
**КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР**.................................................111

# КИРИШҮҮ

Акыркы мезгилдеги социалдык-экономикалык кайра түзүүлөр менен катар билим берүү системасында жалпы адамзаттык баалуулуктарга умтулуу агымы жүрүүдө. Өлкөбүздө демократиялык бийлик орноо менен, биринчиден, өз эне тилибизге, адабиятыбызга, маданиятыбызга, каада-салтыбызга, элибиздин байыркы тарыхына кызыгуу күчөдү. Мындай шартта келечектеги компетенттүү адистерди тарбиялоодо ЖОЖдордогу кыргыз адабиятын кредиттик технологиянын негизинде окутуу негизги ролду ойнойт. Бул маселени жүзөгө ашырууда окутуунун методдору, максаты, мазмуну ж.б. көйгөйлөр күн тартибинде тургандыгын белгилебей кетүүгө болбойт. Аталган маселелерди окумуштуулар В. Г. Беленький, Т.Т. Неорадзе, В.А. Никольский, З.Я. Рез, Л.А. Шейман ж.б. өз эмгектеринде карашкан. 1980-1990-жылдардын окумуштууларынан: Д.С. Аусекле (Риташ), Дж.М. Ахмедов, Ш.А. Микаилов, (Баку), Г.Н. Ионин (Москва), Л.В. Лузина (Санкт-Петербург), Т. Жумажанова, Б. Сманов (Алматы) ж.б. эмгектерин кошууга болот.

Кыргыз адабиятындагы көркөм чыгармаларды окутуу илимине салым кошкон окумуштууларга: Б. Алымов, С. Байгазиев, Б. Байсабаев, С. Батаканова, Н. Жапаралиева, М. Ибраева, К. Иманалиев, И. Исамидинов, Н. Ишекеев, К. Кенжешов, Ү. Култаева, К. Мамбеталиев, С. Мойдунова, Т. Молдогазиев, С. Момуналиев, А. Муратов, Т. Мусамбетов, Б. Оторбаев, С. Рысбаев, К. Сабаева, Д. Саалиева, С. Сакиева, М. Тешебаев, А. Турдугулов, З. Усубалиев, Ж. Уразова, Б. Үкүева, О. Шаимкулов, А. Эшиевдин эмгектеринде жазуучулардын чыгармаларын окутуунун тигил же бул маселелери изилденген. Ал эми окутуунун жаңы технологиялары боюнча изилдеген окумуштуулардын катарына Н. Ахмедова, Ж. Чыманов ж.б. кирет. Бирок, тилекке каршы ЖОЖдордо повесть жанрын кредиттик технологиялардын негизинде окутуунун илимий-педагогикалык негиздери иштелип, белгилүү бир системага салына элек. Ошого байланыштуу илимий-изилдөөбүздүн актуалдуулугу катары төмөндөгүлөрдү белгилөөгө туура келет:

– ЖОЖдордо кыргыз адабиятын кредиттик технологиянын негизинде билим берүүдө андагы улуттук жана жалпы адамзаттык баалуулуктарга басым жасоону өркүндөтүүнүн керектиги;

– көп улуттуу республикабыздагы студенттерге кыргыз элинин руханий байлыгы болгон, кыргыз жазуучуларынын прозалык чыгармаларына кызыгуусун жана таанышуу мүмкүнчүлүгүн арттыруу;

– Евробиримдигинин талабына ылайык гуманитардык билим берүүдө евроазиялык концепцияны негиздөө жолу менен аны

жайылтуу;

– көркөм чыгармаларды интерпретациялоо максатында жаңы методикалык жолдорду өнүктүрүүнүн керектиги;

– кыргыз адабиятынын тарыхын камтыган чоң этапты интерактивдүү технологияларды колдонуу менен окутуунун мүмкүнчүлүгү;

– коомдун илимий-технологиялык жактан өнүккөн бүгүнкү этабында компетенттүү адистерди тарбиялоодогу чечимдерди сунуштоонун зарыл болуп жаткандыгы саналат.

Изилдөөнүн максаты – ЖОЖдордо кыргыз адабиятындагы проза жанрын (70-жылдагы повесттер) кредиттик технологиянын негизинде окутуунун теориялык жана методикалык негизин иштеп чыгуу жана өндүрүшкө сунуштоо.

Изилдөөнүн милдеттери:

– изилдөөнүн максатына ылайык, философиялык, адабият таануу, психологиялык, педагогикалык, методикалык адабияттардагы концептуалдык негиздерге талдоо жүргүзүү жана жалпылоо;

– кредиттик технологиянын негизинде жаңы кыргыз адабиятындагы проза жанрын окутууда интерактивдүү методдорду колдонуунун жолдорун үйрөтүү аркылуу анын маңызын аныктоо;

– кредиттик технологиянын негизинде кыргыз адабиятындагы проза жанрын окутууда өз алдынча иштерди аткаруунун методикалык системасын иштеп чыгуу;

– сунуштаган методикалык системаны жайылтуу максатында эксперименттик тажрыйбаларды жүргүзүү, алынган натыйжаларды анализдөө, жыйынтыктоо, өндүрүшкө сунуштоо.

Монографиянын илимий жаңылыгы:

– ЖОЖдордун кыргыз адабиятындагы проза жанрын (70-жылдагы повесттер) кредиттик технологиянын негизинде окутуунун биринчи жолу илимий-методикалык аспектиде каралгандыгында;

– илимий тажрыйбага таянылып ЖОЖдордо кыргыз адабиятын кредиттик технологиянын негизинде окутуунун жоболору иштелип чыгылгандыгында;

– ЖОЖдордо кыргыз адабиятын кредиттик технологиянын негизинде окутууда интерактивдүү окутуунун жолдору иштелгендигинде;

– педагогика, психология, адабият таануу илиминдеги концепциялар изилденген темага ылайыкташтырылып аныкталып, системалаштырылгандыгында;

– изилдөөдөн алынган натыйжалар, аныктамалар, педагогикалык принциптер системалаштырылып, ЖОЖдор үчүн сунушталгандыгында.

Изилдөөдөн алынган натыйжалардын практикалык мааниси:

– ЖОЖдордо кыргыз адабиятын кредиттик технологиянын негизинде окутуу боюнча анализге алынган илимий-теориялык булактар студенттер, илимий изилдөөчүлөр үчүн илимий таяныч боло алгандыгы;

– изилдөөнүн объектисиндеги прозалык чыгармалар студенттердин ички жан дүйнөсүндөгү асыл баалуулуктарды калыптандырып, андан ары өнүгүп- өсүүсүнө жардам берүү менен ага тарбиялагандыгы;

– кыргыз адабиятын интерактивдүү окутуудагы колдонулган стратегиялар студенттердин эртеңки кесипкөй адис болуп чыгышына жакындан көмөк болгондугу;

– изилдөөнүн мазмуну – ЖОЖдордо окуу китеби катары пайдаланууга мүмкүнчүлүктүн бардыгы.

Изилдөөчүнүн жекече салымы:

– ЖОЖдордо кыргыз адабиятын кредиттик технологиянын негизинде окутуу менен студенттердин чыгармачылык ой жүгүртүүсүн жогорулатып, компетенттүү, заманбап, кесипкөй адис болуусунун жоболору иштелип чыккандыгы;

– XX кылымдагы кыргыз адабияты (портреттер) предметинен жаңы муундун программасы, окуу-усулдук колдонмолор илимий-методикалык негизде аныкталгандыгы;

– алынган натыйжалардын баалуулугу жана өндүрүшкө сунушталгандыгы.

Изилдөөнүн натыйжаларынын жарыяланышы, апробацияланышы: изилдөөнү негиздеген жана андан алынган натыйжалар илимий-практикалык, республикалык конференцияларда Кыргыз-Өзбек университетинин Илим, билим жана техника журналында (2008-ж.), Ош мамлекеттик университетинин Жарчысына (2014-ж., 2015-ж.), Кыргыз билим берүү академиясынын Кабарларына (Бишкек, 2015-ж.), А. Осмоновдун 100 жылдыгына карата Ж. Баласагын атындагы КУУнун Жарчысына (2015-ж.) “Психология педагогика XX века: теория, практика и перспективы” аттуу IV эл аралык илимий-практикалык конференциянын материалдары Интерактив плюс журналына (Чебоксары, 2015-ж), “Образование и наука в современных условиях” аттуу VI эл аралык илимий практикалык конференциянын материалдары Интерактив плюс журналына (Чебоксары, 2016-ж.), “Маданияттар аралык байланыш: тил, адабият, котормо жана журналистиканын билим берүүдөгү орду” аттуу VIII эл аралык илимий-практикалык конференциясында баяндамалар жасалып жалпысынан он

бир макала, студенттер үчүн эки окуу-усулдук колдонмо (Ош, 2014-ж., 2015-ж.) жарык көрдү.

Изилдөөнүн базалык негизи катары Кыргыз-Өзбек университети, Жалал-Абад мамлекеттик университети, Баткен мамлекеттик университетинин алдындагы социалдык-педагогикалык институту тандалып алынды. Коюлган милдеттерди чечүү үчүн теориялык жана практикалык жоболорду бирге алганда изилдөө 2012-2015-окуу жылдарында эксперименттик сыноо иштерибиз үч этапта жүргүзүлдү.

# ЖОЖДОРДО КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫН КРЕДИТТИК ТЕХНОЛОГИЯНЫН НЕГИЗИНДЕ ОКУТУУНУН ЖАЛПЫ МАСЕЛЕЛЕРИ

## 1-§ Билим берүү –системасында болдонья процесси жана кредиттик технологияны колдонуунун зарылдыгы жана милдеттери

Жогорку окуу жайларындагы негизги системалардын бири – ЖОЖдо билим жана тарбия берген окутуучулук жамаат менен бирге билим, тарбия алган студенттик жамаат эсептелет. Учурда билим берүү тармагында жүрүп жаткан реформалар, жаңылануулар ЖОЖдун алдына коомдун мындан аркы өнүгүшүнүн талаптарына ылайык студенттерге билим жана тарбия берүүнүн так, ачык концепцияларын аныктоо, методологиялык негиздерин тактоо сыяктуу талаптар коюлууда. Бул талаптарды алдынкы планга алып чыгуудагы эң негизги максат – ар кандай көрүнүштөргө, кубулуштарга, чөйрөгө, коомдук, социалдык маселелерге өз бет алдынча активдүү мамиле жасай билген, ар тараптан өсүп жетилген адамды коом үчүн өндүрүшкө тарбиялап чыгаруу процессин камсыз кылуу болуп саналат. Анткени бул маселени турмуштун өзү талап кылууда. Кандай гана предметтин мазмуну болбосун, билим берүүчү мекемелер инсанга билим жана тарбия берүү милдетин көздөшөт. Себеби педагогика–бул тарбиялоо, окутуу жана билим берүү жөнүндөгү илим. Ал эми методика–педагогика илиминин бир тармагы. Демек, окутуучу кайсы гана предметти окутпасын, инсан менен төмөндөгү 3 багыт боюнча иш алып барат. Алар:

1. Окутуу – бул мугалимдин жана окутуучунун жетекчилиги астында инсандын билимге, билгичтикке жана көндүмгө ээ болуусу. Ошонун негизинде таануучулук жана чыгармачылык жөндөмдүүлүгүн, дүйнөгө болгон көз карашын калыптандыруу;
2. Билим берүү – системалуу түрдөгү билим, билгичтик көндүм, алардын системалаштырылган туундусу, мамлекеттин жаранга берген илимдеринин жыйындысы;
3. Тарбия берүү – бул коомдун таламдарына ылайык максаттуу түрдө жеке инсандын калыптанышын ситемалуу түрдө башкаруу.

Ал эми жогорку мектептин дидактикасы педагогика илимдеринин өзгөчө бир салаасы болгондуктан, окутуу процессинде жеке өзүнө гана тиешелүү спецификалык өзгөчөлүктөргө ээ. Алар:

– жогорку мектепте илим өнүгүү абалында үйрөтүлөт.

Илимдердеги окуу жана илимий башталыштар жакындашат;

– окуу жана илимий таанып-билүүнүн биримдиги. Окумуштуу-педагог жеке студентти окутуп, окуу процессин гана уюштурбастан, өзү окуткан илимдин активдүү изилдөөчүсү да болот;

– студенттердин өз алдынча окуп, таанып-билүү ишмердүүлүктөрүнүн жогорку активдүүлүгү жана анын изилдөө иштери менен жакындашы.

– Бардык илимдердин жана окуу дисциплиналарын окутуунун кесиптик багыттуулугу [1, 5-б].

Аталган багыттарды иш жүзүнө ашыруу ЖОЖдо эмгектенген ар бир окутуучунун милдети гана болуп саналбастан, бул милдетти ишке ашырууда ЖОЖдо кыргыз адабиятын окутуунун методикасы кандай илимий-методологиялык негизге таянып иш жүргүзүүдө деген суроо туулат. Бул позицияга жооп издегенибизде, азыркы мезгилде коомдогу тарбия жана билим берүү атайын түзүлгөн педагогикалык системалар аркылуу иш жүзүнө ашырылат жана бул системалар педагогика илиминин негизи болуу аркылуу өтө татаал изилдөө объектиси болуп саналгандыгы менен өзгөчөлөнөт. Анткени ал системанын элементтеринин бири-бири менен болгон туруктуу байланыштары алардын структурасын түзөт. Ишмердүүлүгү катары белгилүү бир максатка баш ийдирилген аракеттеги структуралык түзүмдөн анын системасы келип чыгат. Ишмердүүлүктүн тигил же бул түрүн биргелешип аткарууга катышкан жана алардын максаттарын иш жүзүнө ашырышкан адамдар ошол системаны түзүшөт. Коомубуздагы билим берүү максатын иш жүзүнө ашыра турган бул система – билим берүү системасы болуп саналат. Кыргызстанда билим берүү системасы бири-бири менен тыгыз байланыштагы:

– мамлекеттик билим берүү стандарты;

– билим берүү мекемелери;

– башкаруу бөлүмдөрү сыяктуу бөлүктөрдөн турат.

Мамлекеттик билим берүү стандарты ар бир билим берүү мекемесинин окуу программасынын мазмунун аныктайт. Мамлекеттик стандарт жалпы жана кесиптик билим берүү болуп экиге бөлүнөт.

**Жалпы билим берүү программасы:** мектепке чейинки билим берүү; башталгыч билим берүү (1-4-класс); негизги билим берүү (5-9 класс); орто (толук) билим берүү (10-11-класс) болуп бөлүнөт.

Ал эми кесиптик билим берүү программасы:

– баштапкы кесиптик билим берүү;

– ортоңку кесиптик билим берүү;

– жогорку кесиптик билим берүү;

– атайын кесиптик билим берүү болуп бөлүнөт.

**Билим берүү мекемелерине:**

– мектепке чейинки (бала-бакчалар);

– жалпы билим берүү (башталгыч, негизги жана орто окуу жайлары);

– кесиптик билим берүү (башталгыч, орто, жогорку, жогорудан кийинки);

– кошумча билим берүү (балдарга, чоңдорго факультатив курстар, семинарлар.);

– коррекциялык атайын билим берүү (өнүгүүсү артта калган балдар үчүн);

– жетим балдар жана кароосуз калган балдарга билим берүү кирет.

Азыр Кыргызстанда жалпы билим берүү мектептерден башка гимназия, лицей, колледж, тереңдетилген билим берүү мектептери, автордук мектептер, «Бала–бакча–мектеп», «Мектеп–ЖОЖ» деген комплекстер, жогорку билим берүүчү күндүзгү, сырттан окуу, дистанттык мекемелер иштейт. Азыркы мезгилде республикабызда болонья процессине, сааттарды кредиттештирүүгө бардык ЖОЖдор жана атайын орто окуу жайлар өтүшкөндүгүн белгилөөгө болот.

Баарыбыздын көңүлүбүздү бурган болондук процесстин негизги максаттарынын бири – академиялык жана профессионалдык мобилдүүлүктү өстүрүү болуп саналып, анын негизги максаты катары жарандардын өздөрүнүн мүмкүнчүлүктөрүн толугу менен ишке ашыруусун камсыздоо, билим алуу жана аларды келечектеги ишмердүүлүгүнүн чыгармачылык активдүүлүгүн жогорулатуунун ийгиликтүү болуусун камсыздоо катары эсептелет. Дагы бир өзгөчөлүгү, жогоруда белгилегендей, маселелердин зарыл шарттарын ишке ашырууда алган билимдердин жогорку деңгээлдеги сапаты жана өз алдынча билим алуу тракториясында Европада эркин аралашуу мүмкүнчүлүгүн тандоо болуп саналгандыгы. Ошондой эле бирдей билимдик мейкиндиктин калыптануусу КМШ мамлекеттеринин мүчөлөрүнүн алдында коюлгандыгы. Ага карабастан КМШ мамлекеттеринин аймагында бюджеттик студенттердин жана окутуучулардын арасында чыныгы академиялык мобилдүүлүк толугу менен сакталбагандыктан, көптөгөн ЖОЖдордун башкаруучулары үчүн кредиттик системаны киргизүү экзотикалык жана керексиздей туюлууда [98, 4-5-бб.].

Мезгилдин талабына ылайык, кредиттик системаны киргизүү зарыл экендигин Европалык мамлекеттердин тажрыйбасы көрсөтүүдө. Кыргызстандын ЖОЖдорунда төмөнкүдөй суроолордун үстүндө ойлонуу зарылдыгы туулууда:

– жаңы окуу пландарын иштеп чыгуу жана өркүндөтүү;

– эмгекке ылайыктуулугуна негиздөө жана аны тандоо;

– маалыматтык жана укуктук нормативдүү документтерди иштеп чыгуу жана өркүндөтүү;

– окутуучу-профессорлордун окуу жүктөрүнүн окуу-методикалык эсеп-кысабы жана буга байланыштуу экономикалык проблемалар.

Окуу процессинин процедурасын уюштуруу жана административдик жактан башкаруунун маселелери КРнын Билим берүү министрлигинин катышуусу менен Европалык комиссиянын долбоорунун негизинде иштелип чыккан. Ал улуттук кредиттик системада окутуунун биринчи кадамдары болгондуктан, ар кандай сунуш-пикирлерге муктаж экендиги закон ченемдүү көрүнүш. Чындыгында, кредиттик системаны ЖОЖдордун окуу процессинде анын структуралык бөлүмдөрүндө колдонуунун технологиясын кайрадан карап чыгуу зарыл. Материалдык-техникалык базаны күчөтүү, методикалык жана маалыматтык камсыздандырууну өнүктүрүү, жогорку профессионалдык билим берүү структурасын коомдук социалдык-экономикалык талаптарына ылайык оптимизациялоонун керектиги зарыл шарттардан.

Изилдөөнүн максатына ылайык, адагенде бул процесс кайдан келип чыкты, анын канчалык деңгээде билим берүү системасына жана жалпы кыргыз элибиздин өнүгүшү үчүн керек деген маселенин тегерегинде ой жүгүртөлү. Ал үчүн болонья процессинин жаралуу тарыхына токтолууга туура келет. Бул маселеде К.С. Boобекованын “Болонья процесси жана кредиттик система” (2005-ж.) деген атайын мугалимдер үчүн жарык көргөн колдонмонун мазмунуна кайрылууга туура келди. Анткени ал эмгекте бул маселеге байланыштуу чет элдик илимпоздордун ой - пикири кенен чагылдырылган. Башкача айтканда, Европа Биримдигине кошулган өлкөлөрдүн максат, милдеттери боюнча аткарылуучу баалуу көрсөтмө, багыт, иш-чаралар, жоболор тууралуу негизги маселелер кенен берилгендиктен, негизги таяныч ушул эмгекке жасалды. Анда Европа Биримдигине мүчө болгон өлкөлөрдүн билим берүү тармагында берилген билимдин сапаты заман талабына ылайык болбой жаткандыгы өлкөнүн келечегин ойлогон ар бир мекендешибизди ойлондуруп жаткандыгы белгиленүү менен, ушундай

кырдаалдан чыгууда болондук процессти билим берүү системасына киргизүү негизги каражат катары каралган. Анткени бул процесстин негизги максаттарынын бири– академиялык жана профессионалдык мобилдүүлүктү өстүрүү жана жарандардын өздөрүнүн мүмкүнчүүлүктөрүн толугу менен ишке ашыруусун, билим алуу жана аларды келечектеги ишмердүүлүгүнүн ийгиликтүү болуусу үчүн камсыздоо болуп саналган. Бул маселелерди чечүүдө, дайыма өзгөрүп турган абалга ыңгайлаша алган, түрдүү көндүмдөргө ээ (ар тараптуу өнүккөн), интеллектуалдык негизи жогору, керектүү билим булактары менен азыктанган, ар дайым үйрөнүүнү жана билим алууну каалаган атуулдардын даярдалышы жана аларга билим берүү өзгөчө маанилүү орунда тураары белгиленген. Дагы бир өзгөчөлүгү жогоруда белгилеген маселелерди зарыл шарт катары ишке ашырууда алынган билимдин жогорку деңгээлдеги сапаты жана өз алдынча билим алуу траекториясында Европада эркин аралашуу мүмкүнчүлүгүн тандоо болуп саналган. Башкача айтканда, бирдей билимдик мейкиндиктин калыптануусу КМШ мамлекеттеринин мүчөлөрүнүн бардыгына тиешелүүлүгү кабылданган [98].

Кыргызстандын Болондук декларацияга кошулушу кредиттик системанын жогорку мектептерге кириши учурда эң керектүү кадамдар катары таанылууда. Анткени акыркы жылдары республикада көптөгөн ЖОЖдордо кредитти колдонуу боюнча белгилүү бир тажрыйба топтолгондуктан, ЖОЖдордо «предпренимателдер» (ишкана ээси) бар деген маалыматты далилдеп, Кыргызстандын билим берүү системасын дүйнөлүк аренага таанытууда. Ага карабастан ар бир ЖОЖ чет элдик өнөктөш ЖОЖдордун кредиттик системасынын негизинде өздөрүнүн «шарттуулугун» колдонушаарын эстен чыгарбашыбыз керек. Андай дегенибиз, америкалык кредит-саат схемасы АУЦАда, К-ТУ «Манас» университеттеринин окуу процессинде жүргүзүлсө, КНУ, БФЭА, МУКка окшогон башка ЖОЖдордо Франция, Голландия, Италия ЖОЖдорунун европалык өнөктөштүк системасы киргизилсе, ал эми көп ЖОЖдордо адаптацияланган казак-америкалык система жайылууда. Белгилей кетүүчү нерсе, КРнын Билим берүү жана илим министрлиги бул маселе боюнча жалпы принципти жана өз ара байланышууну иштеп чыгуу максатында 2004-2005-окуу жылынан баштап этап менен кредиттик системада окутууга өттү [31]. Азыркы учурда экономикалык кредиттик системанын багытындагы бакалаврлар даярдалууда. Бирок кредиттик системаны ЖОЖдордогу окуу процессинде жүргүзүүнү жана ар кандай структуралык бөлүнүүнү

кайрадан карап чыгуу зарылдыгы туулууда, анткени материалдык-техникалык базаны күчөтүү, методикалык жана информациялык камсыздандырууну өнүктүрүү, жогорку профессионалдык билим берүү структурасын оптимизациялоонун керектиги талап кылынууда [2].

Болон процессинин жаралуу тарыхына кайрылсак, 1999-жылы Европа Биримдиги Парламентинин чогулушунда швециялык декан «мамлекетке көз каранды Европа университеттеринин доору бүттү» деп, Европадагы ЖОЖдорду өзгөртүүнүн зарылдыгын сунуштаган. Чындыгында Борбордук Азия өлкөлөрүндөй Кыргызстандын билим берүү системасында да абал ошондой болуучу. Ошондуктан бул шарттан чыгуунун бирден бир жолу Болонья процессине өтүү эле [31].

«Болон процесси» термини XI кылымда, б.а., 1088-жылы курулган дүйнөдөгү эң эски университеттердин бири болгон Италиядагы Болонья университетинин атына байланыштуу келип чыккан.

1988-жылдын 18-сентябрында Италиянын Болонья шаарындагы Болонья университетинин 900 жылдыгына Европанын түрдүү университеттеринин 430 ректору «Магна чарта» келишимине кол коюшу менен төмөндөгү маселелерди биргелешип чечүүгө макулдашышкан:

– 2000-жылга чейин, адам баласынын келечегин түзгөн маданий, илимий жана технологиялык өнүгүүлөр университеттер аркылуу ишке ашырылгандыктан, илим изилдөө борборлорун уюштуруунун зарылдыгы;

– келечек үчүн керек болгон коомдук, экономикалык, социалдык, тармактар менен бирге, билим берүүгө олуттуу инвестицияларды жасоонун керектиги.

«Магна Чарта» келишиминен 11 жылдан кийин 1999-жылынын 19-июнунда Европадагы 29 өлкөнүн Билим берүү министрлери Болонья декларациясына кол коюшкан. Министрлер 2010-жылга чейин бири-бири менен ыңгайлашып, жана бири-бирине байланыштуу иштеп, Европа ЖОЖдорунун бирдиктүү системасын турмушка ашыруу максаттары боюнча келишим түзүшкөн. Кол коюлган болонья декларациясында төмөндөгү милдеттерди аткарууга басым жасашкан:

– дипломго кошумча барагынын кошо берилиши менен бирге, университеттер арасында бирдиктүү бир структураны түзүү;

– 3 жылдан аз эмес мөөнөттүк бакалавр жана магистр даражаларынын бүт Европа өлкөлөрүндө кабыл алынуусу;

– Европа Кредит Ташуу Системасынын (ECTS) бүт Европа аймагында жайылтуу менен бирге бул маселени бүт аймакта өмүр бою

үйрөнүү маселесине көңүл бурууну жакшыртуу;

– жогорку билим берүү тармагында сапаттуу өзгөчөлүктө бирдиктүү Европа стандартын түзүү жана аны калыптандыруу;

– бардык бул иш аракеттердин башталышы үчүн тоскоолдорду жоюу;

– студенттердин жана мугалимдердин арасында эл аралык кыймылдуулукка түрткү берүү;

– ар бир өлкөдө берилген бакалавр жана магистр даражаларынын бүт Европа өлкөлөрүндө кабыл алынышы [31];

Ошентип, Болонья декларациясынын билим берүү тармагында кабыл алынышы жана көптөгөн маселелерди чечүүгө жасалган аракеттердин башталышы болгондуктан Болонья процесси деп аталып калган. Анын өзгөчөлүгү – Европа аймагында жогорку билим берүү системасында реформаларды жасоого арналган процесс болуу аркылуу университеттердин башкаруу системасынын жаңыдан курулуусуна ылайыкталгандыгы менен тарыхка кирди.

Европа Биримдиги жогоруда белгилеген маселелерди жүзөгө ашыруу үчүн бирдиктүү билим берүү программалары иштелип чыгылган, ошолордун бири СОКРАТЕС программасы болуп эсептелет. Ал программанын негизги максаты–тарбияланып жаткан инсандардын мекенге болгон патриоттук-атуулдук сезимин калыптандыруу болуп саналат. Мекенибиздин жарандарынын ар биринин ички психологиясында бул мүнөздүк касиеттин калыптанышы үчүн адегенде бардыгын билим алууга тартуу жана ал сапаттардын үйрөнүлүшүнө жардам берүү биринчи максаттардан. Европа Биримдиги негиздеген билим берүүнүн бардык баскычтарын камтыган СОКРАТЕС программасын топтук иштөө, студенттерди, ассистенттерди, мугалимдерди жана курсанттарды алмашуу, биргелешип проекттерди түзүү, пикирлерди бөлүшүү, өлкөлөр арасында билим берүү тармагында академиялык кыймылдуулукту арттыруу, тажрыйба алмашуу, ийгиликтүү жана жаңы практикаларды пайдалануу үчүн билим торчосун, интернет сайтын куруу аркылуу биргелешип иштөө, салыштырып анализдөө боюнча кызматташтыкты күчөтүү сыяктуу формаларда турмушка ашыруу максаттары пландаштырылган. Анын негизги ички мазмуну төмөнкүлөр:

**1. Комениуста –** башталгыч жана орто мектепте билим берүү; мугалимдердин билимин жогорулатуу курстарынын, ар тараптуу интернет сайттардын ачылышы, биргелешкен кадрларды

активдештирүү маселелери камтылат; (Европада көбүнчө башталгыч билим берүүчү мектептер менен орто мектептер өз өзүнчө иштешет).

**2. Ерасмуста –** ЖОЖдордун окуу программалары ичине үч иш чараны камтыйт:

– Европа университеттеринин арасында өз ара кызматташтыкты;

– ар кайсы же бир эле өлкөдөгү университеттердин студенттеринин же мугалимдеринин алмашуусун;

– тематикалык, тармактык байланыштарды түзүүнү.

**3. Грандтвичте –** өспүрүм куракка жетилгендерге, чоңдорго орто билим берүү жана башка билим берүү жолдору, ар кандай курстар, экинчи кесип берүүчү мектептер, үзгүлтүксүз билим берүүчү институттарды камтыйт.

**4. Лингуада** – Европа тилдерин үйрөтүү; башка өлкөнүн атуулдарына аймакта колдонулган жана өлкөнүн расмий тилин үйрөтүү максаты көздөлөт.

**5. Минверада –**билим берүү тармагында маалымат жана байланыш технологиясы үйрөтүлөт.

**6. Байкоо жана жаңылыктарда –** билим берүү системаларына жана саясаттарына байкоо жүргүзүү менен изилдөө иштери жасалат.

**7. Өз ара кызматташтыкта –**башка билим берүү программалары менен чогуу жүргүзүлгөн иш -чараларынын камтылышы.

**8. Көз салууда –** көңүл буруу, текшерүү иш - чаралары камтылат.

Жогоруда белгиленген 8 программанын ичинен өзгөчө Ерасмус программасына басым жасоого туура келет. Анткени бул программа Европалык Жогорку билим берүү тармагындагы окуу программасын практикалоо чечимин кабыл алынганга чейинки көптөгөн маанилүү баскычты басып өткөн программа болуу менен СОКРАТЕС программасынын экинчи бөлүгү болуп саналат. Анын өзгөчөлүгү СОКРАТЕСтин Жогорку билим берүү бөлүмүнө тиешелүү болуп, аны ишке ашыруу 2000-2006-жылдарга чейин пландалган [31].

ЕРАСМУСтун негизги максаты – Европага жаңы акыл көчүн алып келүү, билим берүүнүн сапатын жогорулатуу деңгээлин көтөрүү, Европанын түрдүү өлкөлөрүндөгү жетишкендиктерди кабыл алуу жана аны колдонуу. «Студенттерди Европага алып келүү, Европаны бүт студенттерге алып баруу» ЕРАСМУСтун негизги урааны. ЕРАСМУСка адегенде 28 өлкө кирсе, азыр алардын саны 2200дөн ашык болуп, алар төмөнкү иш-чараларды колдошот:

– Европа аймагында жогорку билим берүүнүн сапатын

жогорулатуу жана чындоо;

– университеттер арасындагы эл аралык кызматташтыкка колдоо көрсөтүү;

– студент, курсант, ассистент, изилдөөчүлөр жана мугалимдерди алмашуу;

– 3-12 айлык курсттарды уюштуруу, студенттерге стипендия берүү (Ерасмус стипендия берген программа болбосо да, студент барган өлкө өз мүмкүнчүлүгүнө карап студентке жардам берет);

– билим берүү программаларынын өнүгүүсү үчүн биргелешип иштөө жана буга байланыштуу бирдиктүү долбоорлорду түзүү;

– бул иштерден жана долбоорлордон алынган жыйынтыктарды жайылтуу жана турмушка ашыруу;

– Европа өлчөмүндө Бүтүндөй Европадагы жогорку окуу жайларында факультеттер жана бөлүмдөргө тиешелүү стандарт маалымат-сайттарды уюштуруу;

– тил үйрөтүү жана интенсивдүү курстар; кесибин өркүндөтүү жана тажрыйба алмашуу курстарын уюштуруу;

– Европа Кредит Ташуу Системасына колдоо көрсөтүү;

– билим үчүн бир өлкөдөн экинчисине барып келүү; билим жана маданиятта тажрыйба алмашуу;

– магистр жана докторантура программаларын бирдей деңгээлде түзүү;

– жайкы мектептерди уюштуруудан туруп, бардык ЖОЖдордо ар баскычта билим алууга ылайык ачык программа катары кабылданган.

## 2-§ Кредиттик окутуу технологиясынын маани - маңызы, окуу пландарынын формалары жана силлабустардын структурасы

«Кредит» термини «банктардан белгилүү бир мөөнөт үчүн алынган кандайдыр бир суммадагы акча же кымбат баалуу асыл таш» деген түшүнүк катары таанылып, «карыз» маанисинде эмес, «убактылуу алынып жана кийинчерээк кайтарылып бериле турган, төлөнүшү керек болгон баалуу нерсе» дегенди билдирет. Ал эми билим берүү системасындагы «кредит», «сабактардын кредити», «кредиттик системада билим берүүгө өтүү» деген сыяктуу сөздөр эмнени түшүндүрөт? Кредит технологиясы – бул студенттин дисциплиналарды тандоосуна жана аны окуп үйрөнүүнүн удаалаштыгын өз алдынча аныктоого негизделген окутуу (б.а., ар бир студенттин өздүк окуу

планы болот). Мында студенттин жана окутуучунун окуу иштеринин көлөмү өлчөөнүн бирдиги – кредит менен ченелет [98, 4-5-бб.].

Кредит – ЖОЖдо толук академиялык окутууну аяктоо үчүн иштин жалпы көлөмүнө карата ар бир окуу курсунун (дисциплинанын) үстүнөн жүргүзүлүүчү зарыл жумуштардын көлөмү, б.а. лекциялар, практикалар, семинарлар, СӨАИ, билимди текшерүүнүн формалары [1].

Эгер буга чейин сабактын сааты эсептелинсе, ал сабактардын сааттарын кредиттик системага өтүүдө ошол сааттар кантип кредит катары эсептелинет? Бул суроого жооп берүүдө ал төмөнкү шарттарга:

**Окуу планында сабак саатынын «кредит» менен таанытылуусу жыл эмес, жарым жылды бүтүрүүгө негизделгендиги;**

– Сабактардын жана сааттарынын саны (жүктөм) азайтылгандыгы;

– Сабак тандоо боюнча жүргүзүлүп, практикалык сабактардын саны көп болуп, студенттерге изилдөө мүмкүнчүлүгү түзүлгөндүгү деп белгиленет [31]. Кредиттик система боюнча, сабактар жалпы программа ичинде алган орду, мөөнөтү, сабактардын сааты жана ага корогон эмгек, убаракерчилик эске алынып, алардын теориялык, семинар же практикалык, лабораториялык ж.б. экенине карата өзгөрүп кредиттелинет. Мисалы, кыргыз тили жана адабияты бакалавр багытынын окуу планында XX кылымдагы кыргыз адабиятынын (портреттер) дисциплинасы 7-8-семестрлерде окутулуп, жалпы: 50 саат лекция, 32 саат практикалык сабак, 68 саат студенттердин өз алдынча иштөөсүнө бөлүнгөн. Жалпысынан: 150 саат бөлүштүрүлүп, 5 кредитти түзөт. Ал эми кыргыз адабиятынын тарыхы дисциплинасы 6-семестрде окутулуп 38 саат лекция, 26 саат практикалык саат, 56 саат студенттердин өз алдынча ишине бөлүнүп жалпы: 120 саат болуп, 4 кредитти түзөт. Демек, жумасына 3 саат болгон теориялык бир сабактын (лекция) кредити 3, эгер жумасына 4 саат болгон бир практикалык (лабораториялык) сабактын кредити 2 саат болушу мүмкүн. Теориялык сабактын (лекция) кредит саат өлчөмү, бир жумада канча саат болсо, ошончого барабар. Себеби окутуучудан сабакка даярданууда эч болбосо ушул сабакты түшүндүрүүгө кеткен убакыттан эки эсе көп убакыт жана убаракерчилик талап кылынат. Студенттин өз алдынча изденүүгө убактысы калсын деген максатта кредиттик системада сабактардын саны менен сабак жүгү азайтылган. Ар бир семестрдин башында сабактардын силлабустары жазылып кафедраларга жана деканатка тапшырылат. Себеби окутуучу ар бир

семестрдин башында студенттерге сабактын маани-маңызы боюнча маалымат берүүгө милдеттүү. Семинардык ж.б. иш-аракеттерге тиешелүү сабактардын кредити, бир жумада өтүлгөн сааттардын жарымына барабар. Ал эми кээ бир сабактардын студенттин орточо баасына, баа ортолмосуна эч таасири болбойт. Андай сабактар «кредитсиз сабактар» деп аталат. Булар көбүнчө жалпы билим берүүчү сабактар болушу мүмкүн. Мисалы: тарых, философия, социология ж.б. Булардын теориялык сааты жазылса да кредити жок деп белгиленет. Бирок студентке ал сабактын дипломго жазыла турганын түшүндүрүү керек. Баа ортолмосуна (орточо баага) таасири болбогондон кийин жогорку балл алуу анча деле кызыктырбашы мүмкүн. Ал эми XX кылымдагы кыргыз адабиятынын (портреттери) кредити жогору, башкача айтканда, 5 кредиттүү болгондуктан бул сабактан алган баасы студенттин ийгилигине таасир этет. Демек, кредиттик саат–берилген предметке сарпталуучу убакытты көрсөтүү менен, окутуу убактысына негизделген чен деп белгилөө аркылуу ал кандай өзгөчөлүктөргө ээ экендигин айкындап көрсөтүүгө туура келет. Бул позицияда, ЖОЖдордо студенттин билим алуусун жогорку деңгээлге көтөрүү аркылуу анын “үйрөнүү”, “билүү” деңгээлин активдештирүү, ишмердүүлүгүн калыптандыруу, маселени чечүү, өз алдынча ойлонууга, чыгармачылык менен иштөөгө шарт түзүү–кредиттик системанын башкы максаты болуп саналат. Бул максатка жетүү үчүн кредиттик системада:

Биринчиден, тандоо сабактарынын саны артат. Мисалы филологиялык билим берүү багытындагы кыргыз тили жана адабияты профилинде окуган студенттерге XX кылымдагы кыргыз адабияты (портреттери) предмети милдеттүү түрдө окуу планы боюнча окутулгандыктан, предмет боюнча кеңири түшүнүк берүү жана алуу шарт. Окутуучунун берген билиминин жыйынтыгында студенттер каалаган темасын тандоосу жана кызыккан темалары боюнча изилдөө ишин жүргүзүү үчүн убакытка ээ болуу мүмкүнчүлүгү түзүлөт. Кредиттик система боюнча окуп бүткөн студенттин кийин изилдөөчүлүк жөндөмү артып, чыгармачылык жигери активдешет. Баарын билбесе да, жалпы жонунан проблема чечүүнүн технологияларын жана методологиясын билип, өзүнө керек болгон нерселерди өз убагында үйрөнө алат, теориялык жактан кыйынчылыктарды (билим жагынан) жеңип, аны чечүүнүн жолдорун издеп, ага жол таба билген инсан катары калыптанат. Ал инсандын өзгөчөлүгү–өз алдынча пландаган иш-аракеттерин жана изилдеген

темаларынын жыйынтыктарын анализдеп, салыштырып, аны жазуу жана оозеки түрдө толук кандуу, интеллектуалдуу деңгээлде түшүндүрө алган инсандардан болгондугу. Студенттердин ушул сыяктуу артыкчылыктарга ээ болгондугунан улам кредиттик системага өтүү билим берүүнүн сапатын түздөн түз өзгөртүүгө көмөк берет деген тыянакка келүүгө түрткү берет. Дагы бир белгилөөчү нерсе, кредиттик системада төмөнкү мүмкүнчүлүктөр аткарылат: Биринчиден, студент чыгармачылык жактан активдүү болуп, өз келечегин өзү белгилеп, калыпка салуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болот. Студенттин мындай ийгилиги кредиттик система боюнча окууда жылдык эмес, жарым жылдык негизге таянылат да алынган баа кредитке жараша болот да, ар бир предметти окуп бүтүшүнүн аягында студенттерге анын орточо академиялык ийгилиги (бүт бааларынын ортолмосу же орточо баа) тууралуу маалымат берилет. Кредиттик системаны ишке ашыруу эрежесине ылайык жыл башында студентке окуу планы боюнча сабактын лекция, практика ж.б. болуп, кандай формада канча саат өтүлөөрү билдирилет жана ар бир сабактан кийин өз алдынча даярданууга суроолор, семинарлардын, тапшырмалардын темалары адабияттар менен кошо берилет жана бөлүштүрүлөт, силлабустар таратылат, сабактын максаты, милдеттери айкындалып көрсөтүлөт. Сабактардын ар бирине код берилиши, ар бир сабактын кайсы группага кирээрине жана алардын бүт республикада бирдей же жакын код менен кабыл алынып, бирдей мазмунда болушуна өбөлгө түзөт. Бул өзгөчөлүк, университеттердеги бирдей факультеттерде сабактардын (дисциплиналардын) арасында айырмаларды азайтып, студенттер арасында академиялык кыймылдуулукту жеңилдетет, тажрыйба алмашууга мүмкүнчүлүк түзүлөт. ХХ кылымдагы кыргыз адабиятынын (портреттери) коду бакалаврдык окуу планы боюнча В.4.12 деп берилген. Сабактарга код берүүдө жарым жылдыктарга көңүл бурулат. Биринчи, үчүнчү, бешинчи, жетинчи жарым жылдыктагы сабактар так сандар менен берилет. Ал эми жазгы семестрдин сабактары жуп сандар менен берилет. Сабактардын коду ал сабактын кайсы курста окутулганына жараша да жазылат. Биринчи курстан баштап 100, 200, 300, 4-курста 400 менен башталган сандар берилип, ал эми магистратурада 500-600 менен башталса, аспирантурада 700 менен башталышы мүмкүн. Коддорду белгилөөдөгү тамгалар сабактын тобуна жараша бериле берет. Кредиттик системага өтүүдөн мурда сабактардын кредитинин эсептелишине, сабактардын мүнөздөлүп жазылышына, силлабус жазууга көңүл буруу керек.

Окуу процессин окутуунун кредиттик технологияларынын негизинде уюштуруунун тартиби, *биринчиден*, окутуунун кредиттик технологияларын колдонуп бакалаврларды даярдаган университеттин бардык структуралык бөлүмдөрүнө тиешелүү болгон жалпы жобого таянылат. *Экинчиден,* окуу процессин кредиттик технологиялар боюнча уюштуруунун негизги принциптерин колдонот, *үчүнчүдөн,* окуу процессин кредиттик технологияларды колдонуу аркылуу уюштуруу жана билим берүү программаларын өздөштүрүүнү модулдук-рейтингдик баалоо боюнча университеттин негизги документтерине таянат. Т*өртүнчүдөн*, университетте окутуу бакалаврларды, адистерди жана магистрлерди даярдоонун кесиптик жогорку билим берүү стандарттарына дал келүүчү программалары, ошондой эле Билим берүү жана илим министрлигинин атайын чечимдери менен бекитилген план, программалар боюнча жүргүзүлөт. Ал пландын үч формасы пайдаланылат. 1. **Базалык окуу планы**–милдеттүү түрдө студенттин тандоосу боюнча окутулуучу дисциплиналарды окуп-үйрөнүүгө бөлүнгөн кредиттердин санын жөнгө салат, практикалардын мөөнөтүн жана түрлөрүн аныктайт. 2. **Жумушчу окуу планы**–конкреттүү окуу жылы ичинде окуу процессин (анын ичинде окутуучулардын окуу иштеринин эмгек көлөмүнү эсептөөнү) уюштуруу үчүн кызмат кылат. 3. **Студенттин жекече окуу планы**–анын семестр үчүн же окуу жылы үчүн билим алуу программасын аныктап, көрсөтөт. Ошентип, ар бир багыт боюнча билим берүү программасы–окуу планынын жана ага киргизилген окуу дисциплиналары жана практикалар боюнча жумушчу программалардын жана силлабустардын жыйындысын камтыйт [87]. Мисалы:

Силлабус бул–дисциплинанын максат, милдеттерин, тематикалык планын, ар бир теманын окутулуш көлөмүн, кыскача мазмунун, өз алдынча иштөөгө тапшырмаларды, консультация алуу убактысын, аралык жана кезектеги текшерүүлөрдүн мөөнөттөрү, адабияттардын тизмеси, окутуучунун талаптары, баалоо критерийлери так көрсөтүлгөн студент үчүн түзүлгөн дисциплинанын окуу программасы.

**1. КОДУ. В.4.12.** XX кылымдагы кыргыз адабияты боюнча окуу программасы (Силлабус) мамлекеттик стандарттын негизинде улук окутуучу Г. Усарова тарабынан кыргыз тили жана адабияты филологиялык билим берүү багыты. Бакалавриат күндүзгү формасы үчүн иштелип чыгылды.

**1. Окуу жумушчу программасы** (Силлабус) КӨУнун 2012-жылдын 28-августунда болуп өткөн № 9 окумуштуулар кеңешинде бекитилип, басмага жана өндүрүшкө сунушталган.

Кафедра башчысы: доцент _______________

**3. Окутуучу жөнүндө маалымат–**

Илимий кызыкчылыгы–

**4. Байланыш маалыматы:**

Офиси, толук адреси. Телефон: 2-44-51.

**Киришүү**

Кредиттик системада окутуу окутуучулардын жана студенттердин окуу процессине болгон мамилесинин маңыз-мазмунун сапаттык жактан өзгөртүү менен бирге, студенттердин өз алдынча аткарган иштеринин натыйжалык деңгээлин жогорулатып, таануу ишмердигин аудиториялык сабактарда ар дайым чыгармачылык менен активдүү ишке ашырууга жетишилип жана аны башкарууну үзгүлтүксүз талап кылгандыгы менен өзгөчөлөнөт**.** Кредиттик системада окутуу окутуучулардын арасында окуу процессин ар кандай методдорду колдонууну өркүндөтүү менен бирге билим берүүдөгү жана алуудагы атаандаштыкты күчөтөт. Ошондуктан билим берүү системасы кредиттик окутуунун оң натыйжасын коомдук, социалдык өндүрүшкө сапаттуу адистерди реализациялоодон көрүү менен бирге анын сандык, сапаттык жогорулашына өбөлгө болгон жаңы жаш муундар үчүн окуулуктарды жана окуу-методикалык комплексттерди түзүүнү жана аны өндүрүшкө жайылтууну сунуш кылат.

**Силлабус (syllabus):**

– типтүү окуу программасынын негизинде окутула турган дисциплина боюнча жазылган негизги окуу-методикалык документ;

– окутуучу тарабынан белгилүү бир дисциплиналык курс боюнча иштелип чыккан иштелме;

– дисциплина боюнча түзүлгөн **syllabus** ар бир академиялык мезгилдин башталышында студентке таркатылып берилет;

– студент канткенде толук кандуу балл топтойт, же тескерисинче, ал баллды эмне үчүн топтой албай калгандыгы тууралуу себебин, баа коюунун критерийлерин так белгилеп көрсөтөт;

– белгиленген кредитти топтоо үчүн студент эмнелерди билүүгө жана аткарууга тийиш болгон зарыл шарттар аны аткаруунун жол-жоболорун көрсөтөт;

– студент үчүн зарыл болгон билимдерди кабыл алууда, ал пассивдүүлүктөн чыгармачыл активдүү көз караштагы кесипкөй адис болуп калыптанышына шарттарды түзүү үчүн атайын көрсөтмөлөрдү

берет.

Окуу жумушчу программасы (syllabus) атайын кабыл алынган формада дисциплина боюнча түзүлүп, анда:

– университеттин аты, кафедра, программанын аталышы, курстун аталышы, кредиттин саны, семестри көрсөтүлөт. Экинчи бетинде дисциплина боюнча түзүлгөн окуу жумушчу программасы (syllabus) кайсы типтүү программага негизделип түзүлгөндүгү, түзгөн окутуучу жөнүндө маалымат берилет. Программа (syllabus) кафедра тарабынан талкууланып бекитилип, университеттин окуу-методикалык кеңешинде жактырылып, университеттин окуу депортаменти тарабынан бекитилет. Жумушчу окуу программасы (syllabus) кафедрага тиешелүү ар бир дисцилина боюнча түзүлөт. Эгерде кафедрада бирдей аталыштагы дисциплиииналар ар кандай адистиктерге өтүлсө, анда кафедра жалпы бир жумушчу окуу программасын (syllabus) колдонуунуга мүмкүнчүлүк берүүнү аныктайт.

Дисциплинаны окуунун милдети студенттин ошол дисциплина боюнча алган билимине, аны талапка ылайык өздөштүрүүсүнө негизделип аныкталат. Билим берүү менен анын кайтарымы болгон өздөштүрүүгө коюлган талап, квалификациялуу мүнөздөгү адистиктерди даярдоонун жобо, талабына ылайык эки бөлөк максатталышы керек.

4. Дисциплинага кыскача мүнөздөмө берүү менен аталган курстун **пререквизити –** бул дисциплинадан мурда ушул дисциплинага байланыштуу өтүлгөн предметтердин аталыштары жана **постреквизити –** белгиленген дисциплинага байланыштуу кийин өтүлө турган дисциплиналардын аталыштарынын тизмеги көрсөтүлөт.

**«XX кылымдагы кыргыз адабияты (портреттер)» курсунун пререквизиттери**: кыргыз тили, табият таануу, мекен таануу, тарых, маданият таануу.

**XX кылымдагы кыргыз адабияты (портреттер)» курсунун постреквизиттери** аталган дисциплинага байланыштуу сөзсүз окутула турган дисциплиналар**:** тарых, ыйман, философия, дин таануу ж.б.

**5. Кредиттик сааттын саны –** кредит (экзамендик бирдик**)-** негизги кесиптик билим берүү программасынын эмгек сыйымдуулугунун шарттуу өлчөмү.

Аталган жумушчу программа жогорку кыргыз филологиясы факультетин бүтүрүүчү окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн тайпалары үчүн биринчи жолу түзүлдү. Окуу планында көрсөтүлгөндөй жалпы аудиториялык саат 5 кредит, анын ичинен **50 саат лекция, 32 саат**

**практикалык саат**, **студенттердин өз алдынча иштөөсүнө – 68 саат** бөлүштүрүлгөн.

**6. Өтүлүүчү датасы:** 4-курс. 2014-2015- жылдын 7-8-семестринде өтүлөт (Эскертүү: ар бир адистиктин окуу планына карата белгиленген семестрде өтүлөт).

**7. «XX кылымдагы кыргыз адабияты (портреттер)» дисциплинасынын максаты:** программанын негизги максаты – төмөнкү жалпы жана предметтик-адистештирилген компетенциялар аркылуу иштеп чыгуу:

– анализдөө жана синтездөө жөндөмдүүлүгү;
– практикада билимди кабыл алуу жөндөмдүүлүгү;
– убакытты пландаштыруу жана башкаруу;
– элементардык ык, машыгууларды компьютер менен иштөө;
– ык, машыгууларды маалыматтар аркылуу иштөө;
– кабыл алынган чечимдер;
– жамаатта иштөө;
– өз алдынча иштөө жөндөмдүүлүгү.

**8. «XX кылымдагы кыргыз адабияты (портреттер)» дисциплинасынын жалпы милдети:**

– илимди өркүндөтүү максатында негизги багытты тандап алуу, азыркы абалы жана келечектеги өнүгүшү;

– системалык түрдө мамиле кылууну эсепке алуу менен боло турган окуяларды анализдөөнү билүү;

– алган билимди практикалык жашоодо колдоно билүү, ар түрдүү типтеги суроолорду берүү жана жооп ала билүү;

– ар түрдүү тапшырмаларды аткарууда компьютерди колдоно билүүнү үйрөтүү;

– жамаатта башталгыч жөндөмдөрдү ишке ашыруу, тайпада ар түрдүү ролдордо мамиле ыкмаларды иштөө;

– башка бирөөнүн пикирин угууга жана баалоого үйрөнүү;

– өз алдынчалуулукту өнүктүрүү, өзүңдүн көз карашыңды далилдөө, ийгиликке умтулуу.

Кыргыз Республикасынын жалпы мамалекеттик билим берүү стандартынын талабына ылайык **«XX кылымдагы кыргыз адабияты (портреттер)»** дисциплинасы боюнча түзүлгөн силлабустан студент**:**

– XX кылымдагы кыргыз адабиятынын өнүгүшүнө салым кошкон акын- жазуучулардын өмүрү, чыгармачылыгы боюнча маалыматтарды;

– жазуучулардын чыгармаларынын идеялык-тематикасын;

– чыгармалардагы образдар системасын;

– акын-жазуучулардын кыргыз адабиятынын өнүгүшүндөгү ролун;

– чыгармалардын сюжеттериндеги, идеяларындагы баалуулугунбүгүнкү келечек муундун ички психологиясына сиңирүү, алардын жүрүш-турушунда чыгармалардан алган таасилерди этнопедагогикалык жактан тереңдетүүнү күчөтүүгө боло тургандыгын билүүгө милдеттүү.

**9. Дисциплинанын мазмуну: 1-тема**: Аталган курска киришүү, К. Тыныстановдун чыгармачылыгы. **2-тема:** Мукай Элебаевдин өмүрү, чыгармачылыгы. **3-тема:** Жоомарт Бөкөнбаевдин чыгармачылыгы. **4-тема:** Жусуп Турусбековдун өмүрү, чыгармачылыгы. **5-тема:** Алыкул Осмоновдун чыгармачылыгы. **6-тема:** Аалы Токомбаевдин чыгармачылыгы. **7-тема:** Касымалы Баялиновдун өмүрү, чыгармачылыгы. **8-тема:** Молдогазы Токобаевдин өмүрү, чыгармачылыгы. **9-тема:** Касымалы Жантөшевдин чыгармалыгы. **10-тема:** Кубанычбек Маликовдун өмүрү, чыгармачылыгы. **11-тема:** Түгөлбай Сыдыкбековдун өмүрү, чыгармачылыгы. **12-тема:** Темиркул Үмөталиевдин Улуу Ата Мекендик согуш мезгилиндеги чыгармалары. **13-тема:** Абдрасул Токтомушевдин чыгармачылыгы. **14-тема:** Райкан Шүкүрбековдун чыгармачылыгы. **15-тема:** Насиридин Байтемировдун чыгармачылыгы. **16-тема:** Мидин Алыбаевдин чыгармачылыгы. **17-тема:** Ч. Айтматовдун өмүрү, чыгармачылыгы. **18-тема**: Төлөгөн Касымбековдун чыгармачылыгы. **19-тема:** Токтоболот Абдымомуновдун чыгармачылыгы. **20-тема**: Сүйүмбай Эралиевдин чыгармачылыгы. **21-тема:** Шүкүрбек Бейшеналиевдин чыгармачылыгы. **22-тема:** Зуура Сооронбаеванынын чыгармачылыгы. **23-тема:** Асанбек Стамовдун чыгармачылыгы. **24-тема:** Мурза Гапаровдун чыгармачылыгы. **25-тема:** Жунай Мавляновдун чыгармачылыгы.

**10. XX кылымдагы кыргыз адабияты (портреттер) предмети боюнча сааттардын тематикалык планы (тиркемеде берилди)**

**11. СӨАИнин графиги**

**12. XX кылымдагы кыргыз адабияты (портреттер) дисциплинасы боюнча жазуу иштеринин тематикасы**

**13. а. Рефераттардын темасы**

**13. Студенттин өзүн өзү текшерүү үчүн тесттик–модулдук материалдар:**

Демек, силлабуста кыргыз адабияты факультеттин кайсы тайпаларында өтүлүшү, сабактын аты, коду, кредити жазылып,

сабактын өзгөчөлүгү, максаты, термин, эреже ж.б. үйрөтүлөөрү, студенттерге кандай билим билгичтиктерди жана көндүмдөрдүн үйрөтүлөөрү, канча жумага пландалганы, студенттерден эмне талап кылынаары, сабакка катышуу өзгөчөлүгү белгиленет.

Сабактын бакалаврда, магистратурада кайсы сабактар менен байланышы бар экени жазылып, бул сабакка жараша колдонулуучу китептердин тизмеси берилет. Сабактагы темалардын мазмуну кыскача жазылат. Ар бир жумада кандай темалар иштелет, кандай түрдө болоору айтылат. Аралык текшерүү жана кезектеги текшерүүлөр качан болоору белгиленет. Баалоонун кандай түрдө болоору, ара сынактан, өз алдынча иштер, проекттер, практикалык, семинардык сабактарга даярдыгы, жыйынтыгы кандай болуп чыгаары, кайсынысы канча пайыз алаары жазылат. Сабакта эмнелер колдоноору (компьютер, проектор ж.б.) да белгиленет жана силлабус ар бир студентке жарым жылдыктын башында, башкача айтканда, семестрдин башталышында студенттердин колдоруна берилет.

Кредиттик система студенттерге ар тараптан колдоо көрсөткөн жана алардын өз алдынча илимий иштерди жасашына, чыгармачыл ойлоосуна, жаңы нерселерди жасай билүүгө ыңгайлашкан система болгондуктан, студенттин мүнөзүндөгү жоопкерчилик сезими да өнүгөт. Анткени тандоо курстары көп болуп, башка бөлүмдөрдөн, факультет же университеттерден да билим алуу мүмкүнчүлүгү түзүлүп, студенттин өзү кызыккан теманын тегерегинде терең изилдеп үйрөнүүсүнө шарт түзүлөт. Академиялык эркиндик көп болот. Мугалим да сабакты түшүндүргөндөн тышкары, студентке жол көрсөтүп, багыт берип, студентти өз алдынча иштөөгө үйрөткөнгө мүмкүнчүлүк түзүлөт. Студент ар дайым мугалими менен кеңеше алат. Биздин өлкөдөгү жогорку окуу жайларында билим берүүдө бир эле кесипке даярдаган ар кайсы окуу жайларындагы окшош факультеттеги, бөлүмдөрдөгү окуу программаларында окутулган сабактардын бирдей мазмунда, бирдей кредитте болгондугу, которулган студенттин айырмалуу сабактарды тапшыруу ишин жеңилдетет жана аны кийинки жашоосунда зарыл болбогон сабактардан куткарат же интеграциялык сабактар окутулуу менен анын жүгү азаят. Студенттин убакытта билимин өз алдынча өркүндөткөнө шарт түзүлөт.

Кредиттик системадагы сабактардын тандалуусу студенттердин сынчыл ойлоосун, өз алдынчалыгын өстүрүүсүнө, өз оюн ачык айтууга, изилдөөчүлүк жөндөмүнүн өнүгүүсүнө, демократиялык көз карашынын калыптануусуна, чыгармачыл ойлоосуна шарт түзөт. Бул система аркылуу студенттин окутуучудан корккон стресстик сезимдери,

теманы айталбай калам деген кооптонуусу азайып, эркин кабыл алуу өркүндөп, өз каалоосу менен окууга шарт түзүлүп, аны аткаруу зарылдыгы пайда болот. Бул системанын дагы бир өзгөчөлүгү студенттерди кызыгуусуна, керектөөсүнө, каалоосуна жараша шарт болуп, студентти көбүрөөк мотивациялагандыктан, билим алууда анын сапаттык деңгээлинин жогорулашына алып келгендиги. Билими жетишсиз болгон персонал бул системада өз билимин өркүндөтүүгө тырышат, болбосо ишсиз калаары ага дайын болот. Дагы бир өзгөчөлүгү окутуу-үйрөтүү процесси ар тараптуу контролдоого ыңгайлуу болгондугу. Ошентип, *Окутуунун кредиттик технологиясы* – жекелештирүү, билим берүү траекториясын тандоого негизделген, өз алдынча билим алуу деңгээлин көтөрүүгө жана билимдерди чыгармачылык менен өздөштүрүүгө багытталган, окуу материалынын көлөмү кредит түрүндө көрсөтүлгөн билим берүү технологиясы экендигин белгилөөгө болот. Ал эми к*редиттик системанын максаты* – окуп-үйрөнүү ишин жакшыртуу. Үйрөнүүнү жакшыртуу деген «үйрөнүүнү үйрөтүү» ишмердүүлүгүн калыптандыруу, «проблеманы чечүү көндүмдөрүн үйрөтүү» сыяктуу өзгөчөлүктөрдү өз ичине камтыйт. Бул максатка жетүү үчүн кредиттик системада тандоо боюнча сабактардын саны артат. Ушуну менен студенттердин каалаган темасын тандоо жана кызыккан темаларда изилдөө ишин жүргүзө ала турган убакытка ээ болуу мүмкүнчүлүгү кенен болот. Бул система боюнча окуп бүткөндөн кийин:

– инсандын изилдөөчүлүк жөндөмү өсөт;

– баарын билбесе да, жалпы жонунан проблема чечүүнүн технологияларын жана методологиясын билет;

– өзүнө керек болгон нерселерди өз убагында үйрөнүп, кыйынчылыктарды (билим жагынан) теориялык жактан таанып, аны чечүү жолдорун издей билген инсан катары калыптанат;

– пландагандарынын жана изилдегендеринин жыйынтыктарын, өз ойлорун жазуу жана оозеки түрдө толук кандуу түшүндүрө алган чыгармачыл активдүү эртеңки өндүрүшкө даяр адис катары калыптанышат.

Ушул сыяктуу артыкчылыктарынан улам кредиттик системага өтүү билим берүүнүн сапатын өзгөртүү менен чектелбестен коомдук өзгөрүүлөрдү да пайда кылаарына зор ишеним туулууда.

## I бөлүм боюнча корутунду

Биринчи параграфта Кыргыз Республикасынын билим берүү системасында болонья процессин жана кредиттик технологияны колдонуунун зарылдыгы жана милдеттери белгиленип, окутуучу: окутуу, билим берүү, тарбия берүү багыты боюнча инсан менен иш алып баруусу жанажогорку мектептин дидактикасы педагогика илимдеринин өзгөчө бир салаасы болгондуктан, окутуу процессинде жеке өзүнө гана тиешелүү спецификалык өзгөчөлүктөргө ээ экендиги көрсөтүлдү. Кыргызстандагы кадрларды даярдоонун сапатын жогорулатуу максатында Жогорку билим берүү структурасынын өнүгүү инструкциясында каралды. Чындыгында, кредиттик системаны ЖОЖдордун окуу процессинде ар кандай структуралык бөлүнүүнү кайрадан карап чыгуу зарыл, материалдык-техникалык базаны күчөтүү, методикалык жана информациялык камсыздандырууну өнүктүрүү, жогорку профессионалдык билим берүү структурасын туура келген турмуштук образ боюнча оптимизациялоонун керектиги белгиленди. Андыктан, Борбордук Азия өлкөлөрүнүн жана Кыргызстандын билим берүү системасы Болонья процессине өтүүсүнүн себеби көрсөтүлүп, ар бир ЖОЖ чет элдик өнөктөш ЖОЖдордун кредиттик системасынын негизинде өздөрүнүн «шарттуулугун» колдонушаары такталды. Мисалы: Америкалык кредит-саат схемасы, Франция, Голландия, Италия ЖОЖдорунун европалык, өнөктөштүк системасы, казак-америкалык системасы. КРнын билим берүү министрлиги бул маселе боюнча жалпы принципти жана өз ара байланышууну иштеп чыгуу максатында 2004-2005-окуу жылынан баштап этап менен кредиттик системада окутууга өтүлдү. Себеби кредиттик системаны ЖОЖдордогу окуу процессинде жүргүзүүнү жана ар кандай структуралык бөлүнүүнү кайрадан карап чыгуу зарылдыгы туулууда, анткени, материалдык-техникалык базаны күчөтүү, методикалык жана информациялык камсыздандырууну өнүктүрүү, жогорку профессионалдык билим берүү структурасын оптимизациялоонун керектиги талап кылынууда. Ошондуктан болонья процессинин жаралуу тарыхына кайрылып, «Болонья процесси» термини жөнүндө түшүнүк берилди. Болонья процессинин өзгөчөлүгү – Европа аймагында жогорку билим берүү системасында реформаларды жасоого арналган процесс болуу менен университеттердин башкаруу системасынын жаңыдан курулуусуна ылайыкталгандыгы менен тарыхка киргендиги белгиленди. Болонья процессинин 8 программасы: Комениус, Ерасмус, Грандтвич, Лингуа,

Минвера, Байкоо жана жаңылыктар, Өз ара кызматташтык, Көз салуу программалары каралып, милдет, максаттары көрсөтүлдү.

Экинчи параграфта билим берүү системасындагы «кредит», «сабактардын кредити», «кредиттик системада билим берүүгө өтүү» деген сыяктуу термин эмнени түшүндүрүлөөрү такталып, кредит технологиясы – бул студенттин дисциплиналарды тандоосуна жана аны окуп үйрөнүүнүн удаалаштыгын өз алдынча аныктоого негизделген окутуу экендиги белгиленди. Мында студенттин жана окутуучунун окуу иштеринин көлөмү өлчөөнүн унифицирленген бирдиги – кредит менен ченелээрин жаңы кыргыз адабияты (портреттер) предметинин мисалында түшүндүрүлдү.

Кредиттик технологиянын негизинде окутуунун талабына ылайык, силлабус – дисциплинанын максат, милдеттерин, тематикалык планын, ар бир теманын окутулуш көлөмүн, кыскача мазмунун, өз алдынча иштөөгө тапшырмаларды, консультация алуу убактысын, аралык жана кезектеги текшерүүлөрдүн мөөнөттөрү, адабияттардын тизмеси, окутуучунун талаптары, баалоо критерийлери так көрсөтүлгөн студент үчүн түзүлгөн дисциплинанын окуу программасы экендиги түшүндүрүлдү. Ошондой эле жаңы кыргыз адабиятынын (портореттер) мисалында силлабусту түзүүнүн эрежелери көрсөтүлдү.

# ЖОЖДОРДО КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫН КРЕДИТТИК ТЕХНОЛОГИЯНЫН НЕГИЗИНДЕ ОКУТУУНУН ЖОЛДОРУ

## 1-§ ЖОЖдордо адабияттын билим берүүнун мааниси, максаты, милдети жана методологиялык маселелер

Көркөм адабият башка предметтерден айырмаланып, табият кубулуштарын, жаратылыш сырларын, дүйнө проблемаларын, коом түзүлүшүнүн маселелерин, башкача айтканда, турмуш чындыгын, адам көйгөйлөрүн көркөм образ аркылуу чагылдырып жана туюндургандыгы менен искусствонун башка түрлөрүнөн айырмаланып турат. Бул позициядан алып караганда көркөм адабияттын башкы предмети адам, адам коому, адам турмушу болуп саналып, адам баласынын аң-сезимине, эстетикалык туюмуна, дүйнө кабылдоосуна таасир эте турган искусствонун түрлөрүнөн болуп эсептелинет. Ал адамды идеологиялык жактан тарбиялоодо, анын инсандык мүнөзүн калыптандырууда эбегейсиз чоң ролду ойногондугу менен өзгөчөлөнөт.

Адабият таанууда белгиленгендей адабиятты окутуунун мааниси көркөм адабияттын коомдогу орду менен аныкталгандыктан, изилдөө максатыбызга ылайык студенттерди асыл идеяларга жана жогорку адеп-ахлактык сапатка, аң-сезимдүүлүккө, эстетикалык табитке, руханий жан дүйнөсүнүн тазалыгына, психологиялык арууулукка тарбиялоо, реалдуу турмушту тааный билүү деңгээлин жогорулатуу, адам турмушу жөнүндөгү билимин тереңдетүү, оозеки жана жазуу кептерин байытуу үчүн кеңири мүмкүнчүлүктөрдү түзүп бергендиги аркылуу аныкталат. Ошондуктан жогоруда белгилеп өткөндөй, адабиятты окутуунун негизги максаты студенттерге акыл-эстик, адептик жана эстетикалык тарбия берүү менен, алардын кеп маданиятын өстүрүү, жалпы дүйнө таанымын кеңейтүү, чыгармачылык активдүүлүгүн жогорулатуу болуп саналат. Адам баласынын аң-сезиминин ишмердигине байланышкан маселелерди изилдөө адабияттын изилдөө обьектиси болуп саналат. Ал эми адабиятты окутуунун методикасы үйрөнүүнүн закон ченемдүүлүктөрүн ачып, алардын принциптерин, формаларын, методдорун аныктап, аны практикада иш жүзүнө ашыруунун жолдорун көрсөтөт.

Адабий чыгармага ар бир предметтик жана портреттик детальды колдонуу белгилүү бир идеялык максаттарды иш жүзүнө ашыруу үчүн, б.а. мазмунду кеңири жана элестүү ачып берүү үчүн киргизиле тургандыгын Толстойдун: «Искусстводо эч кандай майда нерсеге колду шилтеп салууга болбойт, анткени кээде кандайдыр бир жарым-

жартылай үзүлмөк болуп калган топчунун өзү да ошол адамдын турмушунун белгилүү бир жагын ачык кылып көрсөтүп турушу мүмкүн. Бирок бардык күч-аракет жана ошол чала үзүлгөн топчунун өзү да көңүлдү бизди көп көрүнгөндөй башкы жана маанилүү нерселерден алаксытып, жекече, эч нерсеге арзыбаган заттарга бурдурбастан, иштин ички маңызын ачууга карай багытталат» деген таамай айтылган сөзү менен тастыктасак да болот.

Бул позициядан алганда кыргыз адабиятынын портреттер бөлүмүнүн тарыхый өнүгүш эволюциясында 60-70-жылдары повесть жанрында “романдашуу” күч алгандыгын Л. Якименко белгилегендей бир жанрдын экинчи жанрга тийгизген тасири катары кабылдоо закон ченемдүү көрүнүш. Анткени жогоруда белгиленгендей повесть жанрындагы “романдашуу”повесть жанры романга тиешелүү касиеттерди өзүнө сиңирип, өздөштүрүп, трансформациялап, белгилүү даражада романдын аткарган функциясын аткарып жаткандыгы дүйнөлүк аренада ошол мезгилдеги адабият таанунун өнүгүү тарыхында байма-бай белгилене баштагандыгы адабий чөйрөдө белгилүү. Улуттук адабиятыбыздын өсүш өзгөчөлүктөрүндөгү бул касиетти белгилөөчүлөр адегенде эле Ч. Айтматовдун адабий ачылгалары болгон “Гүлсарат”, “Ак кеме”повесттерине таянгандыгы баарыга маалым. Өзгөчө XX кылымдын 70-жылдарынын аягында кыргыз профессионал адабиятындагы повесть жанры сандык гана өсүшкө ээ болбостон сапаттык жаңылануусу менен дүйнөлүк аренага чыга алгандыгын кыргыз адабиятынын өнүгүш этаптарын жана повесттердин өсүш эволюциясын изилдеген эмгектер өз учурунда далилдешкен [23]. Оюбуз аргументтүү болсун үчүн ал кездеги кыргыз повесттеринин авторлору өздөрүнүн негизги чыгармачылык оюн эң башкы нерсе болгон каармандын жан дүйнөсүн, ички психологиясын ачууга багытташкандыгын көрөбүз. Ага К. Каимовдун “Кыш ыргактары”, “Жигит баратат”, А. Стамовдун “Жаңы тууган”, “Чүй баяны”, “Нөшөрдөн кийин”, М. Байжиевдин “Чыйыр”, М. Гапаровдун “Кыштакча”, М. Мураталиевдин “Жаңы конуш”, Ж. Мавляновдун “Аваз“, З. Сооронбаеванын ”Астра гүлү“ ж.б. повестеринде 70-жылдардагы адамдын ички психологиясын ачууда реалисттик адабияттын өзгөчө ушул касиеттерин өздөштүрүүдө ийгиликтүү кадам жасалган чыгармалардын катарына кире тургандыгын белгилөөгө толук негиз бар. Анткени Ч. Айтматов башында турган көптөгөн авторлорду бириктирип турган жалпы бир көркөм принцип “70-жылдардагы адамдын образын сүрөттөөдө кырыгыз прозаиктери мүмүкүнүчүлүктүн

болушунча көп сөздүүлүктөн, артыкбаш баяндоолордон, кирди- чыкты персонаждардан жана курулай коолдуктан кол үзүп, бүткүл чыгармачылык иликтөөнү максималдуу түрдө жеке адамдын көркөм концепциясын түзүүгө бурат. Азыркы адамдын образын сүрөттөөдө авторлор ойку-кайкы окуяга, чырмалышкан сюжетке кызыгышпайт, каармандын ички жан дүйнөсүн белгилөөчү критерий катарында анын адамдык нравалык сапаты сүрөттөлөт” [83], – деп белгиленгендей улуттук адабиятыбыздын байышы ар бир индивидуалдуу чыгармачылык менен алака-катышта экендигин белгилөөгө болот. Анткени жекече чыгармачылык канчалык кызыктуу, канчалык оргиналдуу болсо, анын жалпы адабий процесске кошкон салымы ошончолук бараандуу келип, өзгөчөлөнүп турат. Бул маселе жөнүндө сөз кылганда негизги жүк 60-жылдардын муундарына таандык болгону менен 70-80-жылдары повесть жанрын өркүндөтүүгө Т. Сыдыкбеков башында турган кыргыз прозачыларынын «ардагерлери» да, ошондой эле колуна калем кармаган жаш талапкерлер да өз салымдарын кошконун унутта калтырууга болбойт [23, 5-10-бб.]

Ырас, көп кырдуу таланттардын чыгармачылык ишмердигин боюна сиңирген повесть жанрынын поэтикасын иликтөөгө 70-80-жылдары андан кийинки мезгилдерде жарык көргөн КМШ өлкөлөрүнүн чегинде жарык көргөн фундаменталдуу изилдөөлөр, кыргыз адабият таануу илиминде бул проблемага тике жана кыйыр тиешеси бар илимий изилдөөлөр, мезгилдүү басма сөздө жарыяланган макалалар ага далил боло алат. Ал эми (педагогика илиминде) студенттердин рухий калыптануусун коомдук шарттарга ылайыктап жүргүзүү, улуттук салттар менен жалпы адамзаттык баалуулуктарды бирдикте алып жүрүү идеялары дүйнөлүк жана биз мурда таянып келген советтик, ошондой эле кыргыз педагогика илиминде бир топ терең изилденген. А.Я. Коменский, Ж.Ж. Руссо, К.Д. Ушинский, Л.Н. Толстой, В.И. Водовозов, П.П. Блонский, А.С. Макаренко, В.А. Сухомлинский, С.Т. Шацкий ж.б. педогогдордун, гуманист жазуучулардын эмгектериндеги, рухий-ыймандык билим жана тарбия берүүгө, инсандын гумандуу сапаттарын өстүрүүгө алардын эркиндигин жогорулатууга жасалган аракеттерди эске алып, ага өзгөчө маани берүү менен азыркы учурдагы мугалимдерди ушул багытта даярдоону коомдук прогресс талап кылууда. Көркөм дүйнөдөгү ошол татаал социалдык шарт-жагдайлар адамдын татаал дүйнөсүн өзгөртө алуучу күчү бар экендигин, ар бир индивиддин ички дүйнөсүндө ак ниеттик менен кара өзгөйлүктүн, адилеттик менен наамарттыктын, улуулук менен майдалыктын, сулуулук менен куниктиктин кармашып

жаткандыгын улуу философ окумуштуулар Н.А. Бердяев, Г.Ф. Гегель, И. Кант, В. Лейбниц, М. Монтень, Ж.Ж. Руссо, Э. Фромм ж.б. эмгектеринин негизги мазмунун түзгөн жана бул проблема бүгүнкү күндүн да эң орчундуу маселелери катары адам таануу илиминин түйүндүү проблемаларынын бири катары өз ордун жоготпой келет [12, 56-б.].

Бул маселени адабиятта чечмелөөгө келгенде адагенде адабият терминине кененирээк токтолуу менен анын аткарган милдети, ролу тууралуу сөз кылуу негизги маселе болуусу тийиш. Анда «Адабият» сөзү араб тилинен алынып, «адеп» деген маанини берип, кең мааниде басмадан жарык көргөн илимдин бардык тармагына тиешелүү китептердин баары адабият делинсе, тар мааниде искусствонун бир түрү болгон көркөм адабият аталып, ал искусствонун башка тармактарынан сөз өнөрүнүн жазма, оозеки формада өнүгүп, коомдогу реалдуу чындыкты образдуу чагылдырып [130], «турмуш чындыгын сулуулуктун мыйзамы боюнча өздөштүргөнү» [81, 92-б.] менен айырмаланып турат. Адабият алгач ирет эл оозунда жашап, өнүгүп, «Манас» көркөм кенчи менен бийиктикке көтөрүлүп, убакыттын өтүшү менен формасы өзгөрүлүп, жазуу, сызуу, басылмалар пайда болгондон баштап бүгүнкү деңгээлинде өз өнүгүүсүн улантып, коомдук аң-сезимдин бир формасы катары тарыхый өнүгүштү баштан кечирет. Башка илимдерден:

– образдуу табияты;

– ээлеген орду;

– аткарган милдети;

– обьективдүү дүйнөнү өз алдынча аңдап билгендиги;

– элестүү формада чагылдыргандыгы;

– тарых менен тыгыз биримдикте каралгандыгы менен айырмаланса**,** аткарган милдети жагынан:

– адамдын руханий эстетикалык, идеялык жактан өнүгүшүн калыптандырууга багытталгандыгы;

– прогрессчил көрүнүштөрдү жактап, терс көрүнүштөрдү ашкерелеп, адамды асылзаадалыкка тарбиялагандыгы менен айырмаланып, коомдук аң-сезимдин бир формасы катары [103, 15-б.] анын өсүп-өнүгүп, бир формадан экинчи формага өтүшү, коомдук-экономикалык формациялардын алмашуу мыйзам-ченемдүүлүктөрү менен тыгыз байланышта каралгандыгы менен баалуу.

Демек бул проблеманын жүзөгө ашышы үчүн билим берүү мекемелеринде кыргыз адабиятын окутууда инсандын ички

пихологиясындагы адеп-ахлактык өзгөчөлүктөрүн кредиттик технологиянын негизинде кантип активдештирип, кантип билимин тереңдетүү керек деген максатталган маселенин үстүндө иштөөгө туура келүүдө. Бул максаттарды иш жүзүнө ашыруу ЖОЖдо эмгектенген ар бир окутуучунун милдети болгондуктан, бул милдетти ишке ашырууда ЖОЖдордо кыргыз адабиятын окутуунун методикасы кандай илимий-методологиялык негизге таянып иш жүргүзөт деген суроо туулат. Бул суроону чечмелөө үчүн адегенде илимий-методологияга терминине токтолууга туура келет. Илимий методология–бул тигил же бул илимде колдонулуучу изилдөө ыктарынын жыйындысы, башкача айтканда, тигил же бул илимде, предметте колдонулуучу илимий изилдөө методдору жана принциптери. Анткени ар бир илимдин өнүгүшү табиятына ылайык ошол илимдин илимий жактан таануу ыктарын, теориялык жактан негиздөө зарылдыгын жаратат. Бул маселеде илимий методологияны иштеп чыгуу 16-17-кылымдарда эле башталып, ага англиялык философ-материалисти Френсис Бекон (1561-1626) жана француз философ-материалисти Деле Декарт (1596-1650) негиз салышкан. Белгилөөчү нерсе, илимге киришкен ар бир илимпоз илимий методологияны үйрөнүү менен, илимий таанып билүүгө шык, жөндөмү болушу зарыл жагдайлардан. Анткени ЖОЖдун окутуучусу–бир эле мезгилде илимпоз болуу менен изилдөө иштеринде ар дайым суроо-жооп менен бирге (интервью, анкета, тестирлөө), байкоо, рейтинг, өзүн-өзү баалоо, эксперимент, анализ, синтез, индукция, дедукция, салыштыруу ж.б. у.с. педагогикалык изилдөө методдорун өз изилдөөсүндө кеңири колдоно билип, жүргүзүүчү эксперименттик иштеринде алардын көрсөткүчтөрү боюнча жыйынтык чыгарууну билиши зарыл көрүнүш. Кыргыз педагогикасында Октябрь революциясына чейин педагогика атайын илим катарында калыптанбаса да, XIX к. жашаган кыргыз эл акындары Калыгул, Арстанбек, Молдо Кылыч, Молдо Нияз, Токтогул, Тоголок Молдо, Жеңижоктун чыгармаларында таалим-тарбия, илим, билим тууралуу терең идеялар айтылып келгендиги маалым. Кыргыз эли жаш муундарын элдик чыгармалары менен баалуу асылзаадалыкка тарбиялап келишкендиги баарыбызга белгилүү. Качан гана 1928-жылы «Жаңы маданият жолунда» («Эл агартуу») аттуу атайын педагогикалык журнал жарыкка чыккандан баштап, республикабызда илимий-педагогикалык ой жүгүртүүлөр жайылып, кыргыз илимий-педагогикалык коому XX кылымдын орто ченинен, мугалимдер жана эл агартуу кызматкерлеринин чөйрөсүндө педгогика илими кеңири пропагандала баштаган. Бул илимдин көч башында көрүнүктүү

педагогдор И. Арабаев, К. Тыныстанов, К.К. Юдахин, М. Юнусалиевдер туруп, бул илимдин бир тармагы болгон кыргыз тилин жана адабиятын окутуунун методикасынын өнүгүшүндө С. Наматов, К.К. Сартбаев, Т. Байжиев, Т. Саманчин, З. Бектеновдор баалуу салымдарын кошушкан. Мисалы, биринчи жолу 1936-жылы педагогика институтунун окутуучусу С. Наматов тил, адабият факультетинин студенттерине кыргыз тилин окутуунун методикасы боюнча лекция окугандыгы анын илимий-педагогикалык эмгектери кыргыз тилин окутуу–методикасынын башаты дешке толук негиз бар. Кийинчерээк бул илимге К.О. Бакеев, Э. Бердибаев, Ж. Жаңыбаев, Д. Майрыков, А. Осмонкулов, Б. Өмүралиев, К. Сартбаев, С. Үсөналиев, С. Кудайбергенов, Б. Рысбекова сыяктуу педагогдор өз салымдарын кошушкан. Аталган педагогдор Н. Крупская, А. Луначарский, В.А. Сухомлинский, Я.А. Каменский, Ф.И. Буслаев, К.Д. Ушинский, А.В. Текучев ж.б. у.с. улуу педагогдордун илимий-методикалык мурастарын үйрөнүү менен өз эмгектеринде методологиялык курал катары пайдаланышкандыгы белгилүү. Андан бери кылымдар алмашып, улам заман өзгөргөн сайын ЖОЖдордун методикасы жаңыдан түзүлүп, калыптанып, бирок түпкү уюткуну биз белгилеген педагогикалык жетишкендиктерден алып, ага таянып, заман талабына, мезгилдин үнүнө шайкештештирип, алымча-кошумчалап, өстүрүп-өркүндөтүп, ар дайым өз ишмердүүлүгүбүздө чеберчилик менен пайдаланып келе жатабыз. Анткени өтмүшсүз жаңылануу болбойт, карт тарыхтын бай мурасы, баалуулугу илимий педагогиканын жана методиканын азыркы учурдагы проблемаларын белгилөөдө жана чечүүдө ЖОЖдор үчүн негиз боло тургандыгын эч ким тана албайт. Анткени, коом өзгөргөн сайын өсүп келе жаткан жаңы муундарга жаңыча билим берип, алардын турмушка болгон көз карашын жаңыча калыптандырып, турмуштук жашоо образын жаңыча түзүү милдети келип чыгат. Бул оор милдеттти жүзөгө ашырууда педагогика илиминин милдети чоң жана оор болуп саналуу менен ал көп тармактуу илимге айланып, инсанды толук кандуу жетилдирип, калыптандыруудагы социалдык-тарыхый тажрыйбаны өздөштүрүүнүн жолдорун, анын прициптерин, законченемдүүлүктөрүн, усулдарын, анын ыкмалык каражаттарын аныктап иштеп чыгып, студент менен окутуучунун өз ара аракетин камтыган педагогикалык процесстерде жүзөгө ашырат. Башкача айтканда окутуучу билим берет, студент окутуучунун берген билимин алып, өздөштүрөт. Натыйжада болочок кесип ээлери даярдалат. Анткени педагогика илиминин негизги

категориясы- тарбия болуп саналып, анын максаты-инсан талабын, кызыкчылыгын, керектөөсүн камсыз кылуу менен келечекте өз алдынча жашап жана коомго пайда келтире алган инсанды тарбиялап чыгуу болуп саналат. Бул категория билим берүү жана алуу, аны өздөштүрүү, алган билимин турмушта колдоно билүү категориясы менен органикалык байланышта. Ал эми бул категория өз ичине: билим берүү, тарбиялоо, өнүктүрүүнү камтыйт. Бул эки категориянын негизги максаты-адамдын ар тараптан өсүп, өнүгүүсүнө көмөк көрсөтөт. Ушул жерде белгилөөчү нерсе, билим берүү жана аны кабыл алуу психикалык процесстердин жардамы аркылуу жүзөгө ашырылып, ал маалыматтарды, билимди көңүл буруу, сезүү, кабыл алуу, эске тутуу, ойлоо жана чыгармачылык менен ойлоо аркылуу студент жекече ички жана сырткы байлыктарды окуу процессинде өздөштүрүп өнүктүрөт. Өнүгүү ар бир студентте ар башкача болуп, ар башка натыйжа берет. Ушул өйдө ылдыйлыкты жоюуда, окутуучу талапка ылайык студентке педагогикалык жана психологиялык жардамдарды берүүсү эң орчундуу милдеттерден. Педагогика диалектикалык илим болгондуктан ал улам жаңы ачылыштар менен толукталып, илимий изилдөө иштерин алып барууда көптөгөн методологиялык илимдерди таяныч катары эсептейт. Анын негизгиси: системалуулук принциби, анткени ар кандай жүргүзүлгөн иш-аракет системалуу жүргүзүлүү менен жана аны системалуу уюштуруу принциби аркылуу, диалог түзүү принциби менен ишке ашырылып, диалог аркылуу жетишкендиктерди өздөштүрүү принциби аны жаңыча жаратып, жаңыча жаратылган нерсе, өзүмдүк же элдик педагогиканын бай тажрыйбасына таянуу принциби менен аны турмушта колдоно билүүгө башкача айтканда антропология принцибинде иш жүзүнө ашырылууга туура келет. Анткени антропология-адам тууралуу бардык илимдердин жетишкендиктерин системалуу пайдалана билүү болуп саналат. Башкача айтканда окутуучу педагогиканын бардык усулдарын чыгармачылык менен билип аны сабак процессинде колдоно билишине алып келет.

Саналган педагогикалык принциптердин негизинде педагогикалык процесстин уюштурулушу, андан ары өрчүп-өнүгүшү илимий изилдөөлөрдү жүргүзүү менен байланыштуу. Натыйжада ЖОЖдун өзүнө тиешелүү дидактикалык принциптери келип чыгат:

– жогорку билим берүүнүн илимийлүүлүк принциби;

– кафедралардын жана окутуучулардын илимий жана окутуу ишмердүүлүктөрүнүн биримдиги;

– окуу процессинде студенттердин активдүүлүгүн жана чыгармачыл өз алдынчалуулугун камсыз кылуу;

– илимдин жана практиканын өнүгүшүнүн азыркы деңгээлине ылайык студентти теориялык жана практикалык жактан даярдоонун органикалык биримдиги;

– окуу процессинин системалуулугу, ырааттуулугу жана улантуучулугу;

– ЖОЖдун окутуу процессинде абстракция менен көрсөтмөлүүлүктүн жуурулушу;

– окутуунун кесиптик багыттуулугу;

– инсанга багыттап окутуу принциби;

– билим берүүнүн гумандуулук принциби [2].

Метод–педагогикалык категория катары өтүлө турган материалды кандай ыкма менен натыйжалуу берүүнүн жолдорун көрсөтөт. 20-кылымдын 60-жылдары окутуу методдорун бир системага келтирип классификациялаган окумуштуу Е.Я. Галант болгон, кийинчирээк дидактар М.Н. Скаткин, И.Я. Лернер, М.А. Даниловдор бул маселеге кайрылышкан. Ал эми академик Ю.К. Бабанский түзгөн окутуунун методдорунун классификациясында:

1. Айтып берүү методдору (аңгеме, түшүндүрүү, лекция, аңгемелешүү, окуу китеби менен иштөө ж.б.);

2. Көрсөтмөлүүлүк (таблица, схема, сүрөттөрдү иллюстрациялоо, диафильм, кино демонстрациялоо, музейге, өндүрүшкө, жаратылышка экскурсия ж.б.);

3. Практикалык (көнүгүү, көнүктүрүү, үй жана аудиторияда өз алдынча иштөөнү уюштуруу, эксперимент, эмгек жана коомдук иштерге тартуу ж.б.) [9].

Бул традициялык методдор менен катар азыркы учурда проблемалык, программалык, компьютердик, интерактивдүү ж.б. методдор жана алардын ар кыл ыкмалары да активдүү колдонулууда. Түрк педагогу Т. Мехмед жана окумуштуу А. Алимбеков окутуунун түздөн түз айтып берүү же түшүндүрүү, талкуу, суроо-жооп, долбоор, маселе чечүү, окшоштуруу, драма методун, программалап үйрөтүү, микро үйрөтүм, окутуунун түшүндүрүп иллюстрациялоо, модулдук үйрөтүм, түшүнүк карталары, кызматташып үйрөнүү [9] методдорун сыпатташат.

## 2-§ Кыргыз адабиятын кредиттик технологиянын негизинде окутууда студенттердин чыгармачылык ой жүгүртүүсүн жогорулатуунун психологиялык-педагогикалык негиздери

Адам баласынын иш-аракеттери кандайдыр бир деңгээлде тандалмалуу мүнөзгө ээ. Анткени көптөгөн сырткы дүүлүктүргүчтөрдүн ичинен ал өзүнө жакканын гана кабыл алып, өз керектөөлөрүнө ылайык колдонот. Психикалык процесстин бул тандоочулугу психология илиминде кабыл алуу түшүнүгүн билдирет. Бул тандоочулук эрктүү жана эрксиз жана эрктүү көңүл буруудан кийинки көңүл буруу мүнөзүндө жүрөт. Мисалы эрктүү көңүл бурууда адам баласы өзүнө максат коюп аны аткаруу үчүн жасалган иш-аракети аталат. Мисалы, студенттин билим алуусу, ал үчүн сабакка үзгүлтүксүз катышуусу, алты ай алган билиминин натыйжасын сессия убагында окутуучуга эсеп-кысап берүүсү аталса, аң-сезимсиз максаттын жардамы менен эрктик иш-аракетти талап кылбаган көңүл буруу эрксиз көңүл буруу деп аталат. Мисалы, окутуучу лекция окуп жаткан учурда студенттердин ичинен бирөө катуу күлүп жиберсе, студенттердин баары жазып жаткан лекцияларын токтотуп, баары аны карап калышы эрксиз көңүл бурууга кирет. Анткени студенттердин баарынын көңүлү максатталган лекцияны жазуудан алаксып, ошол күлгөн студентти кароого мажбур болушат. Бул жерден эрксиз көңүл буруунун окуу, тарбия ишинде чоң мааниси бар экендигин байкоого болот. Ошондуктан ар дайым эрксиз көңүлдү буруучу ар кандай обьективдүү жана субьективдүү факторлорго жол бербей бөгөөттөп туруу талап кылынат. Ал эми эрктүү көңүл бурууда адам баласы өз алдына максат коюп, аны аткаруу үчүн тынымсыз иш-аракеттерин жумшайт. Эмгек кылат. Мисалы, абитуриент ЖОЖго студент болуу үчүн мектептен сүйгөн кесибине тиешелүү предметтерди жакшы окуп, ал адистикке тапшыруу үчүн күнү-түнү аракеттенип, окуйт. ЖОЖго киргенден кийин көңүлүн бир жерге топтоп, максатына жетүү үчүн сабактарынан жакшы окуйт. Эрктүү көңүл буруудан кийинки көңүл бурууда адам бир нерсеге аң-сезимдүү максат койгон менен ага атайын туруктуу иш-аракеттерди жумшабайт. Мисалы, айылдан окууга жаңы келген студент адегенде сабакка анча көңүл бурбагандыктан предметтерге анча жетише албайт. Качан гана куратору сабакка жетишүүнүн, лекция жазуунун, китепканадан кантип пайдалануунун, жол жоболорун үйрөткөндөн кийин ал сабакка өзүнөн өзү эле жетишип, алдыңкы студентке айланат. Муну эрктүү көңүл буруудан кийинки көңүл буруу деп атайбыз. Сабакка эрктүү көңүл бурган студент, иш-аракеттин жана

эмгектин натыйжасында ийгилике жете тургандыгын сезе баштайт. Анткени “сезүү-материалдык дүүлүктүргүчтөрдүн сезүү органдарына таасир этишинен пайда болгон организмдин ички абалын жана тышкы заттардын айрым касиеттерин чагылдыруучу жөнөкөй психикалык процесс” [79, 101-б.] катары эсептеп, V кылымда Гераклит, Протогорлор сезүүнү адам таанунун булагы катары эсептешкендигин, XVIII кылымдан баштап ал эмприкалык психологдордун дискуссиясынын негизги темасына айлангандыгын белгилеп көрсөтүшөт. Анткени сезүүсүз материалдык дүйнөнү таанууга болбойт. Адамды таануу процесси ушул процесстен башталып, ал заттардын касиетин (катуулугун, жумшак, суюктугун, температурасын, жытын, үнүн, түсүн ж.б.у) татаал жана жөнөкөй түрдө кабыл алып, эс, ойлоо сыяктуу психикалык процессстердин пайда болушуна түздөн түз таасир берет да, тийиштүү органдардын жардамы менен ички жана сырткы чөйрөдөгү ар кандай маалыматтарды сезип, кабыл алып турат. Сезүүнүн иш-аракетине карап:

– көз менен көрүп сезүү;
– кулак менен угуп сезүү;
– териң аркылуу сезүү;
– ооз-даам аркылуу сезүү;
– жыт-мурун аркылуу сезүү болуп бөлүнөт. Сезүү кабыл алуу процессисиз ишке ашпайт. Маселен студент аудитроияга кирген окутуучунун киргенин көрүп, сөзсүз сабак өтөөрүн териси аркылуу сезип, анын үйгө берилген тапшырманы сурап, андан кийин жаңы теманы өтөөрүн анын иш-аракети аркылуу сезет да, бул процесстин баарын ал көнүмүш адат катары кабыл алат. Анткени, эс башка психикалык процесстер сыяктуу обьективдүү чындыкты чагылдырат. Бул чындыктын турмушка толук кандуу ашырылышы ойлоо процесси аркылуу аткарылат. Анткени, псхология ойлоону таануу адегенде адам ишмердигиндеги маанисин, ал ишмердиктин жүзөгө ашуу механизимин, психикалык башка процесстерден болгон айырмасын, инсандын калыптануусундагы ролун үйрөнөт. Себеби, обьективдүү чындыкты таануу сезүүдөн, сезген нерсесин кабыл алуу ойлоо процессине өтүү менен ишке ашат. Бирок обьективдүү дүйнөнү таанууда бул эки психологиялык процесс жетишсиздик кылат. Анткени заттардын, окуялардын, кубулуштардын өз ара мамилелерин жана алардын себеп, натыйжаларын эки процесс аркылуу толук таанууга мүмкүн эмес. Мисалы адамдын тамагы ооруп калды, температурасы көтөрүлдү. Бул көрүнүштөн адамдын ооруп жатканын сездик, бирок

анын себеп, натыйжасын аныктай албадык. Адамдын тамагы суук бир нерсе жегенден ал ооруп, температурасы көтөрүлдү деп ар бир оорусунун себебин жекече түшүнүп кабыл алдып, аны айыктыруунун жолдорун ойлой баштадык. Демек мындан, ойлоо качан гана адам баласы көз алдында турган обьектини сезүү жана кабыл алуунун жардамы менен толук таанууга мүмкүн болбой калган учурда пайда боло тургандыгын көрдүк. Ошентип, ойлоо сезүүдөн, кабыл алуудан алынган маалыматты колдонуу аркылуу ишке аша тургандыгын аңдадык жана обьективдүү чындыкты, табигат кубулушундагы заттарды, алардын ортосундагы байланыштарды көрсөткөн психикалык процесс экендигин байкадык. Эгерде табигат кубулушун, же студент үйгө берилген бир теманы түшүнгөндүгүн өз ою аркылуу айтып берсе, анда ойлоо чектелип, бир адамдын гана оюн билдирип калат. Эгер ошол эле теманы тайпалык биримдикте түшүндүрүшсө, ойлоо жекече ойлоодон идеялардын көптүгү, күчтүүлүгү, негиздүүлүгү менен айырмаланат да, максатталган маселени чечүүдө аны чечүүнүнү шарттары аныкталып, аны чечүүнүн туура жолдору тандалып, алдыга коюлган маселе туура жана негиздүү чечилет. Маселен З. Сооронбаеванын "Астра гүлү" повестин окугандан кийинки практикалык сабакта студенттердин чыгарма боюнча чыгармачылык ойлоосунун канчалык деңгээлде өскөндүгүн сабактын жүрүшүндө текшерип көрөлү. Сабактын этаптары:

1-этап: Үйгө берилген тема аталып, анын сюжетин кайрадан эске салуу үчүн убакыт берилет.

2-этап: Чыгарма боюнча эске салган сюжетти экиден талкуулап, идеяларын топтоого көрсөтмө берилет.

3-этап: Жуптарда идеялар топтолгондон кийин топторго бөлүп, төмөнкү концептуалдык таблицаларды толтуруу жана аны презентациялоого көрсөтмө берилет.

2.1.- концептуалдык таблица

| | Чыгарманын аталышы | Чыгарманынс южети боюнча маалымат бер | Чыгарманын оң-терс жагын белгиле | Чыгарманын артыкчылыгын көрсөт | Чыгармага сунуштарыңды айт | Окугандан кийин кандай сезимде калдың | Чыгар-ма боюнча тыянак чыгар | Гарбиялык жагын белгиле |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | **З. Сооронбаеванын "Астра гүлү" повести** | | | | | | | |

**Концептуалдык картаны толтургула** (%дык көрсөткүч менен)
2.2. – концептуалдык таблица

| | | Сапар, Гүлкан, Сулаймандын образы аркылуу кандай мүнөздүк касиетке тарбияландыңар: | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | *Теманын аталышы* | Акыл эске.Билимге | Улууну урматтоого | Эстетикага | Турмуш куруга даяр болууга | Сүйүүгө | Адепке | Эмгекчилдикке | Каада-салтты билүүгө | Сабырдуулукка | Жан дүйнөнүн байлыгына | Достукка |
| *1* | **З.Сооронбаеванын “Астра гүлү” повести** | | | | | | | | | | | |
| *2.* | **Жалпы жыйынтык** | | | | | | | | | | | |

Ар бир тайпа бири бирин баалашат. Окутуучу тайпадагы студенттердин чыгармачылык ойлоосу канчалык деңгээлде өскөндүгүн өзүнүн сөзүндө жалпылап жана ар бир тайпанын иш-аракетин баалоо менен жыйынтык чыгарат. Үйгө тапшырма берилет.

Биз мисалга келтирген бир сабактын үлгүсүндө студенттердин чыгарманын ички дасмиясын башкача айтканда идеялык – тарбиялык маңызын кантип ой жүгүртүп талдашкандыгын көрдүк. Чыгармага талдоо жүргүзүлүүдө студенттер кредиттик окутуунун негизги таянычы болгон окутуунун интерактивдүү усулдарын колдонушту. Анткени изилдөө ишибиздин максатына ылайык болонья процесси аркылуу ЖОЖдордо билим берүүнү өркүндөтүү бүгүнкү күндө билим берүүнүн актуалдуу проблемасына айланып, ЖОЖдордун алдыга коюлган эң негизги милдети катары:

– ар тараптан өсүп жетилген–компетенттүү;
– мгекке (билимге) чыгармачыл мамиле жасаган;
– ишкердүүлүгү күчтүү;
– чыгармачыл активдүү;
– руханий көз карашы бийик;
– ойлоо жөндөмдүүлүгү активдүү;
– философиялык көз карашы терең;
– психологиялык жактан толук кандуу;
– теория менен практиканы айкалыштыра билген ойлоо жөндөмдүүлүгү күчтүү адистердин таанып-билүүчүлүк

ишмердүүлүгүн өнүктүрүү керектиги актуалдуулукка айланууда.

Кыргыз адабият сабагында студенттердин чыгармачылык ойлоосун өркүндөтүү үчүн окутуучу тарабынан интерактивдүү ар кандай ыкмаларды иштеп чыгуу, аны практикалоо эң негизги маселерден. Анткени илим менен техниканын өсүшү, дүйнөлүк компьютерлештирүү, коомдун экономикалык мүнөзүнүн өзгөрүшү ар кандай ситуацияларда кандай маселе болбосун кредиттик технологиялык окутуу процессинде чыгармачылык ойлоо менен аткарылып, өз ишкердүүлүгүн көрсөтө алган компетенттүү адистерди тарбиялап чыгаруу талап кылынууда. Анткени чыгармачыл студент өзүнүн ойлоосунун чыгармачыл мүнөзгө ээлиги, кандай гана маселе болбосун аны чечүүдө идеясынын өзгөчө күчтүүлүгү, интелектуалдуу жаңылыгынын тереңдиги, коюлган маселени өзгөчө нук, жагдайда көрө билүүсү жана аны кандай жагдайда колдонуунун шарттарын аныктай билиши, жана ал эл көрүп, билбеген касиеттерин таап, аныктай билүүсү, анын жолдорун көрсөтүүсү менен айырмаланат да, ал «мамлекетке, эң биринчи иретте, өлкөнүн башкы дөөлөтү инсан катары эмес, тигил же бул кесиптин ээси, кесипкөй адис катары, негизги маңызга ээ болот. Анткени ал мамлекет талап кылган кесипке ээ болуп, аны өндүрүмдүү жүзөгө ашырып, мамлекеттин керектүү адамы болуп чыгат» [38, 3-б.]. Н.К. Крупская айткандай: «өз бет алдынча окуп, билген жана алган билимин чыгармачылык менен ойлоп, жана аны практикалай алган» [44, 511-б.] инсан болуп чыга келет.

Бул маселени жүзөгө ашырууда татыктуу билим берүү коомубуздун келечеги менен тыгыз байланыштуу болгондуктан, коомдук талапка ылайык мыкты кесиптин ээси болуш үчүн чыгармачыл ойлоо менен көптү билүү зарыл. Себеби, студент алган билимин практика менен айкалыштырып турмушта аны колдоно билгенде гана ал кадыр-барктын ээси боло алат. Бул маселеге канткенде студенттердин билим деңгээлин болонья процессиндеги кредиттик технологияларды колдонуу менен жогорку даражага жеткирүүгө болот? деген суроо туулушу–мыйзам ченемдүү. Ага бул проблеманы чечүүнүн жолу кредиттик технологиянын негизинде интерактивдүү стратегияларды толук кандуу ЖОЖдордо колдонуу аркылуу студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн арттырып, билим деңгээлин эң жогорку баскычка көтөрүүгө болот деп ишеничти белгилөөгө негиз бар. Анткени, кредиттик система аркылуу билим берүүдө жаңы кыргыз адабиятын (портреттери) дисциплинасын окутуу боюнча өткөрүлгөн эксперименттердин жыйынтыгында Европа

Биримдигиндеги студенттердин *билим* деңгээлиндей кыргыз филологиясынын студенттери да:

– өз оюн ачык айтып сунуш кыла билүүгө;

– кандай маселе болбосун, ар кандай кырдаалда андан чыгууга жана чече билүүгө;

– командада иштөөдө ыкчамдуу, ийкемдүүлүгү;

– бир эле мезгилде оозеки жана жазуу жүзүндө пикир айта жана жаза билүүсү;

– өз алдынчалыгы;

– ийкем ой жүгүртүүсү;

– коллектив менен иштеше билүүсү байкалды. Анткени, кредиттик система аркылуу билим берүүдө окуу процессинин натыйжалуу, сапаттуу болушу ар бир предметтеги материалдардын студенттердин аң-сезимине жетишине, аны терең кабыл ала билүүсүнө жараша болот. Ал үчүн министрлик, ЖОЖ, мектеп тарабынан түзүлгөн ар бир предмет боюнча окуу пландар, студенттер үчүн түзүлгөн силлабустар, окуу программаларынын сапаттык деңгээли өтө жогору болушу зарыл. Анткени сапаттуу түзүлгөн силлабустун негизинде студенттерге берилген билим терең жана натыйжалуу болору–мыйзам ченемдүү көрүнүш. Ал үчүн студент, *биринчиден*, окутуучу берип жаткан информацияны толук кабыл алышы, *экинчиден*, окутуучунун көрсөтмө, багыт-сунушуна карата чыгармачылык менен активдүү аракет жасоосу, *үчүнчүдөн*, алган билимин оозеки, жазуу түрүндө эркин бере билиши, *төртүнчүдөн*, жогорудагы үч процесске жетишүү үчүн студенттин чыгармачылык активдүү көз карашы толук кандуу деңгээлде калыптанып, сапат үчүн күрөшүүсү, *бешинчиден*, алган информациясын ар дайым кандай кырдаалда болбосун, коомдук жашоонун ритми жана башка предметтер менен айкалыштыра билүүсү, *алтынчыдан,* натыйжалуу, сапаттуу алган билимдерин, өз идеясын бирөөгө таңуулабастан, кеңири масштабда ой жүгүртүүгө жетишүүсү, *алтынчыдан* бардык алган теориялык билимдерин жеке турмушунда эркин жана мазмунду колдоно билиши зарыл [140, 62-64-бб.]. Студенттердин мындай ийгиликтерге жетишүүсү үчүн окутуучу:

– студенттердин ар кимиси өз алдынча алган билим-маалыматы боюнча кеңири ой жүгүртө билүүсү үчүн аралык жана кезектеги текшерүүлөргө убакыттын кенен берилүүсү**;**

– алган маалыматы боюнча терең ой жүгүрткөн студенттин топтогон идеясын окутуучу оозеки, жазуу жүзүндөгү формасы кандай болсо, ошондой кабыл алуусуна жетишүүсү;

– окутуучу студентке берген мазмундуу идеяны студент чыгармачыл ойлоо менен кабыл алып, аны ошол багыт боюнча активдүү ишке ашыруусуна жакындан көмөктөш болуусу;

– студенттин аудиторияга сунуш кылган идеясы окутуучу үчүн эле эмес, жалпы аудитория үчүн да баалуу экендиги ар бир студенттин аң- сезиминде калыптандырылуусу;

– студенттердин бири-биринин жана окутуучу тарабынан айтылган ой пикирлердин баалуулугу алган билимдеринин тереңдешине жакындан жардам боло тургандыгы ар дайым алардын аң-сезиминде күнүмдүк бекем көз карашка айлануусу зарыл.

Ал үчүн студент:

– өзүнө өзү ишенүүсү керек;

– алган билиминин тереңдигин аңдай, баалай билүүсү керек;

– аудиториянын идеясынын баалуулугун баалай, сактай билүүсү керек;

– студент өзүнө жакпаган идеяны аргументтүү теориялык, практикалык фактылар менен сындап, сунуш берүүгө жетишүүсү керек;

– окутуучу тарабынан берилген маалыматтардын бардыгын туура катары кабылдабай, өзүнө керектүүлөрүн тандоого жетишүүсү керек.

Сабак учурунда бул милдеттерди жүзөгө ашыруу окуу процесси психологиялык жана логикалык элементтерди камтыган үч компонент: чакыруу, түшүнүү, ой жүгүртүү аркылуу ишке ашышы керек. Анткени ч*акырууда–*окуунун психологиялык өзгөчөлүгү катары –проблемалык жагдай жана кырдаал түзүлөт. Себеби, студенттин ойлоо процесси так ушул кырдаалдан башталат. Анткени студент жаңы тема боюнча кандайдыр бир коомдогу окуялар, көрүнүштөр, конфликттер жөнүндө ой жүгүртө баштаганда карама-каршылыктарга туш болуп, анын ички психологиясында түшүнүксүз жагдайдын пайда болгондугу чакыруунун эң негизги компоненти болуп эсептелет. Эгерде *түшүнүү* процессинин башталышы катары аны чечүү үчүн жасалган иш-аракет анын структуралык компонентине кирүү менен, психологиялык структурасына ал процесс дагы өз ич ара үч компонентти:

– үйгө берилген жана өтүлө турган жаңы теманы;

– жаңы теманы түшүнүү үчүн студенттин жасаган иш- аракетин;

– студенттин жасаган иш- аракеттин ишмердүүлүккө айланышын камтыйт**.**

Бул процессти педагогдор Ч. Темпл, Д. Стил, К. Мередис менен кошо чет элдик педагог-психологдор Л.С. Выготский, Э. Ильенкова, К. Роджерс, Б. Блум, А.М. Пятигорский, М.М. Бахтиндер окуу

процессинин борбордук түйүнү катары эсептешип, билимди өздөштүрүүчүнүн бул стадияда суроолор, стратегиялар аркылуу жаңыча сапаттарга ээ болуусу [49, 21-30-бб.] деп карашат. Демек, окуу процессиндеги чакыруу стадиясы студенттин өтүлө турган жаңы теманы мурда өздөштүргөн билиминин негизинде толук кандуу чечүүгө болбой тургандыгын аңдоосу, сезе билиши, туш келген карама-каршылыктан чыгып кетүү үчүн жасаган психологиялык абалы, «рефлекция жасоо стадиясы» деп атасак да болот. Жаңы теманы өтүүгө карата жасалган бул процесс сабактын толук кандуу өз максатына жетүүдөгү негизги таянычы катары саналгандыктан окутуучу бул стадияга өзгөчө көңүл буруусу керек. Анткени көңүл буруу студент үчүн туруктуу же убактылуу мааниге ээ болгон обьектиге карата анан психикалык иш-аракеттеринин багытталышын жана көңүлүнүн топтолушун билдирет. Ошентип, эгер студент окутуучу берген билимдин баалуулугун сезип, ага көңүл буруп, аны кабыл алып, кабыл алган нерсесин чыгармачылык менен ойлоп иш-аракетинде турмушта колдоно билсе, ал заманбап кесипкөй адис болуу менен билим берген окутуучусунун эмгеги текке кетпеген болот деп эсептегенге толук ммүмүкүнчүлүк бар экендигин белгилөөгө негиз бар.

## 3-§ Кредиттик технологиянын негизинде окутууда интерактивдүү стратегияларды колдонунун жолдору жана анын натыйжалары

Билим берүүнү жаңы мазмун, жаңы формага салуу маселеси эң биринчи адабият предметине тийиштүү. Анткени ар кандай предмет эне тили аркылуу үйрөнүлүп, билим жолуна эне тили аркылуу кадам ташталат.

ЖОЖдордогу XX кылымдагы кырыгыз адабияты сабагында студенттерди чыгармачылык жактан активдештирүү маселеси педагогика илиминде акыркы мезгилдерде колго алына баштаган менен кантсе да, окутуу процессине келгенде солгун маселелерден болуп калууда. Анткени бул маселеге байланыштуу Сорос фондусунун каржылоосу менен жарык көрүп жаткан материалдардан башка атайын бул маселеге же жекече изилдөө жүргүзүү маселеси Н. Ахмедова, Б. Үкүеванын, А. Касымовдун изилдөө иштеринен башка кеңири масштабда изилдөө азырынча колго алына элек. Ошондуктан ЖОЖдордо кредиттик технологияда окуу процессинде интерактивдүү стратегияларды колдонуу менен адабиятты окутууда студенттердин чыгармачылык жигердүүлүгүн жогорулатуу маселелерине аныктама,

жоболорду киргизүү, топтолгон тажрыйбаларды байытуу, жаңы ыкмаларды иштеп чыгуу аны психология, философия, педагогика, тарых жана башка ушул предметтер менен байланышта окутуу, жаңы илимий-педагогикалык булактар менен камсыз кылуу, азыркы күндөгү педагогика менен методикабыздагы өзгөчө милдеттерден болгондуктан, биз ошол маселенин тегерегинде көптөгөн изденүүлөрдү жүргүзүүгө туура келди. Ошондуктан окутуу системасында комплекстүү «жаңы технологияны»–интерактивдүү стратегияларды колдонуу деген эмне? деген түшүнүктүн тегерегинде ой жүгүртүүгө туура келгенде ал –окутууну пландоого илимий мамиле кылуу, окутуунун каражаттарын оптималдуу системада колдоно билүү, аны түзүү, толук кандуу сапаттуу кесипкөйлүк окутуунун мазмундуу критерийлеринин негизи десек болот. Окутуунун маңызынан келип чыккан бул критерийлер, албетте, предмет боюнча түзүлгөн силлабустун сапаттык деңгээлине барып такалат. Анткени комплекстүү окутуунун каражаттарынын мазмунун окуу силлабусундагы материал камтып, предметтеги ар бир тема анын ички мазмунунан четте калбагандыгы.

Окуу процессин камсыздоодо педагогдун окутуу ишмердиги студенттин окуу ишмердигинин жүзөгө ашышына таяныч болгон: 1. Билим берүүчүлүк, 2. Тарбиялык, 3. Өнүктүрүүчүлүк 4. Колдонуучулук [133] сыяктуу төрт функция аркылуу ишке ашырылат. Окуу процессинин дидактикалык жактан мындай камсыздалышы окутуунун каражаттары аркылуу жүзөгө ашат. Анын натыйжалуулугу максатка негизделген интерактивдүү методдорду колдонууга байланыштуу. Реалдуу окуу процессиндеги мындай интерактивдүү методдор тажрыйбалуу окутуучулардын ишмердүүлүгүнө, педагогикалык чеберчилигине, окуу материалынын маңыз-мазмунуна, студенттин курамына, окуу процессинин жүрүшүндө түзүлгөн чөйрө, шарттарга карата натыйжалангандыктан «жаңы технология» түшүнүгүн окумуштуулар:

– ык, эп, иштеп чыгылган методдордун жыйындысы, абалдын өзгөрүшү, чеберчилик, искусство;

– ойлоого байланышкан адам ишмердүүлүгүндөгү маданий түшүнүк;

– техникалык, маанилик сапат жөндөмдүүлүктөн турган интеллектуалдык жаңыча иштеп чыгуу;

– жаңы методдордун пайда болушу жөнүндөгү кандайдыр бир процесстеги билимдердин жыйындысы;

– окуу процессине таасир этип, уюшулган максаттуу багытталган

педагогикалык таасир;

– окуу процессин натыйжалуу жүзөгө ашыруудагы мазмундуу технология;

– окутуунун максатына жетүүдөгү ийгиликтин кепилдик каражаты;

– окутуунун пландалган жыйынтыгына жетүүдөгү ийгилик процесси;

– практиканы иш жүзүнө ашыруудагы педагогикалык системанын аныкталган жаңы проектиси [91, 6-б.], «педагогикалык технология илимге караганда эң чоң искусство» [50], «окуу жараянын жаңыча түзүү» [40, 75-б.] деп белгилешет. Окутуунун жаңы технологияларынын экинчи аталышы «интерактивдүү усулдар, же интерактивдүү стратегиялар» деп да аталып жүрөт. Ал англисчеден которгондо – өз ара аракеттенүүнү билдирүү менен, «Сабак процессинде окуучулардын өз ара жана мугалим менен дайыма пикир алышууда болуусу, биргелешкен демилгелүү иш-аракеттери, жыйынтыгында иреттүү белгилүү бир тыянак-кортундуларга келиши» [94, 656-б.], жекеден, жуптан, тайпада өз ара кызматташтык менен белгилүү бир тапшырманын негизинде бир жыйынтыкка келип, аны презентация кыла билүүлөрү. Окутуунун бул методу педагогика илиминде 20-кылымдын 80-жылдарында «кызматташтык» деген ат менен кабыл алынып, анын негизги максаты жана натыйжасы – студенттердин активдүүлүгүн көтөрүү менен алынган билимдин сапаттуулугу менен айырмалангандыктан В.М. Монахов жаңы технология – «педагогикалык технологиянын – «технологиялык оболочкасы» деп:

– окуу жылы ичинде окутуучу өз билимин мамлекеттик стандарттын негизинде түзүлгөн программа аркылуу чеберчиликте бере билүүсү;

– чыгармачылык менен чеберчиликтин ээси болуусу;

– окутуунун технологиялык, информациялык картасын долборлоону чеберчилик менен билүүсү жана сабактын информациялык картасын профессионалдык деңгээлде салыштыра билүүнү сунуштоосу [81, 92-б.] деген жыйынтыгын белгилейт. Ал эми Б.К. Үкүева: “Философиялык көз караштан алганда, окутуунун «жаңы технологиялык» концепциясы–дидактикалык категорияга кирүү менен тарыхый–логикалык биримдиктин аспектисинде каралуучу абстрактуу кыймылдан конкреттүү кубулуш, маңызга өтүүсү. Жөнгө салуу, прогноздоо максатында сабактын этаптарында алдын ала айрым

элементтерди жөнгө салуу, прогноздоо, долбоорлоо" [133] деп көрсөтөт. Демек, бул көз караштан алганда, кредиттик технологиянын негизинде кыргыз адабиятын жаңы технологияларды колдонуу аркылуу окутуу менен студенттердин «чыгармачылык ой жүгүртүүсүн» өнүктүрүү бүгүнкү күндөгү дүйнөлүк – Еврибримдиктеги билим берүү тармагында актуалдуу маселелерден болуп кала берет. «Чыгармачылык ой жүгүртүү» термини боюнча окмуштуулардын көз караштарына кайрылганда: Б.М. Теплов: «жаңы коомдук мааниси жогору оргиналдуу иш‒аракет, чыгармачылык ишкердик» [121, 46-б.] деген оюн айтат. Бул чындык. Анткени студенттер билим алуу процессинде жаңы нерсени жарата алышпайт, бирок кайтарым билим мезгилинде, окутуучудан үйрөнгөн ар кандай интерактивдүү стратегияларды колдонуу менен өз алдынча идеяларын турмуш жагдайларына карата ыңгайлашытырышып, жаңыча чыгармачылык менен ой жүгүртүп, презентация кылууга аракеттенишет. Себеби, чыгармачыл инсандын ички мүнөзүндөгү психологиялык активдүүлүгү, аны ар кандай билимди, ыкмаларды тез өздөштүрүүсүнө, зээндүүлүгүнө, зиректигине, тапкычтыгына байланышып, ал аркылуу алган билимин практика жүзүндө ишке ашыруу үчүн активдүү аракетке жасоого түртөт. Студенттин жаңыдан алган билимин презентациялоодо көрсөткөн анын өз алдынчалыгы, эмгекчилдиги, негизги мазмундан башкы окшош айырмачылыктарды көрө билүүсү чыгармачылык ой жүгүртүүнү өнүктүрүүчү каражат катары көрүнөт. Студенттин чыгармачылык ой жүгүртүүсүнүн жыйынтыгын негиздеген мындай мүнөздүк сапаттар анын билимди натыйжалуу өздөштүрүүсүнүн натыйжасы катары сабак учурунда жасалган анын ар кандай жаңы идеяларды презентацияланышынан байкалат.

Окумуштуу А. Муратов бул маселенин тегерегинде иликтөө жүргүзүп, "жаңы технологияны" – ой жүгүртүүнүн өнүгүшүнө негиз болгон технология-деп белгилесе, сөздүктөрдө бул термин:

– «ыкмалардын биримдиги–педагогикалык ишмердүүлүктүн терең процессин чагылдырган, алардын өз ара таасир этүүлөрүн көрсөткөн, ошондой негиз кылганда окуу-тарбия процессинин натыйжалуулугун көтөрүүгө шарт даярдап берген педагогикалык билимдердин тармагы» [89, 19-б.],

– «-социалдык тажрыйбаларды чагылдыруунун форма, ыкма, метод жана каражаттарынын биримдик-байланышы, ошол процесстин техникалык жактан ишке ашырылыш жолу», [96, 436-б.]

«-окуу – таанып билүү процессин уюштуруунун жолдорунун биримдиги же алдыга койгон максатка жетүүгө багытталган

мугалимдин конкреттүү ишмердүүлүгү менен байланышкан белгилүү бир кыймыл-аракеттердин, операциялардын ырааттуулугу», [104, 56-б.] деп берилет. Ал эми педагогикалык технологияны бүтүндөй илимий багыт, агым катары карап, Г.К. Селевко: «окутуунун бир кыйла рационалдуу жолдорун изилдеген илим», [103, 15-б.] десе, Коджаспировдор: «билим берүү системасынын конструктурлоо, окутуу процессин проектирлөө жолу менен шугурланган педагогика илиминдеги жаңы (50-жылдардан тартып) багыт», [41, 149-160-бб.] дейт. Ал эми Л.А. Байкова: «-окуу–тарбия процессинин эффективдүүлүгүн арттырууга багытталган, анын жогорку деңгээлин гарантиялаган, белгилүү максат-ниеттерге жетишүүнү камсыз кылган педагогика илиминдеги (прикладдык педагогика) атайын багыт» [20, 9] деп белгилейт. Бул пикирлерге кошумча Урал мампедуниверситетинин профессору, педагогикалык илимдердин доктору Е.В. Коротаева педагогикалык технологияларды төмөнкүчө классификациялайт:

– окутуунун активдүү методдору менен формаларын колдонгон педагогикалык технологиялар: оюн технологиялары, проблемалык окутуу, өстүрүп-өнүктүрүп окутуу технологиялары, программалык окутуу технологиялары, интерактивдүү окутуу, окутуунун компьютердик технологиялары, модулдап окутуу, окуучулардын чыгармачылык ишмердүүлүгүн активдештирип окутуу ж.б. [42, 21-22-бб.]

Адептивдүү (кандайдыр бир окуунун ишеничтүү формасы) педагогикалык технологиялар: түрдүү деңгээлин карап окутуу; окутуунун жекелештирилиши; вальдоф педагогикасы; суггестивдүү технологиялар; окутууга аудиовизуалдык мамиле кылуу; адептивдүү мектеп (Е.Ямбург), мектеп-парк (Балабан); агромектеп (А. Католикова) ж.б.

Окутуунун автордук мектеби катары сунуш этилген педтехнологиялар: Ш.А. Амонашвили, Е.И. Ильин, С.Н. Лысенкова; Никитиндердин үй-бүлөлүк тарбиялоо системасы; В.Ф. Шаталов ж.б. тарабынан киргизилген [19, 7-б] технологиялар. Барнаул шаарынан А.В. Петров XX кылымдын соңунда Россияда саясий, социалдык, экономикалык тармактарда гана кризис болбостон, билим берүү тармагында да олуттуу кризис болгондугун айтып келип, азыркы учурда мектептер жана ЖОЖдо төмөнкүдөй технологияларды практикага активдүү киргизип жаткандыгын белгилейт:

– проблемалык окутуу – маңыз, максаты – үйрөнүп жаткан материалга алдына бара-бара жана атайын максат менен билимди

активдүү өздөштүрүү үчүн таанып-билүүчү милдеттерди коюп баруу; билим берүүнүн максатына жетишүү үчүн изденүүчү методдорду жана таанып – билүүчү милдеттерди коюунун механизмдерин колдонуу;

– концентирленген окутуу – маңыз, максаты – билим блокторун бириктирип окуу менен предметтерди терең өздөштүрүүгө аракет кылуу, мында максатка жетүүнүн башкы жолу – үйрөнүүчүнүн иш жөндөмдүүлүгүнүн динамикасын өстүрүүчү ыкмаларды колдонуунун механизмдерин пайдалануу;

– модулдук окутуу – өз алдынча окуу программасы менен үйрөнүүчүнүн жекече ишмердигин өнүктүрүшү. Анын максатка жетүү механизми – окутуунун индивидуалдуу темпи жана проблемалуу мамиле;

– өнүктүрүп-өстүрүп окутуу – маңызы – үйрөнүүчү адамдын потенциалдык мүмкүнчүлүгүнө жана анын реализацияланышына негизденип билим берүү. Максатка жетүү механизми – үйрөнүүчүнү ар кандай ишмердүүлүктүн түрлөрүнө салып, максатка алып баруу;

– диференцирлеп окутуу–маңызы–үйрөнүүчүнү жалпыга милдеттүү стандарттан төмөн түшүп кетпеген ар түрдүү пландалган денгээлдеги программалык материалдарды окуп үйрөнүү. Максатка жетүү механизми–индивидуалдуу окутуу методдорун колдонуу;

– активдүү окутуу – маңызы – келечектеги адистин ишмердүүлүгү үчүн предметтик жана социалдык мазмунду моделдештирүү. Максатка жетүү механизми–активдүү окутуунун методдору.

– оюнга негиздеп окутуу – маңызы – билим берүүчү маалыматтарды издеп табуу, иштеп чыгуу жана өздөштүрүү ишмердүүлүгүнө багытталган жумуштарды өз алдынча ишке ашыруу. Максатка жетүү механизми – үйрөнүүчү чыгармачылык ишмердүүлүккө тартуу үчүн оюн ыкмаларын колдонуу» [26, 17-б.].

Демек, бул көз караштарды жыйынтыктай келгенибизде «технология» термини – гректин «техно»+«логия»-деген сөзүнөн алынып, «техно»–искусство, чеберчилик деген түшүнүктү берип, «логос» үйрөнүү, окуу дегенди түшүндүрөт. Демек, «технология» термини кандайдыр бир нерсенин формасын, мазмунун өзгөртүп, жаңы форманы, мазмунду, касиетти берүү, үйрөнүү дегенди билдирет. Бир нерсени экинчи нерсеге өзгөртүп жасоодо, албетте, чеберчилик, улуу фантазия, ой, чыгармачылык, ишкердүүлүк, талант, жөндөмдүүлүк талап кылынат. «Цивилизация алдыга озгон сайын, баары бир артка, башатка кайрылып отурбаса, өнүгүү түбөлүктүү болбогондой» [126, 129] цивилизация да өз келечегине керектүү инсанды өткөндүн

тажрыйбасына таянып, учурдагы жаңы технлогияларды колдонуп билим-тарбия берүүгө туура келет. Ал үчүн окутуучу жана студент окутуунун технологиясын жакшы өздөштүрүү зарыл. Анткени окутуунун технологиясы окутуунун максатына жетүүдө, ар кандай метод, каражаттарды колдонуп, студентке билим берип, тарбиялоодо эң натыйжалуу жол боло тургандыгын төмөнкү сабактын бир иштелмеси аркылуу далилдөөгө аракеттенели.

**Сабактын темасы**: Жунай Мавляновдун өмүрү, чыгармачылыгы.

**Сабактын максаты:** Жунай Мавляновдун өмүрү, чыгармачылыгын окутуу.

**Колдонулган ыкма:** Кластер, Концептуалдык карта, БББК.

**Сабактын жүрүшү:**

***Чакыруу этабында:***

Адегенде жазуучу Ж.Мавляновдун өмүрү, чыгармачылыгы боюнча аудиторияга:

1. 70-жылдардагы кыргыз адабиятынын өнүгүшүндө Ж. Мавляновдун орду, ролу жөнүндөгү көз карашыңар?
2. Ж. Мавляновдун өмүр баяны жөнүндө эмне билесиңер?
3. Ж. Мавляновдун согуш темасындагы кайсыл чыгармаларын билесиңер?
4. «Аваз» аттуу повестинде согуш учурундагы фронттон – тылга, тылдан –фронтко жазылган каттар, элдин ошол кездеги руханий күчү, оозеки чыгармачылыгы, элдик ыйман, салт баяндоочу каарман Рыскулдун акеси менен Бектору жеңесинин образдарынын тегерегине топтоштурулганбы? [59, 140-183-бб.].
5. Жекече 3-минута, жуптарда 5 минута пикир алышканга мүмкүнчүлүк берилет.

Тайпада 21 студент болсо, 7 студенттен 3 тайпага бөлүп, тайпалар суроонун жообун иштеп чыгуусу керек.

**Түшүнүү этабында:** Лекциянын тексти үч тайпага тыным боюнча окуу үчүн таркатылып берилет. 1-тыным боюнча окуган ар бир студенттин жетөө тең өзүлөрүнүн окугандарын өнөктөштөрүнө ар бири бирден айтып беришип, өз түшүнүктөрүн дагы тереңдетишет, калган үч тайпада да ушул эле процесс ишке ашат. Бирин-бири окуткан студенттердеги топтолгон идеяларды практика жүзүндө аудиторияга көрсөтүш үчүн 3 тайпага 3 ватман таратылып, 1-тайпа кластер, 2-тайпа концептуалдык карта, 3-тайпа БББК стратегиясында тема боюнча

тыным менен окуган жаңы материалдын кайтарымын берүүгө даярданышат.

**Ой жүгүртүү этабында**: 1-тайпа Ж. Мавляновдун өмүрү, чыгармачылыгына кластер түзүшүп, аны төмөндөгүдөй чечмелеп беришет: Ж. Мавляновдун кыргыз маданиятындагы ордун глобус катары элестетип, глобустун түбүн-түркүгүн 1924-жылы Аксы районундагы Рингит айылында (азыркы Кош-Дөбө айылы) колхозчунун үй- бүлөсүндө туулган жери катары карап, жер шарын кармап турган алты материкти анын чыгармачылыгындагы көп кырдуу таланты деп эсептешип, Ж. Мавляновдун педагогдук талантын Антрактида деп кабыл алышкан, анткени Антрактида–дүйнөдөгү эң бийик материк. Муз кыртышынын орточо бийиктиги 2040 метр, б.а. калган бардык материктердин бетинин орточо бийиктигинен 2,8 эсе (730) жогору. Материктеги муздун астындагы накта бетинин орточо бийиктиги 410 метр болгон менен Антрактида таш көмүргө, темир, жез, коргошун, брон, калай, марганец, тоо хрусталдарына бай келген сыяктуу, Ж. Мавлянов да өзүнүн көп кырдуу талантынын өркүндөшүнө негизги булакты педагогдуктан алгандыктан, адабиятчынын бул кесибин Антрактида деп карагандыктарынын да жөнү бар. Жазуучунун дагы бир өзгөчө кесиби котормочулугун–Австралия деп алышкан. Анткени Австралия−Түштүк жарым шардагы материк. Аянты 7631,5 миң км. Калкы−15,6 млн. Анын чыгыш жээгиндеги деңиздер (Тасмания, Карал түндүгү, Арафура деңизи, батышы менен түштүгүн Инд океаны чулгайт. Ага жакын жаңы Гвинея, Тасмания аралдары жайгашкан сыяктуу, Ж.Мавлянов да−көп улуттуу элдердин чыгармаларын өз эне тилине которуп, өз улутунун руханий байлыгын көтөргөн котормочу.

Жазуучунун негизги өзгөчөлүгү жазуучулук болгондуктан, анын чоңдугу боюнча Евразиядан кийинки экинчи материк Африкага теңешкен. Башканы айтпаганда да, дүйнөгө белгилүү болгон өлкөлөр: Алжир, Ангола, Бенин, Борбордук Африка Республикасы, Бурунди, Габон, Гамбия, Замбия, Гвинея, Заир, Сенгал, Тунис, Чад, Уганда, Эфиопия өлкөлөрү Африкага кирген сыяктуу Ж. Мавляновдун «Жүрөк» (1960), «Аркыт гүлдөрү» (1961), «Мөл булак» (1963) деген ыр жыйнактары, андан соң турмушта көрүп-билгендерин кеңири жана ар тараптуу чагылдыруу үчүн кара сөзгө кайрылып, «Бекиш, сага эмне болду?» (1964), «Күтүү» (1966), «Менин күндөлүгүм» (1967) аттуу аңгемелер жана повесттер жыйнактарына аталган өлкөлөрдөн орун беришкен. Ушул жерде белгилеп кетүүчү нерсе, жер шарындагы эң көп территорияны ээлеп турган материк Америка экенин биз жогоруда белгилеп көрсөттүк. Ошондуктан жазуучунун проза жанрына кошкон

салымын жазуучулук өнөрканасын Түндүк Америкага салыштырып, анын кыргыз адабиятындагы ат көтөргүс үч романын («Ачык асман», «Бийиктик», «Жаңы таң») жана аңгеме, повесттер жыйнактарынын Москвадан орус тилинде жарык көргөндүгүн, айрым чыгармалары француз, немис, англис, украин,казак, тажик, өзбек ж.б. тилдерге которулгандыгынын өзү эле Түндүк Американы багындырып алгандай кеп деп белгилешкен. Ал эми Америка континентинин Түштүк бөлүгүн Ж. Мавляновдун кайталангыс таланты катары таанышып, ал Түштүк Американынын жылуулугундай сезим ойготкон 1998-жылы «Эсте калган элестер», 1994-жылы «Кайрымсыз жылдар» аттуу даректүү баяндары менен окурмандардын көңүлүн бурат, деп 1-тайпадагылар өздөрүнүн кластерин презентациялашат.

2-тайпанын концептуалдык картасында Кыргызстандын картасын алышып, андагы жети областы жана алардагы райондорго жайгаштырышкан. Жазуучунун өткөн кылымдын 70–80-жылдарындагы жаралган чыгармаларын анын адабий жетилген курагы деп белгилешүү менен ал адабиятта аябай активдүү иштегендигин «Менин күндөлүгүм» повести (1967) [63], «Ачык асман» романынын биринчи китеби (1968) [54], «Келе колуңду» аттуу аңгемелер жана повесть жыйнагы (1969) [60], «Ачык асман» романынын калган бөлүгү (1971) [55], «Чагылган» (1972) [68], «Нан» (1973) [64], «Бийиктик» (1977) [56], «Турмуш» (1979) [67], «Жаңы таң» (1980) [57], «Эне» (1983) [69], «Мен жана менин айылдаштарым» (1985) [62], «Тандалмалар» (1987) [76] аттуу китептеринен көрүнгөндүгүн ар бир чыгармасынын идеялык мазмунуна токтолуу менен анын Кыргызстандан «Мать» [61], «Я и мои односельчане» [71], «Избранное» [58], «Ясное небо» [58], Москвадан «Советский писатель» басмасынан «Ожидание» [70], «Чистое небо» [57], «Ясное небо» [53], «Высота» [51] деген китептери орус тилинде жарыялангандыгын жана алардын ички идеялык мазмунуна, кыргыз адабиятынын тарыхындагы көтөргөн жүктөрүнө жараша жайгашырышып, алардын ар биринине токтолушкан. Ошол эле мезгилде бул чыгармалардын көпчүлүгү жазуучунун өзүнүн жеке турмуштук булактарынан алынып жазылгандыгын белгилешкен. Нобель сыйлыгынан лауреаты Г.Г. Маркес 1987-жылы январда «Gaseta de Kuba» журналына жарыяланган «Өзүм жөнүндө» деген маегинде журналист менен мындай деп ой бөлүшкөнү бар: «Негизинен менин бардык чыгармаларымдын байлаган тамыры, суу ичкен башаты–турмуш чындыгы, андан алыстаган бир дагы китебим жок. Мисалы, «Бир

өлүмдүн тарыхын» айтсак, ал ар кай жерден же ар түркүн кырдаалдан чогултулган тиричилик көрүнүштөр эмес. Бул турмуштан алынган бир бүкүлү окуя: «Бир өлүмдүн тарыхында» айтылгандардын баары чындыгында болгон, менин алымча-кошумчам аларды адабиятташтырууга гана байланыштуу» деп белгилегени эскертилет. Андан ары бул маек улануу менен мен адабият жаатында да, журналистика жаатында да иштеп келем жана да ар дайым алардын айырмасын түшүнүүгө аракет жасайм. Албетте, алардын ортосунда айырма айныксыз бар, арийне ал айырма өзүн актабайт, анчалык ажырым айырма болушу мүмкүн эмес. Анткени журналистика сыяктуу эле адабият дегенде мен романды эске алып атырмын, бир өзөндөн суу ичет. Ооба, чагылдыруу ыкмасы башка, бирок маани-маңызы бир. Көздөгөн максаты–көрсөтүү, айтып берүү, ынандыруу. Мен бир эле учурда адабиятта да, журналистикада да иштегендиктен, бул эки кесиптин мамыры-жумуру жуурулушуп кетишин эңсеген элем. Бул мүдөөмдүн үдөөсүнө кыязы, «Бир өлүмдүн тарыхында» жеттим өңдөнөт. Мен айтар, журналистика ыңгайынан караганда, бул–репортаж, бирок «адабиятташкан репортаж», андан да ашыра айтсак, адабий репортаж. Ал турмуш чындыгы кеңири камтылганына эмес, турмуш чындыгынын өзү адабиятка айланганына байланыштуу» [78, 163–164-бб.]. Мына ушул окшоштукту Ж. Мавляновдун чыгармачылыгынан да табууга болот, кыргыздын залкар жазуучусу да мугалимдик учурун «адабиятташкан репортажга» айландырган чыгармаларын жаратты. Г. Маркес «романдардын ичиндеги романдар» дегендей Ж. Мавляновдун да романдардын ичинен романдарды, повесттерди, аңгемелерди, очерктерди бөлүп чыкканын көрөбүз. Эгер Г. Маркес Боготада чыккан «Espektador» гезитине жумасына бир жолу бир колонка макала жазып берип, журналистика менен алектенсе, Ж. Мавлянов да журналисттик кесип менен алектенип, «Мугалимдер газетасын» чыгарып келди. Ал жерде да жазуучу үчүн зарыл болгон тагдырлар, мүнөздөр, образдар, окуялар менен жакындан таанышты.

Кыргызстан эгемендүүлүк алган жылдарда демократия Жазуучулар союзуна да жетип, ал союз ичтен бир нече топко бөлүнүп, бул уюмдун кадыры кетип жатканда Ж. Мавляновду көпчүлүк суранып жүрүп, ал жерге жетекчи кылып алып келгендиктен, 1995-96-жылдары Кыргызстан Жазуучулар союзуна төрагалык кызматын аркалайт. Китеп чыгарууга мамлекеттик колдоо көрсөтүлбөй ар ким демөөрчүлөрдү издеп, же өз каражатынан китеп чыгарып жаткан жылдарда да калемгер

жаңы чыгармаларды жазып, «Кайрымсыз жылдар» [59], «Эсте калган элестер» [70] деген китептерин бастырып чыгарды.

Жазуучу Ж. Мавлянов пенделик парзын аткаруу үчүн келе жатып, Кичи Мекенинин жолунда капысынан автокырсыкка учурап 2003-жылы жарык дүйнө менен кош айтышкан. Агартуучу катары ал «Ардак белгиси», Эмгек Кызыл Туу ордендери, Республиканын Жогорку Советинин Грамотасы менен сыйланган, «СССРдин эл агартуу отличниги», «Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген мугалими» деген ардак наамдарга ээ болгон. Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучусу жана ардагери катары Ата Мекендик согуштун биринчи даражадагы ордени жана бир нече медалдар менен сыйланган. Жазуучулук эмгеги «Кыргыз Республикасынын эл жазуучусу» деген наамга татыктуу кылган. Ал СССР жазуучуларынын Бүткүл союздук эки съездинин (1967,1972) катышуучусу. 1967-жылдан 1972-жылга чейин СССР жазуучулар союзунун башкармасынын Текшерүү комиссиясынын, 1966-жылдан 1976-жылга чейин Кыргызстан Жазуучулар союзунун президиумунун, 1966-жылдан республиканын жазуучулар союзунун башкармасынын мүчөсү. Анын «Жалгыз бутактуу арча» аттуу повести боюнча 1966-жылы кинорежиссер Дооронбек Садырбаев телефильм тарткан.

Анык сүрөткер укум-тукумга даанышман чыгармаларды гана эмес, өз өмүрүн–баа жеткис, эч нерсеге алмаштыргыс искусство чыгармасын да калтырат дегендей кайталангыс таланттуу жазуучу артынан эли үчүн урагыс фундеманталдуу көркөм соборун калтырып кетти. “Сүрөткерден мурда адам болот. Искусстводон мурда сүрөткер болот” деп Толстой айткандай эгер биз Толстой-жазуучуга ишенсек, бул ири алдыда Толстой–адамга ишенгенден чыгат» [4, 69-б.], - деп адабияттын залкары Ч.Айтматов айткандай жазуучу сүрөткер болордон мурда адам болушу керек. Адам кандай болсо анын чыгармасы ошондой чыгат. Кыраакы, кынтыктуу окурмандар окуп жаткан чыгармасынан улам эле автордун адамдык сапаттарын, идеалын, кызыгууларын, психологиясын билип алсак болот деп, 2-тайпанын студенттери өз картасын презентациялашат.

***3-тайпа БББК стратегиясын сунушташат***

2.3.1.- Таблица. БББК стратегиясы

| I. Билем | II. Билдим | III. Билгим келет |
|---|---|---|
| *Ж.Мавляновдун өмүр баянын, чыгармачылыгынын башталышын. | * Өмүр баяны, аңгемелери, повесттери, романдары жөнүндө кенен | Ж.Мавляновдун ар бир эмгегин, чыгармаларын окуп, айрым бизге |

| | | |
|---|---|---|
| *Адабият майданына киришүүсүн, айрым чыгармаларын | түшүнүк алдык-деп өмүр баянынан баштап, ар бир чыгармасына токтолуп анализ кылуу менен өз стратегиясын презентациялап беришти. | жетпеген эмгектери жөнүндө белгилери келет. *Өмүрүнүн акыркы мезгилдеринде кандай эмгектерди чыгарууга жетишти. Инсандык тагдыры кандай? |

Сабактын жыйынтыгында окутуучу, бардык тайпалардын ой-пикир, көз караштарын уккандан кийин, өз пикирин билдирип, тайпалардын баалоосуна да көңүлгө алып, реалдуу баалайт.

Окутуучу айрым учурда студенттердин ар бир тайпасынын бири-бирине койгон баасы аркылуу алымча, кошумчасы менен баалап койсо да реалдуу болот.

Кээде окутуучу өзү ар бир студенттин иш-аракетине, активдүүлүгүнө карап да бирден баалап чыкса да болот.

Сабак бааланган кийин, үйгө тапшырма берилет. Сабактын жүрүшү жогоруда белгиленгендей чакыруу, түшүнүү, ойжүгүртүү этабы менен ишке ашты. Колдонулган технологиялар төмөндөгүдөй формада болду:

2.3.2.- Сабакта колдонулган технологиялардын таблицасы.

| **Этаптар** | **Колдонгон технологиялар** | | **Күтүлүүчү натыйжа** |
|---|---|---|---|
| **I.Чакыруу** | Суроолор | | Чыгармачылык м-н ойлоого мүмкүнчүлүк түзүлдү.Өтүлгөн тема жаңы тема менен жана география, тарых, химия сабактары менен байланыштырылды. |
| **II.Түшүнүү** | Кластер, БББК, Концептуалдык карта | | Ж. Мавляновдун чыгармачылыгы боюнча кайтарым билимдери тереңдеди. Жаңы технологияларды сабакта колдонууну үйрөнүштү. |
| **III. Ой жүгүртүү** | Графикалык, оозеки, жазма стратегиялар | | Оозеки, эркин сүйлөгөнгө, жазганга, сүрөт тартканга, чыгармачыл ойлоого жана жаңы технологияларды турмуш менен айкалыштыра колдоно билүүгө үйрөнүштү |

| | | | |
|---|---|---|---|
| **IV.Презентация** | Тайпалар аркылуу ишке ашты | | Чыгармачылык ой жүгүртүү активдүүлүктөрү артты. Ар кандай татаал кырдаалдан чыгууга үйрөнүштү. |

Чындыгында 2000-жылдардан баштап, республикабыздын ЖОЖдорундагы сабак берүү уюштуруучулугу, маныздуулугу, методикалуулугу менен билим берүүчүлөрдүн көңүлүн өзүнө бурду [26, 36, 141, 130]. Бул процессти активдештирүү максатында 80-жылдардын акыры 90-жылдардын башында адегенде АКШ, Францияда кийин 90-жылдары Россияда, 90-жылдардын аягында бир топ эмгектер [35] жаратылды. Алардын негизги мазмунунда жаңы технологияларды колдонуп билим берүүдө өзүнө жана башкага үйрөтүү бул−жаңы билим, бул−инсанды башкача жаратуу, «ички руханий дүйнөнү жаныча калыптандыруу, билим алуунун жаңыча ыкмасы» [35, 37], окутуучу, «транслятордуктан» биргелешкен ишкердикти уюштуруучу өз ишинин «чебери–мыктысы», студенттердин педагогикалык жөндөмдүүлүгүн арттыруучу, келечектеги кесиптик адистин ишмердигин калыптандыруучу, долбоорлоочу «кеңешчи» катары алдынкы планга чыкты. Мындай артыкчылык билим берүү сиситемасындагы төмөнкү жетишпестиктерден: б*иринчиден, ж*алпы коомубуздун анын ичинде билим берүү системасынын кризиске учурашынан. *Экинчиден,* билим берүү системасында колдонулган методдордун сапаты таныльп, окуу-тарбиялык иштерди активдештирүү, өнүктүрүүгө, жаңылоого болгон каалоолордон. *Үчүнчүдөн,* тажрыйбалуу педагогдордун профессионалдык ишкердиктин критерийлерин жаныча карап чыгууга дилгирлигинен. Т*өртүнчүдөн,* окуу процессинде окутуунун жаңы технологияларын колдонуу–окуу процессинин сапатын жогорулатып, гумандаштырууга алып келгендигинен келип чыкты.

Чындыгында толук кандуу баалуулуктагы чыгармачыл ой жүгүртүү деңгээли жогору эртеңки күндүн кесипкөй адисин даярдоо өзгөчө атмосфера менен жагымдуу жагдайды түзүүчү чөйрөгө көз каранды. Себеби окуу процессинин жакшы натыйжа берүүсү үчүн, адегенде окутуучу студентке жагымдуу аудитория, ыңгайлуу чөйрөнү түзүүсү зарыл. Анткени, окутуучу окуу процессинин негизги компоненти катары чөйрөнүн ыңгайлуулугуна көңүл бурушу керек. Эгерде студенттин билим алуусу үчүн ыңгайлуу чөйрө түзүлбөсө, окутуучу тарабынан берилген билим толук кандуу студенттерге жетпей сабак өз максатын актай албайт. Анткени, чөйрө талапка ылайык болбосо, студент чыгармачылык менен ойлоого, өз оюн эркин ортого

салып талкуулоого, анализдөөгө, синтездөөгө жөндөмдүү экендигин аудиторияга көрсөтө албайт. Анткени ыңгайлуу чөйрө–студенттин чыгармачыл идеясы баалоого татыктуу экендигине үйрөтүүнүн зарылдыгы катары каралат. Себеби, студенттин билим алуусу жана алган билиминин кайтарымы ушул аудиторияда–чөйрөдө ишке ашат. Ошондуктан окутуучу өзүнүн өтө турган жаңы темасынын технологиялык картасын эң жакшы билип, окутуунун жаңы технологияларын жакшы өздөштүрүп, моралдык, этикалык, эстетикалык жактан педагогдук элитанын күзгүсү болуусу шарт жана зарыл. Ошондо эртеңки коомдун ээси болгон кесипкөй адис–ар тараптуу, чыгармачылык ойлоосу күчтүү, коомдук маселелерди кыйынчылыксыз, жана кынтыксыз чече алган ишенимдүү адис боло алат. Себеп, заманбап окутуучу эрктүү мүнөзгө ээ келечектин эртенки муунун тарбиялап, ага берген билиминин жугумдуулугуна, тереңдигине ишенип, ошол эле мезгилде тынымсыз аракетинин кайтарымын алган билимдүү, тажрыйбалуу педагог болушу керек. Себеби ал заман талабына ылайык өзүнүн чыгарган чечимине, билимине жооп бере алган студентти эле эмес, чыгармачыл ой жүгүртө билген, интеллектуалдуу инсан–кесипкөй педагогдорду тарбиялап чыгарып жатканын жана бул оор вазийпа ага оор түйшүктүү милдеттерди жүктөп жаткандыгынын жоопкерчилигин сезүүсү зарыл. Андыктан, ЖОЖдордо кредиттик технологияны ишке ашырууда окутуучу: логикалык жактан күчтүү, чыгармачылык жөндөмдүүлүгү активдүү, өз алдынчалыгы калыптанган, сабак процессиндеги ар кандай маселелерди студенттердин командаларда өз алдынча чече билүүсүнө жетиштирген, студентке берген билимин практикада колдоно билгенге үйрөткөн, студенттерди альтернативдүү идеялардын чордонунан позитивдүү көз карашын аргументтүү жактап чыкканга багыт берген, бир эле мезгилде оппонентин аргументтүү сындап, ошол эле мезгилде экинчи бирөөнүн оюнун асылдуулугун баалаганга, аны кадырлай билгенге үйрөткөн төмөндөгү касиет-мүнөздөргө ээ болгон кесипкөй болуусу керек:

– аудиториядагы пикир канчалык деңгээлде экендигине карабастан, өз алдынча үйрөнүүгө жасаган аракети активдүү болушу керек;

– психологиялык жактан өзгөчөлөнүү менен анын идеясы өзү үчүн баалуу болгондон кийин ал жалпы аудитория жана окутуучу үчүн да баалуу экендигин сезип, аны жарыя кылууга жетишүүсүс керек;

– чыгармачылык ой жүгүртүүсүн көтөрүү үчүн тынымсыз аракеттенүүсү керек;

– терең билим алуунун натыйжасы гана дүйнөлүк аренага чыгууга өбөлгө болоорун ар бир сабагында сезип билүүсү керек;

– чыгармачыл ойлой билген, педагогикалык жамаатта үлгүлүү, абройлуу педагогдук даражага жетишүү үчүн тынымсыз аракет жасоосу керек;

– окутуучу менен студент окуу процессинде бири-бирин түшүнгөн, сыйлаган, шериктеш болгонго жетишүүсү керек.

Студент менен окутуучунун ортосундагы бул байланыш билим берүүдө жана анын кайтарымын талап кылууда диалог жолу менен ишке ашат. Анын ишке ашышы окутуучунун тажырыйбасына байланыштуу. Анткенибиз кээде студент менен окутуучунун ортосунда диалог жүрүп жатканда кээ бир окутуучулар студенттин оюн бөлүп, ар кандай суроолорду берип педагогдук этикетти сактабагандан улам студент айтайын деген оюн чаташтырып, темадан четтеп, оюн топтоштурууга чамасы келбей окутуучу экөөнүн ортосундагы диалог натыйжа бербей, окутуучу сый-урматтан калат. Мындай обьективдүү себептерге ылайык заманбап окутуучусунун мүнөзүндө ачыктык, сергектик, сезимталдык менен бирге, студенттин пикир, көз караштарын ар кандай кырдаалда кубаттоо, колдоо, жарык маанай, вервалдык байланыш, пикирлешүүнүн эркиндиги, сыйлоо эркиндиги, чыгармачылык эркиндик сыяктуу мүнөздүк өзгөчөлүктөргө ээ болгондо, окутуучу кайтарым билимдеринде эң жакшы ийгиликтерге жетишип, заманбап адистерди өндүрүшкө бере алат. Эгерде сабак чакыруу,түшүнүү, ой жүгүртүүэтабы менен өтүлсө. Анткени, окутуу процессиндеги бул үч стадия окутуучунун лекциясында, практикалык, лабораториялык сабактарында ар дайым сакталып, аткарылса, ал сабак жогорку деңгээлинде болот. Белгилөөчү жагдай, болонья процессиндеги кредиттик технологиялардын негизинде студенттердин билим деңгээлин жогорулатып, чыгармачылык ой жүгүртүүсү артышы үчүн адегенде ар бир лекция, семинарларда графикалык ыкмаларды үйрөтүп, аны колдоно билүүдөн баштаганыбыз оң натыйжа бере тургандыгы эксперименттерден байкалды жана ал сабак өз ичине негизги эки элементти: 1-Билим берүүнү; 2-Максатка жетүү үчүн колдонулган жаңы технологияны камтыды, натыйжада студент менен окутуучунун ортосундагы карым-катнаш эң жогорку деңгээлге жетти. Чыгармачылык ой жүгүртүүлөрү активдешти. Жаңы теманы жаңыча кабыл ала билүүсү тереңдеди. Студенттердин бири-бирин угуусу, баалай билүүсү терендеп, аудиториянын аурасы активдешип, сабак максатына жетти.

Дагы бир жагдай, бүгүнкү күндө кредиттик технологиялык билим берүү системасында интерактивдүү технологияларды колдонуу зарылбы? деген суроо туулушу мүмкүн. Анткени канчадан бери традициялык методдорду колдонуп, студенттерди окутуп келдик. Бул–чындык. Бирок коом өнүгүп, өзгөрүлгөн сайын эскини жаңы тана баштады. Бул жараян Евробримдикте көрсөткөнүбүздөй, жаңылануунун жолуна түшүүгө муктаждыкты жаратып, андан улам бүгүнкү күндүн педагогдорунун алдында ар тараптан жетилген, чыгармачылык жигердүүлүгү күчтүү студенттерди тарбиялап чыгуу милдети пайда болгондугун белгиледик. Ошого байланыштуу максатталган ишибизди ишке ашырууда жаңы интерактивдүү методдорду окуу процессинде колдонуу зарылдыгы окутуучу педагогдор үчүн жардамга келди. Себеби ал методдор:

– студенттердин алган теориялык билимин практикада чеберчилик менен ар кандай варианттарда натыйжалуу, логикалык ыраатуулукта колдоно билгенге үйрөтөт;

– өздүк идеяларын программалоого, жеке эмес, команданын идеясы күчтүүлүгүнө, бирин-бири уга жана сыйлай билүү инсандык асылзаадалык экендигин түшүнүшөт.

Ошол эле мезгилде студенттердин ички психологиясында төмөндөгүдөй артыкчылыктар калыптанат:

– өз оюн уялып айта албаган студент эми тартынбай идеяларын ортого салып, талашып-тартышып, өз оюн эркин айтып, талкуулаганга жетишишет;

– тайпаларда ар бир студент берилген тема боюнча ар кандай идеяларды жаратаарын практикада өз көздөрү менен көрүшүп, презентациялоо мезгилинде аны туюп таанышып, өз ийгиликтерине кубанышат;

– окуу процессинде аракеттенбей олтурган студенттин жоктугу тайпанын чыгармачылык ой жүгүртүүсүн, активдүүлүгүн жогорулатып, чыгармачылык жөндөмдүүлүгүн арттырды.

Натыйжада интерактивдүү методдорду колдонуп өтүүдө билим студенттердин эсинде 90% толук калары экспериментибизде аныкталды. Бул оюбуз 5% окуганда, 10% угушканда, 20% байкоо жүргүзгөндө, 30% угушуп байкоо жүргүзгөндө, 50% дискуссия жүргүзүшкөндө, 70% практикада аткара билишсе, 90% бирин-бири окутушса, эстеринде толук калаары окумуштуулар тарабынан да тастыкталды [75, 130]. Анткени, эгерде окутуучу өзүнүн сабагында бул интерактивдүү методдорду сабаттуу, ишеничтүү колдоно билбесе, студенттердин көз карашында:

– туура эмес идеялар менен түшүнүктөр калыптанат;

– сөз байлыгы начар студенттер сүйлөй албай, тартынчаак, уялчаак студенттер жооп бере албай, экинчи планда жашырынып калат;

– удиторияда баш аламандык күчөйт;

– окутуучунун берген билими толук кандуу болбогондуктан, аудиторияда түшүнбөстүктөр келип чыгат;

– окутуучуга болгон нааразычылык күчөп, окутуучу урматсыйдан тышкары калат.

Жогорудагы абройдон ажырабоо үчүн окутуучу:

– ар бир студенттин идеясын баалуу деп эсептеп ыраазычылык билдирип туруу;

– «Сен туура эмес айтып жатасың!» деген сөздү лексиконунан алып таштоо;

– «Туура», «окшоштуруп жатасың», «айтып жатасың», «эгер мындай деп», «же мына бул аргументтерди келтирсең, же кошуп койсоң», темага толук жооп бермексиң–деген сыяктуу баалуу багыттарды көп айтуунун керектиги. [133]

Демек, жасалып жаткан бул аракеттер студенттерди бир гана интеллектуалдык жактан көтөрүү эмес, социалдык багыттан да жигердүүлүгүн өстүрүп, чыгармачылык ойлоосу кеңейип, активдешүүсү үчүн да эбегейсиз өбөлгө болот. Анткени, психологиялык изилдөөлөрдө белгиленгендей, эң жөнөкөй обьектилерден баштап, тышкы дүйнөнүн тынымсыз кыймылын таануунун жыйынтыгынан келип, адам баласынын ички дүйнөсүндөгү жигердүүлүк өсөт [91, 6-б.]. Себеби, ар кандай сырткы дүйнөдөгү объектилердин таасиринен адам баласынын сезүү органдары ар кандай өзүнө каршы келген активдүү процессти субъективдүү түрдө таанусуна туура келет. Маселен окутуучунун берген билимин ар бир студент өзүнүн деңгээлдик кабыл алуусу боюнча психологиялык «ички мүмкүнчүлүктөрүн сырткы себептердин натыйжасында кыймылга келтирүүгө аракеттенишет» [92, 85-б.].

Ошол мезгилде окутуучу бул маселенин чечилишин студенттин өзүнө койбостон жакындан жардам берип, албетте, бул маселе чечиле тургандыгын түшүндүрүп, ага ынандыруу аркылуу анын (алардын) ички дүйнөсүндө жаңы нерсени (идеяны) жаратып, аны таанытып, тааныткан нерсесин калыптандырып, ал үчүн дидактикалык, психологиялык жагдай түзүүгө аракеттенүүсү зарыл. Албетте, бул жагымдуу жагдай окутуучу менен студенттин бири-биринин байланышы аркылуу жүзөгө аша тургандыктан, кредиттик

технологияларды колдонуп өтүлүүчү окуу процессинде бул иш – аракет жекеден эмес, жогоруда белгилеп көрсөткөнүбүздөй жуптан, үчтөн же командалык байланыш аркылуу ишке ашырылат. Негизги ролду байланыш, пикирлештик, идеялаштык ойнойт. Оюбузду далилдеш үчүн дагы бир сабактын жүрүшүн мисал катары көрсөтөлү:

**Колдонулуучу ыкмалар**: 4 баскычтуу интервью, 2 баскычтуу күндөлүк, РАФТ.

**Сабактын темасы**: Зуура Сооронбаеванын өмүрү, чыгармачылыгы “Астра гүлү” повести.

**Сабактын максаты**: 4 баскычтуу интерьвю, РАФТ, Эки баскычтуу күндөлүк стратегияларын окуу процессинин жүрүшүндө үйрөтүү менен «Астра гүлү» [104] повестинин идеялык сюжетин түшүндүрүүдө колдонуу.

**Кайтарым натыйжалар**:

**РАФТы колдонуу менен:** тема эркин аурада түшүнүлөт; алган билимдерин андан ары өркүндөтүп, кайтарымын окуутуучуга берүүдө методдорду тандай билишет; оппоненттеринин презентацияларындагы жетишкендиктерди аңдоо менен өздүк ийгиликтерин жана кемчиликтерин сезишет.

**«Концептуалдык картаны» колдонуу менен:** концептуалдык логикалары өсөт; ар кандай идеядагы проблемаларын чече билип, анын натыйжасын эркин сунуштаганга, салыштырганга жетишишет; чыгармачылык менен ой жүгүрткөнгө үйрөнүшөт; ар кандай предметтерди терең өздөштүрүп, аны адабият менен байланыштырганга үйрөнүшөт.

**4 баскычтуу интервьюну үйрөнүп, колдоно билүү менен:** чыгармачылык менен эркин ой жүгүртүп, эркин суроо бере билишет; аргументүү суроо бере билип, ага аргументтүү жооп ала билгенге калыптанышат; журналисттик этикетти ар кандай аудиторияда сактай билгенге үйрөнүшөт; журналист катары публицистикалык стиль менен адабий стилди айырмалай билип, аны чөйрөнүн атмосферасына карата колдоно билүүгө үйрөнүшөт; аудиториядагы сөз таасирин, ордун, колдоно билүү жолдорун үйрөнүшөт.

**Эки баскычтуу күндөлүктү колдонуу менен:** текст жана анын кайтарым жообунун маанилик табиятын сезе билишет; тексттик маалымат боюнча өз оюн так коргоого үйрөнүшөт; берилген тексттен интерпретациянын көп маанилүүлүгүн көрө билишет; оюн мазмундуу жазганга калыптанышат.

**Сабактын жүрүшүндөгү стратегиялык кадамдар**: а) Алгач мурда өтүлгөн тема боюнча кандай маалыматтар эстеринде

калгандыгын суроолор берүү менен кайтарым жооп алынып, кийин жаңы сабакка аудиторияга төмөндөгү кадамдар аткарылуу чакыруу жасалат:

**1-кадам**. Жаңы жарыяланган тема боюнча билген маалыматтарын дептерлерине тизмелешет (жекеден);

**2-кадам**. Өз алдынча ойлонуп, топтогон идеяларын кайрадан жупташып классификациялашат;

**3-кадам.** Классификацияланган идеяларын үчтөн биригип толукташат;

**4-кадам**. Топтолгон идеяларды окутуучу бирөөсүнөн сурайт;

**5-кадам.** Үчтүк топ толук жооп берип бүтүшөт;

**6-кадам**. Окутуучу студенттер белгилебей калган кошумча маалыматтарды билдирип жаңы тема боюнча жасалган чакырууну жыйынтыктайт;

**7-кадам**. Окутуучу жаңы теманын текстин тыным боюнча окуу үчүн4 командага бөлүп таркатат;

**8-кадам**. Бөлүнгөн убакыт бүткөндөн кийин 1-тыным боюнча окугандардын 1- биринчи топко, 2-экинчи топко, 3-үчүнчү топко, 4-төртүнчү топко бөлүп отургузат;

**9-кадам**. 1-тыным боюнча окугандарда 4 студент болсо, өзүлөрүнүн окугандарын төртөө тең бөлүнгөн топторуна барып айтып чыгышат, андан кийин 2-, 3-, 4-, тынымдагылар да бул процессти улантып, натыйжада төрт тыным менен окугандар биригип, бир командага айланып, толук лекция боюнча бир түшүнүк алышат.

**10-11-кадам**. 4кө бөлүнгөн командалардагы лекция боюнча алган түшүнүктүн кайтарымын текшерип бышыктоо үчүн РАФТ, концептуалдык карта, 4 баскычтуу интервью, эки баскычтуу күндөлүк сыяктуу интерактивдүү стратегияларды колдонсо, лекция боюнча толук түшүнүк ала алышат. Анткени окутуучу жаңы теманы салттуу методду колдонуп өзү айтып бербестен, студенттерге жаңы теманы өздөштүрүүнүн жол-жобосун үйрөтүп, багыт бергендиктен, өздөрү окуп, түшүнгөндөрүн бирин-бири окутуу менен кайра кайтарымын презентациялоо аркылуу бергенге жетишишти.

Окутуучу менен студенттин, студент менен студенттин мындай өз ара байланыш маселеси “чыгармачылык менен ойлоо”, ”чыгармачылык активдүүлүк”, ”чыгармачыл студент” түшүнүгүн аныктап, жыйынтыгында ЖОЖдордогу окутуу кредиттик технологиялардын негизинде жүргүзүлгөн процесстерде түзүлгөн силлабустар, колдонулган стратегиялар, дидактикалык процесстер

өзүнөн өзү изденүүчүлүк, тапкычтык, жаңыча тааный билүү мотивдери менен ишке ашат. Окуу процессинде кабыл алынган жаңы жобо, көрсөтмөлөргө ылайык, келечектеги квалификациялуу филолог адистердин кызыкчылыгы корголуп, окутуудагы чыгармачылыктын активдешип, өнүгүшү үчүн толук кандуу шарт түзүлөт.

Илимий-теориялык анализдеринин жыйынтыктары көрсөткөндөй, кредиттик технологиялык окуу процессинде интерактивдүү методдорду колдону менен жогорку натыйжага жетүүнүн дагы бир жолу–студенттерге психо-педагогикалык шарттарды түзүүнүн зарылдыгы. Анткени студент менен окутуучунун ортосунда кабыл алуу, түшүнүү, кыялдануу, чыгармачылык ой жүгүртүү, жаңыча түзүү болбосо, студенттин псхологиясындагы жигердүүлүк толук ишке ашпай калат. Себеби, студенттин ички мүнөздүк сапаттарынын өнүгүшүнө таасир эткен: инсандын сырткы дүйнө жана адамдар менен карым-катнаш мамилеси, ишмердүүлүктүн түрлөрү сыяктуу факторлор болушу керек. Аталган факторлордун ички жан дүйнөсүндө калыптанышынан улам студентте чыгармачылык жигердүүлүк ошол эле мезгилде окутуучуну биргелешип түшүнүү аракеттери келип чыгат. Анткени, студенттин чыгармачылык жигердүүлүктү таануу принциби детерминизм принцибине шартталуу менен сырткы себеп, ички шарттар аркылуу аракетке келет [49, 30-б.]. Педагогика жана психологияда инсандын психологиялык жактан өнүгүп, калыптанышына дайым бир калыпта берилген терең билим гана таасир этет. Анткени, таануу мотивинин өнүгүшү менен студенттердин окуу жараянындагы натыйжалуулугу артып, психикасында чоң өзгөрүүлөр жүрүп, кабыл алуу, эске тутуу, ойлонуу жөндөмдүүлүктөрү жогорулап, таануу ишмердиги активдешет [86, 30-б.]. Мындан улам, таануу мотиви инсандын туруктуу мүнөздүк сапаттарын пайда кылуу менен чыгармачылык ойлоосунун өнүгүшүнө өбөлгө болот.

## 4-§ Кыргыз адабиятын окутууда студенттерди өз алдынча иштерди аткарууга үйрөтүүнүн жолдору жана баалоо критерийлери

### Өз алдынча иштерди аткарууга үйрөтүүнүн жолдору

Студенттердин өз алдынча аткарылуучу иштери билим берүү процессинин эң негизги маанилүү этабы болуп саналат. Анткени, студенттердин өз алдынча аткарылуучу иштери–сабакты уюштуруда студенттин аудиториядагы жана андан тышкаркы окутуучу менен болгон байланышын, үйүндөгү даярдыктарын жана ушул эки

процесстин иш жүзүнөактивдүү чыгармачылык менен аткаруусундагы студенттин кайтарым көндүмдөрүн калыптандырып, аны өнүктүрүп, өркүндөтүүгө багытталган комплекстүү негизги мамиле жана негизги принцип болуп эсептелет.

Студенттердин өз алдынча аткарылуучу иштеринин жол жоболору ар бир дисциплина боюнча түзүлгөн жумушчу программада кеңири баяндалып, белгиленген дисциплина боюнча практикалык билим жана билгичтиктерин тереңдетүүгө, предметтер аралык байланышты өздөштүрүүгө багытталат.

Ар бир өтүлүүчү дисциплина боюнча студенттердин өз алдынча аткарылуучу иштерин уюштуруу жана анын максаттары, милдеттери, аткарылуучу мөөнөтү, көзөмөлдөөнүн жана өздүк текшерүүнүн формалары тууралуу студенттер кенен маалымат менен камсыздалат.

Студенттердин өз алдынча аткарылуучу иштеринин формаларынөтүлүүчү курс боюнча түзүлгөн жумушчу программанын негизинде окутуучу аныктап, студентке сунуш кылынат. Анда окутулуучу дисциплинанын кредиттик сааты, ага карата студенттин деңгээли, чыгармачылык дарамети сыяктуу негизги факторлор эске алынат.

Студенттердин өз алдынча аткарылуучу иштерине окутуучунун жетекчилик кылуусу күндүзгү бөлүмдө окутула турган дисциплинага тиешелүү кредиттик сааттан 1саат студенттик тайпага пландаштырылат.

Ар окутулган дисциплина боюнча үй тапшырмаларын текшерүүгө окутуучу үчүн 1 семестрде 1 студентке 0.5 саатка чейин пландаштырылуусу тийиш. Аткарылуучу бул жумуштун түрлөрү окутуучунун жекече планындагы “Методикалык иштер” деген графага жазылып, аткарышы деген графага анын жыйынтыгы жазылат. Эгерде аткарууда кандайдыр бир өзгөрүүлөр болсо, жекече пландын эсеп кысабын берүүдө “эскертүү” деген графага себептери көрсөтүлүп жазылат, бирокал окуу жүктөмүндөгү сааттардын эсебине кирбейт. Анткени бул сааттар атайын студенттердин өз алдынча аткарылуучу иштериндеги жоболорго ылайык берилүүчү сааттар болуп эсептелинет.

***Студенттердин өз алдынча иштерди аткаруунун формалары.***

Студенттердин өз алдынча иштери жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик стандартына, окуу пландарынын негизинде түзүлгөн, жумушчу программаларга ылайык төмөнкү формаларда аткарылат.

Күндөлүк сабактарга даярдануу: лекция, практикалык сабак, семинар, колоквиум, текшерүү иши, тестирлөө, модулдук тапшырмалар, оозеки суроолор, жазуу иштери ж.б.

***Студенттердин өз алдынча аткаруучу иштерине чегерилген окуу материалдарын үйрөнүүнүн формалары:***

– эсептик-графикалык иштер, рефераттар, букледдер, үй тапшырмалары, жеке тапшырмаларды же студенттин өздүк демилгеси менен сунушталган тапшырмаларды аткаруусу, студенттик конференцияларга ж.б.у.с. докладдарды даярдоо;

– окутуучунун жетекчилиги менен же жетекчиликсиз милдеттүү түрдө эмес олимпиадаларга, конкурстарга, диспуттарга, билим рингдерге, конференцияларга катышуу менен өз алдынча иштерди аткаруусу.

***Студенттердин өз алдынча иштерди аткарууну уюштуруунун негизги формалары:***

**1. Окутуучунун жетекчилиги жана көзөмөлү астында:**

– лекцияларда;

– практикалык сабактарда;

– лабораториялык сабактарда;

– семинардык сабактарда аткарылуучу аудиториялык иштер.

**2. Окутуучунун жетекчилиги жана көзөмөлү астында аудиториядан тышкары аткарылуучу өз алдынча иштер:**

– кошумча сабактар;

– дисциплиналар боюнча күндөлүк консултациялар;

– курстук жана долбоорлоо иштери боюнча консультациялар;

– окуу-изилдөө иштери жана алар боюнча берилүүчү консультациялар.

**3. Студенттин аудиториядан тышкары окутуучунун көзөмөлүсүз аткаруучу өз алдынча иштери:**

– аудиториялык сабактарга даярдануусу;

– теориялык материалдарды өздөштүрүүсү;

– курстук жана текшерүү иштерин аткаруусу;

– окуу кинофильмдерин, видеожазууларда көрүүсү;

– докладга даярдануусу;

– конкурска даярдануусу;

– реферат, эссе, синквейн, дилбаян жазуусу;

– графикалык иштерди аткаруусу.

***Жогорку билимдүү адисти даярдоонун адистик боюнча окуу пландарында СӨАИнин бардык дисциплиналар боюнча эмгекти***

***талап кылуучу саатык өлчөмү так жана даана көрсөтүлөт. Мисалы:***

– студенттердин өз ара иштерин уюштуруу жана жетектөө үчүн;

СӨАИни уюштурууну жана жетектөөнү КӨУнун методикалык кеңеши, адистиктер боюнча методсекциялар, факультеттердин, институттардын жана бөлүмдөрдүн окуу-методикалык бирикмелери жана кафедралары милдеттүү түрдө окуу пландын негизинде жүргүзөт.

**Университеттин окуу-методикалык кеңешинин милдетине төмөнкүлөр кирет**:

– студенттердин жыйынтык билимин текшерүү (мамлекеттик аттестациянын), натыйжаларын анализдөө;

– СӨАИни уюштуруу боюнча методикалык жол жоболорду иштеп чыгуу жана аны сунуштоо;

СӨАИни уюштуруу боюнча факультеттердин, институттардын тажрыйбаларын үйрөнүү жана аны жалпылоо, сунуштоо.

**Адистиктер боюнча методсекциялардын милдеттери:**

– семестр ичинде СӨАИге бөлүнгөн убакытты эсепке алуу менен адистиктер боюнча дисциплиналар үчүн убакыттын нормасын жана СӨАИнин көлөмүн аныктоо;

– ар бир адистик боюнча окуу планынын негизинде курстук иштер, ар кандай долбоорлор, рефераттар, текшерүү иштери жана аны бүтүрүүнүн формасы, мазмуну, сааты СӨАИге бөлүнгөн убакытты эсепке алуу менен аныкталып көрсөтүлөт;

– окуу жылы үчүн СӨАИнин календардык планын иштеп чыгуу (бул студентке апта ичиндеги ар бир дисциплина боюнча аткарылуучу өз алдынча иштердин көлөмү, мазмуну, ошондой эле практикалык иштерди аткаруунун мөөнөтү, аттестациялардын, консультациялардын жадыбалы, компьютердик класстардын, китепканалардын иштөө графиктери тууралуу так маалыматтар так белгиленүү менен сунушталат).

**Факультеттердин, институттардын окуу-методикалык кеңешинин милдеттери:**

– СӨАИ тууралуу маалыматтарды өз убагында жана графиктик мөөнөтүндө аткарылышын, студенттерге жеткиликтүү жана маалымдуу, көрсөтмөлүү болушун көзөмөлдөйт;

– студенттердин билиминин аралык текшерүүсүнүн жыйнтыктарын анализдейт;

– силлабустагы СӨАИге сарпталуучу фактылык убакыттарды так жана бирдей жадыбалга келтирүүнү иштеп чыгат;

– СӨАИнин күндөлүк өздөштүрүүлөрүнүн жыйнтыктарын анализдейт.

**Кафедра башчынын милдеттери:**

– СӨАИнин түрлөрүн, көлөмүн жана формаларын көрсөтүү менен силлабустардыар бир дисциплина боюнча жооптууларга иштеп чыгуу үчүн тапшырма берет;

– аткарылган иштердин көлөмү силлабустарга туура келишин жана аткарылуучу СӨАИнин өз убагында кабыл алынышын жана кайрадан студентке берилишин андан жыйынтык чыгарылышын көзөмөлгө алат;

– студенттерди зарыл болгон окуу-методикалык адабияттар жана окуу-лабораториялык база менен камсыздоону уюштурат;

– СӨАИ үчүн бөлүштүрүлгөн сааттардын аткарылышы боюнча атайын усулдук кеңеш жана көрсөтмөлөрдү иштеп чыгат.

***Эскертүү:*** СӨАИни уюштурууда жана жетектөөдө милдеттүү түрдөар бир дисциплина боюнча мамлекеттик билим берүү стандартына ылайык, окуу пландарында бекитилген убакыттын нормаларынын негизинде пландаштыруу эң башкы максат болуп эсептелинет. Маселен кыргыз адабияты боюнча: 50 саат апталык жумуш, анын ичинде 27-30 саат аудиториялык, 24-27 саат өз алдынча иштерге бериле тургандыгы силлабуста так көрсөтүлөт.

**КӨУнун кыргыз филология кафедрасынын дисциплиналарды окуп-үйрөнүү боюнча түзүлгөн студенттер үчүн усулдук багыттама көрсөтмөлөрү:**

***1. Өз алдынча окуп-үйрөнүүпроцесси боюнча кеңештер:*** студент ар бир дисциплина боюнча окутуучу тарабынан сунушталган СӨАИнин план, графиги боюнча өз алдынча иштерин алып барат.

***СӨАИни аткарууга методикалык көрсөтмө:***

*СӨАИни аткарууда окутуучу тарабынан көмөктүн көрсөтүлүшүнүн зарылдыгы: 1-консультация берүүсү; 2-текшерүү жүргүзүшү. Ал эки формада жүргүзүлөт:*

**1. КТ**–*кезектеги текшерүү*–окутуучунун көрсөтмөсү, сунушу боюнча *жалпы лекциялык саат өтүлгөндөн кийинки берилген тапшырмалар* боюнча жогоруда белгиленгендей студент реферат, доклад жазуу менен бирге, букледдерди интерактивдүү стратегиялардын колдонуу менен жасоосу жана аны коргоосу.

**2. АТ–**аралык текшерүү–*ар бир лекциялык тема бүткөндөн кийин* тест, синквейн жаздыруу менен аткарылат.

***СӨАИни*** *аткаруу көрсөтүлгөн формада жүргүзүлүү менен эффективдүү натыйжа алууда ар кандай методикалык ресурстар*

*менен кошо интернет булактарын пайдалануу оң натыйжаларды берет.*

***Эскертүү:*** *ар бир кезектеги текшерүүнүн белгиленген мөөнөтү бүкөндөн кийин кайра да улантылып алынбайт. Ошон үчүн студент ар бир текшерүүнү белгиленген күнү, белгиленген саатта тапшырып, коргоо зарыл.*

Маселен, реферат жаза турган болсо, ***адегенде:***

1. Титулдук баракча жазылат.
2. Докладдын темасы жазылат. (предмети боюнча).
3. План төмөндөгүдөй тартипте түзүлөт:
    1. Киришүү;
    2. Негизги бөлүк;
    3. Мүмкүн болушунча жазылган беттерде шилтелмелер берилет.
    4. Корутунду;
    5. Колдонулган адабияттар: а) негизги адабияттар; б) кошумча адабияттар.
4. Пайдаланган адабияттардын авторлору алфавиттик тартипте жазылат.
5. Адабияттан алынган шилтемелердин беттери так көрсөтүлөт.

Мисалы:

1. **Артыкбаев. К.** Кыргыз совет адабиятынын тарыхы. – Фрунзе. 1982. –113-121-бб.
2. **Иманалиев К.** Кыргыз совет адабиятыны тарыхы. Фрунзе 1984.
3. **Кыргыз адабиятынын тарыхы.** Окуу куралы. 5-8 том. Бишкек-2012.
4. **Кыргыз адабияты (антология)** 5-9-томдор. Бишкек-2012.
5. **Муратов А., Шериев Ж., Исаков К**. Кыргыз адабияты. Маалыматтама. Бишкек-2014.
6. **Кыргыз Совет энциклопедиясы**: 8 томдук [Текст]: Энциклопедия/–Фрунзе: Кыргыз Совет Энциклопедиясынын башкы редакциясы, 1976. 64-б.

Акырында рецензентин пикири жазылып, иштин аягына тиркелет.

***Модулдарга даярдануу боюнча кеңештер:***

**Модуль бул** – ар бир дициплина боюнча белгиленген кредиттик саат окулуп-үйрөнүлүп бүткөндө аралык–рейтинг–көзөмөл жүргүзүлүүчү, жумушчу программага (силлабуска) ылайык логикалык бүтүндүктү түзгөн окуу дисциплинасынын бөлүгү болуп эсептелет. Ал эми **учурдагы рейтинг-көзөмөл** – студенттердин дисциплинаны үйрөнүү мезгилинде милдеттүү түрдө аудиториялык жана аудиториядан сырткаркы бардык иш аракеттиринин түрлөрүн баалоонун (балл түрүндө) жыйынтыгы болуп саналат. **Аралык рейтинг-көзөмөл дегенде –** ар бир модулдун материалдары боюнча студенттердин билимдерин, билгичтиктерин жана көндүмдөрүн баалоо түшүнүлөт. **Рейтингдегенде –** учурдагы жана аралык рейтинг-көзөмөлдөрдө алынган баллдардын суммасы, б.а., студенттин окуу ишмердигинин бардык түрлөрүн баалоонун жыйынтык баллдарынын суммасы. **Жыйынтык рейтинг**–студенттин семестр ичиндеги рейтингдеринин арифметикалык орточо саны. **Жыйынтыктоочу рейтинг – көзөмөл** – семестрде дисциплина окулуп-үйрөнүлүп бүткөндөн кийин жүргүзүлүүчү рейтинг- көзөмөл (сынак, зачет).

Окуу программалары ар бир семестрде модулдар деп аталган бир канча сандагы модулдарга бөлүнөт. Модулдар дисциплинанын программасы логикалык жыйынтыкка ээ болгон бөлүгү болуу менен текшерүүнү талап кылган билимдердин жана көндүмдөрдүн комплекси болуп эсептелет.Ал семестр ичинде билим деңгээлди текшерүү модулдар аркылуу жүргүзүлүп, окуу жылынын башында студенттерге модулдук – рейтингдик системанын мазмуну, эреже – талаптары окутуучу тарабынан түшүндүрүлүп, жеткирилет. Семестрдеги модулдардын саны аудиториялык сааттардын көлөмүнө жараша аныкталат. Дисциплинанын окуу-методикалык комплексинде предмет боюнча модулдардын бөлүштүрүлүшүн, аралык – рейтинг көзөмөл үчүн тапшырмаларды дисциплинанын технологиялык картасын камтыган атайын бөлүм каралат.

Учурдагы рейтинг – көзөмөлдө студенттин практикалык, семинардык сабактардагы даярдыгы, лабораториялык өз алдынча иштерди аткаруусу жана коргоосунун сапаты ж.б. милдеттүү түрдөгү окуу тапшырмаларын аткаруусу бааланат. Мындан сырткары түрдүү конкурстарга, олимпиадаларга, конференцияларга катышуусу, байгелүү орундарды ээлеши, илимий – изилдөө иштери, долбоорлор менен алектенүүсү, сабактарга үзгүлтүксүз катышуусу ж.б. факторлор окутуучу тарабынан эске алынат. Аралык рейтинг – көзөмөлдөр алдын ала бекитилген график-жадыбал менен өткөрүлөт. Аралык рейтинг-

көзөмөлдө студенттердин билим-билгичтиктери жана көндүмдөрү, модулдук материал окулуп – үйрөнүлүп бүткөндөн кийин бааланат. Аралык рейтинг- көзөмөл адистиктин дисциплинанын өзгөчөлүктөрүнө жараша оозеки, жазуу, тест түрүндө өткөрүлөт. Дисциплина боюнча модулдарды алуунун формасы алдын ала студенттерге эскертилет.Аралык рейтинг-көзөмөлдүн иш чараларына жүйөлүү себептер менен катышпай калган студенттерге (тастыктоочу документтери болгон учурда) 2 жуманын ичинде деканаттын уруксаты менен тапшырууга мүмкүнчүлүк берилет. Анын жыйынтыгы сынактык жана зачеттук баракчалардагы “Кайра тапшыруу” графасына түшүрүлөт. Аралык жана учурдагы рейтинг-көзөмөлдөрдүн жыйынтыктары, жалпы жыйынтыктар сынактык жана зачеттук баракчаларга түшүрүлүп деканатта сакталат.

***СӨАИни аткарууда төмөнкү бөлүмдөр боюнча кеңештер берилет:***

– өздөштүрүлбөй калган материалдарды сабактан тышкары мезгилде тапшырууну түшүндүрүү;

– рефератты кантип жазуу эрежелерин түшүндүрүү;

– докладдарды жазуу иштерин түшүндүрүү;

– адабияттар менен иштөө боюнча сунуштар;

– үй тапшырмаларын аткаруу боюнча түшүндүрмөлөр;

– модулдарга даярдануу боюнча кеңештер;

– өздөштүрүлбөй калган темаларды сабактан тышкары мезгилде тапшырууну түшүндүрүү;

– өз алдынча окуп-үйрөнүү процесси боюнча кеңештер берилет.

**Баалоо критерийлери**

Экзаменде жана зачетто билимди баалоо **100 баллдык** система менен жүргүзүлүп, төмөнкү эрежеге ылайык коюлат. Аталган предмет боюнча 4-курста 7-8-семетрде отчеттуулук беришет. 60 балл лекция жана практикалык иштер үчүн, 40 балл **СӨАИ** үчүн, б.а., кезектеги текшерүүлөргө берилет. Жыйынтыгында төмөнкүдөй нормада баа коюлат:

Экзаменде же зачетто баа коюуда объективдүүлүк, акыйкаттык принциптерине таянуу менен ар бир студенттин билиминин сапаттык деңгээлин ар тараптан анализдеп келип, модулдук-рейтингдик системанын жобосуна ылайык коюлат.

2.4.б.1.-таблица. Билимди баалоонун жалпы шкаласы

| **Тамгалык баа** | **Баллдардын сандык эквиваленти** | **Дисциплина боюнча мазмундук өздөштүрүү %менен** | **Традициялык системада баалоо** |
|---|---|---|---|
| **A** | 4,0 | 95-100 | **Эң жакшы** |
| **A-** | 3,67 | 90-94 | |
| **B+** | 3,33 | 85-89 | **жакшы** |
| **B** | 3,0 | 80-84 | |
| **B-** | 2,67 | 75-79 | |
| **C+** | 2,33 | 70-74 | **канааттандырарлык** |
| **C** | 2,0 | 65-69 | |
| **C-** | 1,67 | 60-64 | |
| **D+** | 1,33 | 55-59 | |
| **D** | 1,0 | 50-54 | |
| **F** | 0 | 0-49 | **Канааттандырарлык эмес** |

Кыргыз республикасынын Билим берүү министрлигинин нормативдик акттарынын жана сунуштамаларынын негизинде гуманитардык багыттагы дисциплиналарга төмөнкүдөй критерийлер менен баа коюлат:

**“Эң жакшы**” деген баа окуу-программалык материалдарды ар тараптан системалык түрдө терең өздөштүргөндүгүн көрсөткөн, программада берилген теориялык жана практикалык материалдарды эркин билген, жумушчу программада сунушталган негизги адабияттардан пайдалана алган, кошумча адабияттардан түшүнүгү бар, окуу-программалык материалдарды түшүндүрүүдө өзүнүн чыгармачылык жөндөмдүүлүгүн көрсөтө алган жана ал түшүнүктөрүн дисциплина боюнча уюштурулган конкурстарда, олимпиадаларда көрсөтүүгө жөндөмдүү болуп, рейтиңгдик-модулдук система боюнча топтогон баллы **95-100дөн, же 90-94 баллдан** кем болбогон студентке коюлат.

**“Жакшы”** деген баа окуу-программалык материалдарды системалык түрдө өздөштүргөн, программада берилген теориялык жана практикалык материалды билген, жана эркин түшүндүрө алган, жумушчу программада сунушталган адабияттарды пайдаланып өз алдынча иштерди аткарган, алган билимин, үйрөнгөн методдорун келечектеги кесибинде колдонууга жөндөмдүү жана рейтиндик-модулдук система боюнча топтогон баллы **85–89, 80-84, 75-79 баллга** чейин болсо коюлат.

**“Канааттандырарлык”** деген баа окуу-программалык материалды өздөтүргөндүгүн көрсөткөн, программада берилген материалдарга каталыктар менен жооп берүүгө аракеттенген, жумушчу программада сунушталган негизги адабияттар менен тааныштыгы бар, өз алдынча иштерди толук эмес өлчөмдө аткарган, бирок келечектеги кесибинде колдонулуучу зарыл болгон материалды билген жана рейтиңгдик-модулдук система боюнча топтогон баллы **65-69, 60-64, 55-59, 50-54** баллга чейин болгон студентке коюлат.

**“Канааттандырарлык эмес”** деген баа негизги окуу-программалык материалдар боюнча өздөштүргөн билиминде каталыктары бар, программада каралган материалды түшүндүрүп берүүдө олуттуу каталарды кетирген, жумушчу программада сунушталган негизги адабияттар менен тааныштыгы жок, программада көрсөтүлгөн негизги базалык материалды өздөштүрө албаган, келечектеги кесибинде колдолунуучу методдорду билбеген, өз алдынча көндүмдөргө ээ болбогон жана рейтиңгдик-модулдук система боюнча топтогон баллы **0-49дан** кем болгон студентке коюлат.

**Дилбаян, эссе ж.б. жазуу иштерине:**

**“Эң жакшы**” деген баа дибаяндын мазмуну темага толук жооп берсе, көркөм фактылар, цитата, цифралар ыктуу колдонулса, мазмуну системалуу ачылса, студенттин сөздүк кору бай болуп, стилдик биримдик толук сакталса, жазып жаткан материалга карата жекече көз каршы берилип, өз алдынча жыйынтыктарга, жалпылоолорго келе алса коюлат.

**“Жакшы”** деген баа дилбаяндын мазмунун негизинен темага жооп берсе, көркөм фактылар, цитата, цифралар ыктуу колдонулуп, бирок, айрым учурда так эместиктер, стилдик жактан одоно эмес ката кетирилсе коюлат, лексикасы жарды экенин көрсөтсө, тема боюнча өзүнчө **“Канааттандырарлык”** деген баа дилбаяндын мазмуну темадан алыстап кетсе, көркөм фактылар, цитата, цифраларды колдонууда жетишпестик болсо, стилдик жактан одоно ката кетирилсе, лексикасы жарды экенин көрсөтсө, тема боюнча өзүнчө ой жүгүртүүсү ачык берилбесе коюлат.

**“Канааттандырарлык эмес”** деген баа дилбаяндын мазмуну темага жооп бербесе, көркөм фактылар, цитата, цифралар колдонулбаса, стилдик жактан одоно каталар кетирилсе, студенттин сөздүк кору жок болуп берейин деген ою чачкын болуп, өз алдынчалуулугу дээрлик жокко эсе болсо коюлат.

**Экинчи баа** студенттин орфографиялык, пунктуациялык сабатына карап жат жазууну баалоонун нормалары боюнча коюлат.

2.4.б.2.-таблица.Тести баалоо

| | |
|---|---|
| **95-100** | **Эң жакшы** |
| **90-94** | |
| **85-89** | **Жакшы** |
| **80-84** | |
| **75-79** | |
| **70-74** | **канааттандырарлык** |
| **65-69** | |
| **60-64** | |
| **55-59** | |
| **50-54** | |
| **0-49** | **Канааттандырарлык эмес** |

**19.2 Жыйынтык баллдын аныктамасы:**

Бардык студенттердин өз алдынча иштери жана окуу дисциплинасы боюнча текшерүүнүн жыйынтыгында коюлуучу баллдар өзүнө текшерүүнүн төмөнкү түрлөрүн камтыйт:

| № | Текшерүүнүн түрү | Баллдар |
|---|---|---|
| 1 | **Катышуу** | **15 чейин** |
| 2 | **Аудиторияда иштөө (лекцияда жана семинардагы) активдүүлүгү үчүн:**<br>– тема боюнча обзор жасоодо;<br>– кыскача эссе жазууда;<br>– глоссарий жазууда (орусча жана кыргызча);<br>– ар кандай теманы презентациялоодо;<br>– ар кандай оюндарга катышууда;<br>– билим алууда конкреттүү ситуацияны чече билүүсүнө;<br>– тайпалык долбоорлорду коргогондугу үчүн(мисалы КВН);<br>– жеке долбоорлорду коргогондугу үчүн ж.б.. | **30 чейин** |
| 3 | **СӨАИштерди аткаруусуда:**<br>– үй тапшырмасы;<br>– эссе;<br>– тест түзүү;<br>– тайпалык долбоорлорду даярдоо;<br>– жекече долбоорлорду даярдоо ж.б. жок болсо... | 25чейин<br>*Өз алдынча иштерди мөөнөтүндө аткарбагандыгы үчүн 1 баллы кемитилет* |

| | | |
|---|---|---|
| 4 | **Аралык текшерүү** | **30 чейин** |
| | Окутуучу студенттин семестр аралыгында окуу тартибин бузгандыгы үчүн максималдуу 10 баллга чейин алып салганга укугу бар:<br>– орунсуз сөздөрү үчүн;<br>– окутуучуну жана студенттерди мазактагандыгы үчүн;<br>– окуу процессине байланыштуу окутуучунун талабын четке каккандыгы үчүн;<br>– сабак учурунда мобильдик телефон менен сүйлөшкөндүгү үчүн;<br>– университетин окуу-методикалык-тарбиялык<br>– талабына ылайык эреже, уставын сактабагандыгы<br>– жана аудиториянын тазалыгын сактабагандыгы үчүн. | |
| | **Бардык өз алдынча аткарылуучу иш үчүн коюулуучу максималдуу балл** | **100 балл** |
| | **Мугалим менен аткарылчуу СӨАИ үчүн минималдуу балл** | **50 балл** |

**Эскертүү:** Сабакка катышуу боюнча баллдын критерийи 15% барабар, ошондо сабакка катышуу боюнча берилген балл бир жума үчүн 1% түзөт.

Дисциплина боюнча пайыздык мазмундун жыйынтык баллы төмөндөгүдөй **формула менен аныкталат:**

$$Ж\% = \frac{Р1 + Р2}{2} x\ 0{,}6 + Э\ x\ 0{,}4$$

***Р1 – 1-рейтингдин пайыздык мазмундук баллы,***

***Р2 – 2-рейтингдин пайыздык мазмундук баллы,***

***Э - экзамендин пайыздык мазмундук баллы,***

***Экзамеңдик баллдын пайыздык мазмуну (тест-экзамен).***

***(Дисциплина боюнча:өздөштүрүү 40% жыйынтыкты түзсө, 60%***

**Баалоонун принциптери:**

**Маанилүүлүк** – Окучулардын окууда жана ишмердигинде жетишкен эң маанилүү ийгиликтерин баалоого басым жасалат.

**Шайкештик** – Билимди, билгичтиктерди, көндүмдөрдү, баалуулуктарды баалоо – окутуу максаттарына жана жыйынтыктарына дал келүүсү керек.

**Объективдүүлүк жана адилеттүүлүк** – Баалоонун критерийлери кылдат тандалып, баа кысым жасоо эмес, натыйжага таянылат.

**Интеграциялашкандык** – Баалоо окутуу процессинин курамдык бөлүгү катары жүргүзүлөт.

**Ачык-айкындык** – Баалоо критерийлери жана стратегиясы окуучуларга алдын ала билдирилет. Окуучулар баалоо критерийлерин иштеп чыгууга катышат.

**Жеткиликтүүлүк** – Баалоонун формалары, анын максаты жана процесстин өзү билим берүү процессинин бардык катышуучуларына ачык-айкын жана түшүнүктүү болууга тийиш.

**Ырааттуулук** – Баалоо ырааттуу жана мезгилдүү түрдө жүргүзүлөт.

**Ыкластуулук** – Окуучулар менен мугалимдин ортосунда шериктештик маанайын жаратуу улам дагы мыкты ийгиликтерге умтулууга шарт түзөт. Окуучулардын өнүгүүсүнө жана аларды колдоого багытталат.

Кредиттик технологиялардын негизинде студенттердин окуу процессиндеги жетишкендиктерин баалоо негизги орунда туруп, анын негизги критерийи катары студенттик сабакка катышуусу эсептелинет. Анткени, сабакка активдүү катышуу гана студенттердин кандайдыр билим алууда натыйжалуу жыйынтыктарга жетишүүсүнө түрткү бергендикен, бардык студенттер үчүн ар бир предметтик сабакка катышуусу сөзсүз түрдө милдетттүүлүктү алардын мойнуна жүктөйт. Себеби, сабакка себепсиз катышпай калуу жана келбей калуу, жыйынтык баа коюуда таасирин тийгизет. Ошол эле мезгилде практикалык, семинардык сабактарга активдүү катышуу, даярдануу жана өз алдынча ишти аткаруу сөзсүз түрдө аткарылышы керек экендиги студенттерге түшүндүрүлөт. Студенттин сабакка активдүү катышуусу, группада активдүү иштөөсү, дискуссияда активдүү катышуусу, көнүгүүлөрдү аткаруусу, маселелерди анализдөөсүнүн негиздик натыйжасы менен бааланат.

**Студент сыйланууга (кошумча баллга) татыйт, эгерде:**

– сабактарды калтырбай катышса;

– практикалык, семинардык, лабороториялык сабактарда активдүүлүктү көрсөтсө;

– берилген тапшырмаларды, өз алдынча иштерди өз убагында аткарса;

– дисциплинаны өздөштүрүүдө өз алдынча изденүүчүлүктү, чыгармачылык таанып-билүү денгээлди көрсөтсө;

– дисциплинага байланыштуу университеттин иш-чараларына катышса.

**Студент жазаланат (баллдары азайтылат), эгерде:**

– кечиксе жана сабакка катышпаса;

– сабак учурунда мобилдик телефон менен сүйлөшсө;

– калп айтса жана көчүрүп алса;

– берилген тапшырмаларды, өз алдынча иштерди өз убагында аткарбаса;

– туура эмес жүрүм-турумду көрсөтсө.

Студент сабакка катышпай калса ошол сабактын программасын жана мазмунун өз алдынча окуп, өз алдынча темаларга, көнүгүүлөргө даярданып жана кошумча адабияттардан темага карата маалыматтарга даярданат.

***Өз алдынча ишти аткарууда студенттерге:*** негизги кырдаалды, түшүнүктү сунуштоо жана көрсөтүп берүү; суроолорго толук туура жооп берүү; фактыларды, далилдөөлөрдү, мисалдарды анализдөө; колдонулган булактардын саны так болуу; **ө**здөштүргөн предмети боюнча эсеп-кысабын так даярдоо көрсөтмөлөрү берилет.

***Студенттин курс боюнча билим, билгичтик жана көндүмдөрдү текшерүүдө (*экзамен тапшырууда*) төмөнкүлөр эске алынат*:**

– окулган материалды анализдөө жана жалпылоо билгичтиктери;

– жооптун логикасы, структарсы;

– аргументтөө билгичтиктери;

– илимдин теориялык сунуштарын пайдалануу билгичтиктери;

– педагогикалык, адабияттык, ж.б. предметтер боюнча терминологияны туура пайдалануусу;

– негизги жана кошумча адабияттар менен иштей билүү билгичтиктери;

– рефератты туура, мазмундуу жасалгалоо билгичтиктери, семестр ичинде системалуу иш жүргүзүү, жекече берилген тапшырмаларды убагында аткаруусу эске алынат.

**Дисциплина боюнча экзаменде студент төмөнкүлөрдү аткаруусу зарыл**:

1. Аткарылган өз алдынча иштердин толук конспектисин сунуштоосу;

2. Жекече берилген тапшырмалардын толук аткарылышынын эсеп-кысабын берүүсү.

**Аттестациялык текшерүүлөр:**

– билимдерди текшерүү;

– дисциплинанын темалары боюнча аткарылган текшерүү иштер;

– модулдар боюнча текшерүү;

– өз алдынча иштер боюнча аткарылган тапшырмалардын жыйынтыгы,

– рефераттардын жыйынтыгы боюнча отчеттор;

– тест тапшыруу;

**Аралык текшерүү:**

– дисциплина боюнча зачет;

– дисциплина боюнча экзамен тапшырышат.

**Академиялык жүрүм турумдун саясаты:**

– сабакка кечикпөө;

– сабакка көңүл коюу;

– сабакты себепсиз калтырбоо;

– кезектеги текшерүүнү өз убагында тапшыруу;

– тапшырылбай калган темаларды белгиленген мөөнөттө тапшыруу;

– тапшырма боюнча өз ойлорун эркин, ачык, даана айта билгенге жетишүү;

– бири-бирин уга жана сыйлай билүү;

– чыгармачылык активдүүлүгүн көрсөтүү;

– бири-биринен көчүрүүгө катуу тыюу салынуу.

***Курстун саясаты:***

– материалды толук билишине;

– кеп маданияттарынын сабаттулугуна;

– билген материалын толук түшүндүрө алуусуна;

– аткарылган иштеринин эстетикасына;

– топтун активдүүлүгүнө;

– топтун чыгармачылыгына;

– алтын эрежелерди сактай билүүсүнө;

– аудиторияны ынандыра алуусуна;

– топто иштөөдө этикалык нормативдерди сактай билүүсүнө;

– топтун жана ар бир студенттин билим деңгээлинин даражасына карата;

– сабакка үзгүлтүксүз катышуусуна;

– сабакка кечигип же келбей коюусуна;

– сабак учурунда уюлдук телефонду пайдалануусуна;

– алдамчы жана плагиаттуулугуна;

– берилген тапшырмаларды өз убагында аткарбоосуна карата

студент жыйынтык баага ээ болот.

**Курстун аягында күтүлүүчү натыйжалар:**

1. Кыргыз адабиятынын эволюциялык тарыхый процесси жана 70-жылдардагы чыгармачыл инсандардын повесттеринин идеялык-тематикалык мазмуну тууралуу түшүнүктөрү тереңдейт;
2. Зуура Сооронбаеванын аталган жылдардагы повесттеринин сюжеттик өзгөчөлүктөрү, андагы жазуучунун образ түзүүдөгү чеберчилигин аңдап билишет;
3. Жунай Мавляновдун чыгармачылык өнөрканасы менен жакындан таанышышат. 70-жылдардагы жазуучулардан стилдик бөтөнчөлүгүн айырмалай билүүгө жетишишет;
4. Мурза Гапаровдун проза жанрын жаратуудагы чеберчилигин, образ жаратуудагы бөтөнчөлүгүн анализдеп, синтездегенге жетишишет;
5. Кыргыз адабиятынын тарыхый эволюциялык процессин жана 70-жылдардагы чыгармачыл инсандардын повесттеринин идеялык-тематикасын, образдар системасын, эстетикалык деңгээлдерин, тилдик өзгөчөлүктөрүн бири-биринен айырмалап билгенге жетишишет;
6. Аталган жазуучулардын кыргыз адабиятынын тарыхынан алган ордун белгилегенге жетишишет;
7. Аталган жазуучулардын чыгармачылыгын жана 70-жылдардагы проза жанры боюнча алган бардык түшүнүктөрүн окутуунун жаңы технологиялык каражаттарынын жардамы менен кайтарым түшүнүктөрүн бергенге жетишишет;
8. Көркөм ойлоолору артат, чыгармачылык активдүүлүгү жогорулайт.

## II бөлүм боюнча корутунду

Аталган баптын, **биринчи** параграфында көркөм адабият адам баласынын аң-сезимине, эстетикалык туюмуна, дүйнө кабылдоосуна таасир эте турган искусствонун түрлөрүнөн болуп эсептелиниши жана адамды идеологиялык жактан тарбиялоодо, анын инсандык мүнөзүн калыптандырууда эбегейсиз чоң ролду ойногондугу менен өзгөчөлөнгөндүгү каралды. Ошондуктан жогоруда белгилеп өткөндөй, адабиятты окутуунун негизги максатыстуденттерге идеялык, нравалык жана эстетикалык, логикалык тарбия берүү менен, алардын кеп маданиятын өстүрүү, жалпы дүйнө таанымын кеңейтүү, чыгармачылык активдүүлүгүн жогорулатуу болуп саналат. Педагогика илиминде студенттердин рухий калыптануусун коомдук шарттарга ылайыктап

жүргүзүү, улуттук салттар менен жалпы адамзаттык баалуулуктарды бирдикте алып жүрүү идеялары дүйнөлүк жана биз мурда таянып келген советтик, ошондой эле кыргыз педагогика илиминде бир топ терең изилденгендигин, педогогдордун жана педогог-окумуштуулардын, гуманист жазуучулардын эмгектериндеги, рухий-ыймандык билим жана тарбия берүүгө, инсандын гумандуу сапаттарын өстүрүүгө алардын эркиндигин жогорулатууга жасалган аракеттери эске алынды.Ошондой эле традициялык методдор менен катар азыркы учурда проблемалык, программалык, компьютердик, интерактивдүү ж.б. методдор жана алардын ар кыл ыкмалары да активдүү колдонулуп жаткандыгы белгиленип, түрк педагогу Т. Мехмед жана окумуштуу А. Алимбековдун окутуунун методдору мисал катары көрсөтүлдү.

**Экинчи параграфта** билим берүү коомубуздун келечеги менен тыгыз байланыштуу болгондуктан, коомдук талапка ылайык мыкты кесиптин ээси болуш үчүн көптү билүү зарылдыгы өзүнөн-өзү келип чыгыпжаткандыгы, ошондой эле, качан гана студенттер алган билимин практика менен айкалыштырып жакшы өздөштүрө алганда, ал кадыр-барктын ээси болушу мүмкүндүгү такталган. Мына ушул маселеге келгенде кантип студенттердин билим деңгээлин болонья процессиндеги кредиттик технологияларды колдонуу менен жогорку даражага жеткирүүгө болот? деген суроону талдап көрүп, бул проблеманы чечүүнүн жолу кредиттик технологиянын негизинде интерактивдүү стратегияларды толук кандуу ЖОЖдордо колдонуу аркылуу студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн арттырып, билим деңгээлин эң жогорку баскычка көтөрүүгө болотургандыгы көрсөтүлдү. Педагогдор бул жагдайды окуу процессинин борбордук түйүнү катары эсептешип, билимди өздөштүрүүчүнүн бул стадияда суроолор, стратегиялар аркылуу жаңыча сапаттарга ээ болуусун белгилешкендиги талдоого алынды.

**Үчүнчү параграфта** «Технология» терминине түшүндүрмө берилип, окумуштуулар: С. Байгазиев, А. Муратов, Ж. Чыманов, Б. Оторбаев, Г.К. Селевко, Л.А. Байкова, Е. В. Коротаева ж.б. студенттин чыгармачылык менен ой жүгүртүүсүнүн өнүгүшүнө негиз болгон технология жөнүндөгү илимий-изилдөөлөрүнө токтолуу менен, окутуунун технологиясы окутуунун максатына жетүүдө, ар кандай метод, каражаттарды колдонуп, студентке билим берип, тарбиялоону Ж. Мавляновдун өмүрү, чыгармачылыгын окутуудагы сабактын иштелмеси аркылуу далилдөөгө аракеттенилди. Белгилөөчү жагдай, болонья процессиндеги кредиттик технологиялардын негизинде студенттердин билим деңгээлин жогорулатып, чыгармачылык ой

жүгүртүүсү артышы үчүн адегенде ар бир лекция, семинарларда алгач графикалык ыкмаларды үйрөтүп, аны колдоно билүүдөн баштаганыбыз оң натыйжа бере тургандыгы эксперименттерден байкалды жана ал сабак өз ичине негизги эки элементти: 1-Билим берүүнү; 2-Максатка жетүү үчүн колдонулган жаңы технологияны камтыды, натыйжада студент менен окутуучунун ортосундагы карым-катнаш эң жогорку деңгээлге жетти. Чыгармачылык ой жүгүртүүлөрү активдешти. Жаңы теманы жаңыча кабыл алуусу, бири-бирин угуусу, бирин-бири баалай билүүсү тереңдеп, аудиториянын аурасы активдешип, сабак максатына жетип, натыйжалуу сапат алынды.

Педагогика, психология илимдеринде белгиленип көрсөтүлгөндөй, студенттин психологиялык жактан өнүгүп калыптанышына ар дайым бир калыпта берилген терең билим таасир этет. Анткени таануу мотивинин өнүгүшү менен студенттердин окуу жараянындагы натыйжалуулугу артып, анын майнабында «чыгармачылык активдүүлүгү» гана жогорулабастан, психикасында да чоң өзгөрүүлөр жүрүп, кабыл алуусу, эске тутуму, ойлонуу жөндөмдүүлүгү активдеше тургандыгы аталган параграфтарда белгиленди.

**Төртүнчү параграфта** Студенттердин өз алдынча аткарылуучу иштери билим берүү процессинин эң негизги маанилүү этабы болуп саналгандыктан, студенттердин өз алдынча аткарылуучу иштери–сабакты аудиторияда уюштуруда жана андан тышкаркы окутуучу менен болгон байланышын, үйдөгү даярдыктарын, башкача айтканда, ушул эки процессти иш жүзүнө активдүү чыгармачылык менен аткаруусу студенттин кайтарым көндүмдөрүн калыптандырып, өнүктүрүп, өркүндөтүүгө багытталган комплекстүү негизги мамиле жана негизги принцип экендигин тастыктоо максатында мисал катары XX кылымдагы кыргыз адабияты (портреттер) аркылуу студенттердин өз алдынча иштерди аткаруусунун формалары берилди.

Модул терминине түшүндүрмө берилип, модулдарга даярдануу боюнча кеңештер, баалоо критерийлери, дил баян, эссе ж.б. жазуу иштерин баалоонун эрежелери, тести баалоо таблицасы, баалоонун принциптери көрсөтүлдү. Студенттин курс боюнча билим, билгичтик жана көндүмдөрүн текшерүүдө (экзамен тапшырууда) кандай эрежелерди эске алуусу керектиги, аттестациялык текшерүүлөр, аралык текшерүү, академиялык жүрүм турумдун, курстун саясаты сыяктуу эрежелер көрсөтүлүп сунушталды.

# КРЕДИТТИК ТЕХНОЛОГИЯНЫН НЕГИЗИНДЕ СТУДЕНТТЕРДИН КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫНЫН ПОРТРЕТТЕР БӨЛҮМҮ БОЮНЧА ЧЫГАРМАЧЫЛЫК ОЙ ЖҮГҮРТҮҮСҮН ӨНҮКТҮРҮҮГӨ БАГЫТТАЛГАН ЭКСПЕРИМЕНТТЕР

Жогорку окуу жайларындагы кыргыз филологиясы факултеттеринде "XX кылымдагы кыргыз адабиятынын портреттерин" окутууда интерактивдүү методдорду пайдалануу менен студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн жогорулатуу маселесин чечүү үчүн эксперимент өткөрүүнүн зарылдыгы төмөнкү ***кемчиликтерден*** улам келип чыкты:

1. ЖОЖдордо интерактивдүү методдорду пайдалануу менен студенттердин чыгармачылыгын жогорулатууга боло тургандыгын таануунун солгундугунан;
2. Окуу процессинде интерактивдүү методдорду колдоно алган педагогдордун жетишсиздигинен;
3. Билим берүүнүн сапатын көтөрүүдө интерактивдүү методдорду колдонуу толук кандуу колго алынбай келе жаткандыгынан;
4. Канчалык билим берүү системасында бул маселе күн тартибинде үзгүлтүксүз коюлуп келе жаткандыгына карабастан, салттуу окутуу үстөмдүк кылып жаткандыгынан улам;
5. Сабакта берилген билимдин кайтарымында окутуучу тарабынан коюлган маселелерди чыгармачылык менен чечмелөөдө, логикалык системага келтирүүдө, оюн эркин, так, көркөм айта билүү көндүмдөрүнүн жоктугунан;

**Жазуу жана оозеки кептеринин начардыгынан улам максатталган *экспериментти* өткөрүүгө туура келди жана *төмөндөгү принциптерге* таянылды:**

1. Кредиттик технологиянын негизинде студенттердин интерактивдүү методдор боюнча абстрактуу түшүнүктөрүн, теориялык билимдерин конкреттештирүү;
2. "XX кылымдагы кыргыз адабияты (портреттери)" предметинин теориялык мазмуну менен 70-жылдардагы повесттерди окутууда интерактивдүү методдорду колдонуп өтүүнү байланыштыруу;
3. Студенттерди интерактивдүү методдорду турмуштук практикасында колдоно билүүсүнө үйрөтүү жана аны андан ары өркүндөтүүсүнө көмөктөшүү.

## 1-§ Интерактивдүү методдорду колдонуу менен адабият сабагында студенттердин чыгармачылык ой жүгүртүүсүн өнүктүрүүнү тажрыйбада сыноо

ЖОЖдордо "XX кылымдагы кыргыз адабияты (портреттери)" предметин окутууда жазуу кебин, оозеки кеби менен органикалык биримдикте өнүктүрүү–негизги милдеттерден болуп саналат. Аны иш жүзүнө ашыруу бардык сабакты өтүү процессиндей эле үч этап менен иш жүзүнө ашырыла тургандыгын студенттерге түшүндүрүүдөн баштоо керек. Мисалы: **1-этапта** тема берилип, ал боюнча маалыматтар топтолуп, ойлор системалаштырылып, жаңы темага даярдык көрүү менен башталат же **чакыру**у стадиясына кадам ташташат; **2-этап** – **түшүнүү** – студенттин сунушталган тема боюнча жекече иш-аракетинин башталышы. Тактап айтканда, белгилүү бир теманын тегерегинде жаза башташы, толук иштелбеген текст түзүүсү; **3-этап** – **презентация** – студенттин жазган же толук иштелбеген вариантын аудиторияга окуп бериши; **4-этап** Аудиторияга ар бир студенттин варианты угулгандан кийин аудитория тарабынан белгиленген кемчиликтер оңдолуп, кайрадан бүткөн текст катары окутуучуга тапшырылышы сабактын **бышыктоо** этабы катары карасак да болот.

Бул иш процесси төмөнкү иш-аракеттин натыйжасында ишке ашат:

– жазуу үчүн кызыктуу темалардын тандалышы;

– теманы ачып берүү үчүн жазууга мүмкүнчүлүктүн берилиши;

– жазылган текст үчүн окурмандын аудиториясын түзүү;

– окурмандардын пикиринен соң, кайрадан оңдоо жана аудиторияга сунуштоо;

– оңдолгон варианттардын жанрларын тактоо.

Жогорудагы көрсөтмөнү ишке ашырууда ар дайым окутуучунун студентке жардамга келгени оң натыйжаларды берүүгө түрткү болот. Анткени, өзгөчө жазуу процессин ишке ашырууда студенттер эмнеден башташаарын билбей чаташкан ойлордун кучагында калышы мүмкүн. Ошондой учурдан алып чыгып кетүү үчүн, окутуучу берилген теманын тегерегинде өзөктүү сөздөрдү, же сүйлөмдөрдөн ватмандарга жазып илип койсо, студенттин теманы улантып жазып кетүүсүнө жакындан жардам болот. Себеби, ал чаташкан логикалык ойлордун системага салынышына чоң багыт катары милдетти аткарып, студенттин темага сүңгүп киришин жөнгө салат. Мындай ситуацияда окутуучу ар дайым студенттердин кыйналган жерлеринде жолго салып, багыт берип жүрүп

олтурушу зарыл. Бул жагдай аудиторияда жагымдуу чөйрөнү пайда кылып, студенттердин теманы толук кандуу ачып беришине жана чыгармачылыгынын активдешине көмөк болот.

Өзгөчө филолог студенттердин жазуу жана оозеки кебин өнүктүрүү зарыл шарттардан анткени, алар аалам масштабында ой жүгүртүп, өзүнүн чыгармачыл жөндөмдүүлүгүн калыптандыруу үчүн адабият сабагын жакшы өздөштүрүүсү керек. Ошондуктан студенттердин чыгармачылык ойлоосун өнүктүрүү үчүн кыргыз филологиясы факультеттеринде “ХХ кылымдагы кыргыз адабиятынын портреттерин” (70-жылдар) окутууда интерактивдүү методдорду пайдалануу менен өтүү негизги маселелерден. Бул проблеманы жүзөгө ашырууда окутуучу билим, тарбия, берүүчү гана болбостон, жакындан жардамчы, көмөкчү болуусу зарыл.

Студенттердин жазма кебин өнүктүрүүдө колдонулган интерактивдүү методдор студенттердин практика жүзүндө жазып баштоосу менен улантылып, түздөн-түз сабак мезгилинде студенттин сынчыл ойлоосун өстүрүп, чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүргөнгө көмөктөшөт. Экинчиден, максаттуу берилген теманын үстүндө жазылган аудиториядагы жалпы иш студенттердин арасында тема боюнча түшүнүктү өз ара бекемдеп, бышыктоо менен анализденгенге жетиштирет [133].

Анткени аудиторияда жазылып, жалпы студенттер арасында окулуп, талкууланган иш кайрадан оң, терс пикирлердин натыйжасы аркылуу оңдолуп, түзөлүп, мазмун-маңызы тереңделгенге жетишилип, теманын толук кандуу ачылышына мүмкүнчүлүк түзөт. Көбүнчө аудиторияда жазылып окулган иштин натыйжасы жакшы болот. Себеби, үйгө берилген жазуу иши ал студент үчүн гана жазылып калгандай түшүнүк калтырат. Ал–чындык. Ошондуктан аудиторияда көбүрөөк талкуу жүргүзүү–эң негизги маселе [6].

Сабак процессинде жазма речке анча көңүл бөлүнбөгөндүктөн, жазылган жазма иштер үй тапшырмасы, же студенттин өтүлгөн жаңы тема боюнча аудиториядагы жазма иши катары эсептелгени туура түшүнүк эмес. Тескерисинче, окутуучу ар бир өтүлгөн сабакта ар бир студенттин жазуу кебине атайын процесс катары мамиле жасаса, алардын ички психологиялык-адептик, руханий дүйнөсүндө эң чоң өзгөрүүлөрдүн болгондугун көрөбүз. Башкача айтканда:

– ар бир студенттин жазуу кебин өстүрүү үчүн жөндөмдүүлүктөрүнүн калыптангандыгын;

– жазуу стилинин ар тараптан өнүккөндүгүн;

– өзүмдүк ой–пикирдин баалуу экендигине сыймыктануу

сезиминин өскөндүгүн;

– белгилүү теманын тегерегинде чыгармачыл ой жүгүртүүсү тереңдегендигин жана ал теманын тегерегинде ички кызыгуу сезимдеринин жогорулагандыгын;

– жазуу процессиндеги кыйынчылыктарды баштарынан кечирген ар бир студенттин ички жан дүйнөсүндөгү бул кубулуштар алардын психологиясында бири-бирине болгон сыйлоо сезимин пайда кылып, ар бир ой–пикир баалуу экендигине ынанышкандыгын;

– ар бир студент башка өнөктөштөрүнүн идеяларын толуктай алганга жетишкендигин;

– өзүлөрү жазган чыгармаларынын сюжеттик–композициялык ырааттуулугун сактап, бир бүтүн идеялык мазмунду бергенге, образды жаратканга калыптангандыктарын;

– бир эле мезгилде окурман катары өзү окуган чыгармага же илимий эмгекке рецензия берүүнүн жолдорун үйрөнгөндүгүн аңдадык.

Демек, жазма ишти жүзөгө ашыруу ***биринчи идеяларды өнүктүрүү***: туюндуруу, түшүндүрүү жана жазууга киришүүдөн турса***, экинчи жазма ишти баштоо жана жазуу:*** даярдыктан, алгачкы варианттан, оңдоо түзөөдөн турат. ***Үчүнчүдаяр басма сөз беттерине жарыялана турган жазма иштер:*** Текстти даярдоодон, редакциялоодон, басып чыгаруудан турат. Жазма иши бардык интерактивдүү сабактардай:

– чакыруу;

– түшүнүү;

– ой жүгүртүү этабынан туруп, ар бир этапта окутуучу чеберчилигине ылайык ар кандай интерактивдүү ыкмаларды колдонот [73]. Мисалы, бир сабактын үлгүсүн көрсөтөлү:

**Сабактын темасы:** Ж. Мавляновдун өмүрү, чыгармачылыгы. “Аваз” повестинин идеялык-тематикалык мазмуну.

**Сабактын максаты:** Ж. Мавляновдун өмүрү, чыгармачылыгы жана “Аваз” повестинин идеялык-тематикалык өзгөчөлүгү жөнүндө маалымат берүү менен дубал газета ыкмасын үйрөтүү; студенттердин гумандуулук, руханий-адептик мүнөздүк сапаттарын тереңдетүү; ыйманга, ынсапка, жан дүйнөлөрүнүн аруулугуна тарбиялоо.

**Сабактын тиби:** Жаңы сабакты өздөштүрүү

**Сабактын формасы:** Жуптан, топто иштөө

**Колдонулган ыкма:** Дубал газета

**Күтүлүүчү натыйжа:**

1. Түгөйлөшүп командада иштегенге үйрөнүшөт;

2. Логикалык системалуулукка үйрөнүшөт;

**a.** Чыгарманын мазмунун толук өздөштүрүп, анын кайтарымын бергенге көнүгүшөт;

**b.** Чыгарманын идеясындагы тарбиялык маанини кабыл алганга калыптанышат;

**c.** Чыгарманын идеясын ачууда эстетикалык татым негизги роль ойной тургандыгына ынанышат;

**d.** Образ мүнөздү ачууда этикалык жагдай негизги ролду ойнооруна чыгармадагы образдарды талдоо аркылуу ишенишет;

**e.** Уга, көрө, жаза, тарта, ойлоно билүү искусство экендигине ынанышат;

**f.** Ар кандай сынды туура кабыл ала билүү иштин натыйжалуулугуна алып келээрин жана теориялык билимге байланыштуулугун аңдап, билишет;

**g.** Чыгарманы анализдей билүү студенттин адабият теориясын жакшы өздөштүрүп, аны практика менен айкалыштыра билгенде гана студент келечекте кесипкөй болооруна ынанышат;

**Стратегиялык кадамдар:**

**1-кадам**. Темага чакыруу катары «Нан» (1973), «Бийиктик» (1977), «Турмуш» (1979), «Жаңы таң» (1980), «Эне» (1983), «Мен жана менин айылдаштарым» (1985)чыгармаларын жазган автор ким деп ойлойсуңар?–деген кыйыр суроолорду таштоо аркылуу өтүлө турган жаңы темага чакыруу жасалат.

**2-кадам.** Тема жарыяланып, окутуучу чыгарманын негизги мазмуну боюнча жалпы түшүнүк берет.Кийин тема боюнча жазылган төмөнкү лекция бөлүнгөн топторго таркатылат.

Ж. Мавляновдун чыгармаларынын каармандарынын көпчүлүгү согушка чакырылгандар, же согуш учурун оруктa өткөргөндөр. Алар ошол согуш тууралуу 1941-жылдын 22-июнундагы фашисттик Германиянын СССРге кол салышын ар кандай кырдаал-шартта, ар кандай адамдардын чөйрөсүндө, ар кандай психологиялык абалдарда угушат. Алардын ичинде Рыскул менен Бекторунун жаман кабарды угуусу да өзгөчө учурга туш келди: жакшы тилек менен жашоого жаңы кадам таштоо максатында кол кармашып Рыскулдун айылына келе жаткан учур, асман тиреген тоолордун, жайлоонун кооздугуна көрк кошкон Бекторунун жагымдуу авазы, өспүрүм балдар Сагынбек менен Жапардын аруу балалык сезимдери, оюн-зоок, калың күлкү, ыр-күүгө толо айлуу түндөр... Мына ушул бактылуу учур, эки жаштын жалындаган сүйүүсүн, укканыңда жан эргитип, кооз жаратылышка жан киргизген Бекторунун шаңдуу авазы жана согуш деген алааматтын

чыгышы. Согуш Сагынбек менен Жапардын балалык кыял-жоругуна, таптаза тилек-ойлоруна чоңдордукунан кем эмес бүлүк салды. Айылга келген ар бир “кара кагаз” жаш өспүрүмдөрдүн да жүрөгүн тырмалап, мезгил эрте эле чоңойто баштады. Бекторунун тоолорду чайкалтып, шаңшыган жагымдуу ырлары, муңдуу, жан кейиткен кошокко алмашты. 1945-жылдын март айынын аягы ченде Рыскулдан “кара кагаз” келет. Бектору суук кабарды угуп, бир аптача таң тыяктан өөк салгандан тартып, күндө ыйлап жүрүп, бир күнү эле үнү тып токтоп, экинчи кайра угулбай калат, көрсө, күчүркөнө ыйлагандан көмөкөйү түшүп калат. Ошону менен Бекторунун ыры да, ыйы да Рыскулдун денеси менен кошо бөтөн эл, чоочун жерде топурак астында калгандай болот [59].

**3-кадам**. Студенттер текст менен толук тааныш болгондон кийин бардыгына дубал газета чыгарууга багыт берилет (Мурдатан бул стратегия аудиторияда иштелип жүргөн).

**4-кадам**. Студенттер тайпаларга бөлүштүрүлөт.

**5-кадам.** Жуптан, үчтөн идеяларын топтоштурушат.

**6-кадам.** Тема тайпаларда талкууланып, ар бири өз газеталарынын үстүндө иштешет.

**7-кадам.** Белгиленген убакыт бүткөндө ар бир тайпа өз газеталарын илишет.

**8-кадам.** Окутуучу ар тайпанын газетасына ар бир топ өз идеяларын өзгөчө бөлүп, маркер менен толуктоо киргизүү жөнүндө көрсөтмө берет.

**9-кадам.** Натыйжада бардык газеталар толук тайпалардын толуктоо көзөмөлүнөн өтүлүп бүткөндөн кийин, ар бир тайпа өз газеталарын коргошот. Коргоо мезгилинде башка тайпанын киргизген сунуштарын атоо менен анын канчалык даражада ал газета үчүн ролу, орду бар экендигин белгилеп өтүшөт. Ар бир тайпа Ж. Мавляновдун өмүрү, чыгармачылыгы боюнча дубал газетага маркер менен коооздоп жазышат. Чыгармаларындагы жаратылыштын кандай сүрөттөлүшүн жана каармандардын образдарын сүрөт аркылуу чыгармачылык менен чагылдырып беришет. Каардуу согуштун кесепетинен кыргыз элинин башынан өткөргөн оор турмушуна таасирленген студенттер, сүйгөнүнө жете албай согуш талаасында жүргөн эр жигиттин ашыктык ырлары, Ата Мекендин ыйыктыгын даңазалаган эсселери, жалгыз уулдун энесине жазган сагыныч каттары менен дубал газетаны толтурушат.

Презентациядан кийин ар бир тайпа кошулган өз идеясын коргоо максатында жарыш сөзгө чыкса да болот. Натыйжада, студенттер өз аң-

сезимине жогорудагы аталган негиздер менен кошо активдүү көз караш, чыгармачыл ишенимдерди калыптандыруу аракетине өтүшөт.

Андан кийин М. Гапаровдун өмүрү, чыгармачылыгын жана повесттерин **«Экөөнүн ою орчундуу»** деген ыкма менен өтүлгөн **сабактын моделин** мисал катары көрсөтөлү.

**Предмет:** XX кылымдагы кыргыз адабияты (портреттер).

**Колдонулуучу ыкма:** Экөөнүн ою орчундуу

**Сабактын темасы:** М. Гапаровдун "Кыштакча" повести

**Сабактын максаты:** Аталган стратегияны үйрөтүү менен жазуучунун чыгармасынын идеясын жана сюжетин, образдар системасын студенттерге таанытуу.

**Күтүлүүчү натыйжа:**

– билим көндүмдөрү артат;

– алдын ала тема боюнча пикир айтканга көнүгүшөт;

– экөөнүн ою орчундуу экендигине ынанышат;

– ар кандай негиз ойдун бүтүмдөн келип чыгаарын билишет;

– ар биринин ою орчундуу экендигине ишенишет;

– жалпылыктын пикири күчтүү, орчундуулугун сезишет.

**Стратегиялык кадам:**

**1-кадам.** Төмөндөгү лекциянын тексти таркатылып, студенттерде түшүнүк пайда болгондон кийин, тема тууралуу жалгыздан ой жүгүртүү тууралуу көрсөтмө берилет.

"Кыштакча" [34] повестинде окуя–окуусун жаңы эле аяктап, жогорку билимдүү, кыргыз тили жана адабияты мугалими квалификациясына ээ болгон, бирок шаарда калып иштөөнү эңсеген Акундун тегерегинде өнүгөт. Өкмөттүн талабы боюнча бүтүрүүчү адис кайсыл жерге бөлүнгөн болсо, белгилүү мөөнөткө чейин ошол жерде иштеп берүүсү керек. Акун Тажикстан Республикасынын Мургабына бөлүнүп, бирок ал жакка барууга көңүлдөнбөй жаткан мезгилде депутат Маманды жолуктуруп калуусу жана эл өкүлү Мургаптын мектеби жаш билимдүү адистерге муктаждыгын билдирүүсү менен шаардан иш таба албаган Акун аргасыз Мургапка барышы, ал жердин жаратылышынын кооздугу, айрыкча түрдүү жапайы канаттуулар, жаныбарлардын көптүгү, кыш мезгилинин оор келиши, карапайым элдердин турмушу, жаштардын сүйүүсү, айылдагы мектептин билим берүү деңгээли, ошондой эле элдин караңгылыгы сүрөттөлөт.

**2-кадам.** Ой жүгүртүп бүткөн студентке теманын тегерегиндеги негизги орчундуу идеясын төмөндөгүдөй эки же үч сүйлөм менен берүүсүн өтүнөт.

Кыргыз элинде интеллигенциянын өсүшү жана айыл жергесиндеги элдердин сабатсыздыгын жоюу максатында жаш мугалим-адистерди чеке кыштактарда билим берүүгө тартуу маселеси каралган. Повесть патриоттук сезимдерин ойготуп, Мекенди сүйүүгө тарбиялайт.

**3-кадам.** Жуптан биригишип топтогон идеяларынан пайда болгон сүйлөмдөрдү стилдик жактан бир мазмунга келтиришет.

**4-кадам.** Эки жуптан экөөнү бириктирип бир чакан топту түзүшөт.

**5-кадам.** 4 студент өзүлөрүнүн тема боюнча түшүнүктөрүн бириктирип, текст түзүшөт. Бул стратегия чакырууда көбүрөөк колдонулат.

Мисалы, студенттер повесттин сюжетин өзүнүн башынан өткөргөн окуяларды салыштырып, чыгармачылык менен текст түзүшсө болот.

**6-кадам.** Түзүлгөн текст аудиторияда талкууланат.

**7-кадам**. Талкууланган пикирлерди окутуучу жыйынтыктайт.

Кабарлашып окуунун негизи студенттердин биримдигин, бирин-бири түшүнүүнүн, ар биринин идеясынын биригип жалпы натыйжаларды, жаңылык, пикирлерди негиздөөсү менен түшүндүрүлөт да, группадабы, курстабы, биргеликте жамааттын көмөктөшүүсү менен аткарылат.

## 2-§ Сыноо-тажрыйба иштеринин жүрүшү жана анын жыйынтыктары

Эксперименттик сыноо иштерибиз **аныктоочу, окутуучу, изденүүчү** мүнөздү камтып, үч этапта өткөрүлдү. Анткени алар КӨУнун, ЖАМУнун, БатМУнун алдындагы КГПИнин, филологиялык билим берүү багытындагы кыргыз тили жана адабияты профилинде окуган 3‒4 курсунун студенттеринин арасында аныктоочу эксперимент жүргүзүлүп жыйынтыкталды.

2012‒2013-жылдары 1-сынообуз абалды аныктоочу мүнөздө болуп, өзүбүз иштеген КӨУнин гуманитардык-педагогикалык факультетинин 3-курсунун студенттеринин арасында төмөндөгүдөй **максатта** өткөрүлдү:

1. Университеттердин кыргыз филологиясы факультеттеринде окуган студенттердин окуу процессинде интерактивдүү методдордун жардамы менен XX кылымдагы кыргыз адабиятынын портреттер

бөлүмү боюнча чыгармачылык активдүүлүгүн жогорулатуунун жол-жоболорун иштеп чыгуу;

2. Интерактивдүү методдорду XX кылымдагы кыргыз адабиятынын портреттер бөлүмү сабагында колдонуунун жардамы менен студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн жогорку деңгээлде калыптандыруу жана ал мүнөздүк касиети өнүккөн студенттер өздөштүргөн билимин практикадан сырткары окуу-тарбия иштеринде пайдалануунун жолдорун иштеп чыгуу.

**Милдети**:

1. Студенттерди бул багытта окутуу үчүн атайын курстун программасын түзүү;

2. Студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн жогорулатуучу интерактивдүү методдор туурасындагы билимдерин текшерүү;

3. Атайын бул багытта колдонулуучу усулдарды жана аны өткөрүүнүн формаларын иштеп чыгуу менен аны экспериментте сыноо.

Аталган максат жана милдеттерге ылайык, болонья кредиттик технологиянын негизинде окуган студенттерге XX кылымдагы кыргыз адабиятынын портреттери предметинен түзүлгөн типтүү программага киргизилген жазуучулардын өмүрү, чыгармачылыгы боюнча атайын студенттер үчүн төмөндөгү мазмундагы маалыматтарын аныктоочу темаларды киргиздик.

Аныктоочу бул этаптагы максат 70-жылдардын аралыгында кыргыз адабиятын көркөм туундулары менен байыткан Мурза Гапаровдун, Жунай Мавляновдун, Зуура Сооронбаеванын повесттерин окутуу аркылуу студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн жогорулатуунун методдорун канчалык деңгээлде түшүнө билүүсүн текшерүү болду жана бул боюнча атайын ***төмөндөгүдөй чен-өлчөмдөр иштелип чыкты***:

– студенттер идеялык-тарбиялык мааниси бийик, чыгармачылык активдүүлүктү жогорулатуучу Мурза Гапаровдун, Жунай Мавляновдун, Зуура Сооронбаеванын прозалык жанрдагы чыгармаларын билишеби?

– ал чыгармалардагы активдүүлүктү көтөрүүчү идеяларды талдай алышабы?

– алардын мазмунундагы чыгармачылык активдүүлүктү жогорулатуучу идеялык тарбияны анализдей алышабы?

– үч жазуучунун повесттери аркылуу чыгармачылык активдүүлүктү көтөрүүнүн жолдорун билишеби? деген максатта студенттерге *төмөндөгүдөй мазмундагы суроолорду бердик.*

**1. Мурза Гапаров боюнча:**

1. Студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн арттырууда Мурза Гапаровдун чыгармаларынын орду кандай?

2. “Кыштакча” повестиндеги Паиз менен Карачачтын жашоодогу тандаган жолу сени канааттандырабы?

3. Сенин чыгармачылык активдүүлүгүңдүн жогорулашында М. Гапаровдун “Кыштакча” повестиндеги Акундун, “Дарыялардын шоокумундагы” Ормондун,Дервиш карыянын, “Күнөстүү аралдагы” Жаңылдын ролу бар деп ойлойсуңбу?

4. Жалпы М. Гапаровдун чыгармаларын окуу аркылуу чыгармачылык активдүүлүктү кантип көтөрүүгө болот деп ойлойсуң?

**Жунай Мавлянов** боюнча:

1. Ж. Мавляновдун кандай чыгармаларын билесиң?

2. Ж. Мавляновдун “Аваз” повестиндеги кайсыл каармандардан чыгармачылык үлгүлөрдү көрө аласың?

3. Ж. Мавляновдун “Аваз” повестиндеги Бекторунун, Рыскулдун ырдаган ырларында чыгармачылык активдүүлүктүн белгилери камтылган деп ойлойсуңбу?

4. Чыгармачылык активдүүлүктү жогорулатууда Ж.Мавляновдун повесттериндеги каармандардын таасири кандай?

5. Ж. Мавляновдун чыгармалары аркылуу чыгармачылык активдүүлүктү кантип көтөрүүгө болот деп ойлойсуң?

**Зуура Сооронбаева боюнча:**

1. З. Сооронбаеванын чыгармаларынын сенин жан дүйнөңдө кандай орду бар? Эмне үчүн?

2. Зуура Сооронбаева жана чыгармачылык активдүүлүк дегенди кандай, кантип чечмелейсиң?

3. З. Сооронбаеванын өмүрү, чыгармачылыгы сенин жан дүйнөңдүн чыгармачылык жактан активдешине кандай таасир берди?

4. З. Сооронбаеванын чыгармаларындагы каармандар чыгармачылык активдүүлүгүңдүн жогорулашына канчалык таасир берди деп ойлойсуң?

5. Жан дүйнө, Зуура Сооронбаева, чыгармачылык активдүүлүк түшүнүктөрүнүн ортосунда кандай жалпылык, айырмачылык, идеялык-тарбиялык маани бар деп эсептейсиң?

Сурамжылоодо окутуучулар: КӨУдөн Усарова Г., Жусуева С., Алибекова Ө., ЖАМУдан Кадырова А., Шерипбаев А, БатМУнун алдындагы СПИден Каранова Т., Мадумарова М., Ф. Кайымовалар катышты.

Берилген суроо боюнча КӨУнун 4-курсунун студенттеринин жооптору төмөндөгүдөй болду:

**1. Мурза Гапаровдун өмүрү чыгармачылыгы боюнча берилген суроолорго жооп:**

1. М.Гапаровдун 70 жыл арасында жазылган повесттери адам жана коом, жаратылышка карата адамдардын мамилеси, адеп-ахлактык изденүүлөр жана аны философиялык-психологиялык ыңгайдан аңдап билүү маселелери камтылган, ошондуктан чыгармачылык активдүүлүктү арттырууда негизги ролду ойнойт.

2. Паиз менен Карачачтын ортосундагы сүйүү бүт тоскоолдуктарды жеңет. Бирок мен биринчи орунда үй-бүлө күтүүнү эмес билим алып, жактырган кесибимдин ээси болууну каалайт элем.

3. Албетте, Акундун адамдык мүнөзүнүн артыкчылыгынан, келечегин туура жол менен баштагандыгынан, Ормондун жашоого болгон күрөшүнөн, Дербиш карыянын кең пейилдигинен да тарбияланууга болот. Бул мүнөздүк касиет чыгармачылык активдүүлүктүн бир белгиси деп ойлойм.

4. Жалпы М. Гапаровдун чыгармаларын окуу аркылуу, анын идеялык маанисин түшүнүү менен керектүү тарбия алып, аларды турмушта орундуу колдоно билүү аркылуу чыгармачылык активдүүлүктү көтөрсө болсо керек.

**2. Ж. Мавляновдун чыгармалары боюнча берилген суроолорго жооп:**

1. Ж. Мавляновдун “Нан”, “Аваз” ж.б. прозалык жанрдагы чыгармалары бар.

2. Ж. Мавляновдун “Аваз” повестиндеги Сагынбек менен Жапардан жана Рыкулдун айылдагы жалгыз мугалим болуп, жаштарга билим берип, элдин келечегин ойлогондугунан, Бекторунун ырдаганда жан эргитип, кооз жаратылышка жан киргизген шаңдуу авазынан чыгармачылык активдүүлүктү көрө алам.

3. Ж. Мавляновдун “Аваз” повестиндеги Рыкул менен Бекторунун жаңыдан таанышып, эки айылдын жаштары биригип оюн уюштурушуп, алым-сабак айтышыпырдашканы жана Бекторунун согуш учурунда айылда кимдин үйүнө “кара кат” келсе ошол жерге барып кошок кошуп, элдин көкүрөгүндөгү дене боюн куйкалап жаткан кайгысын муңдуу авазы менен коштоп кубаттап туруусу кыргыз элинин тубаса талантуу, чыгармачылык активдүүлүгүнүн жогору экендигин билдирет.

4. Ж. Мавляновдун повесттериндеги каармандарынан Мекенди сүйүүгө, эмгекчилдикке, улууларды урматтап, кичүүлөрдү сыйлоого,

үрп-адат салтка гумандуу мамиле жасоого, сүйүүнү аздектөөгө, чынчыл, адилеттүү болууга тарбия алабыз.

5. Ж. Мавляновдун чыгармаларын толук окуп чыгып, сюжетин, идеялык-маанисин түшүнүп, тарбия алсак, турмуштачыгармачылык активдүүлүгүбүз артаарына мен терең ишенем.

**3. Зуура Сооронбаеванын чыгармачылыгы боюнча жооп:**

1. Зуура Сооронбаеванын чыгармалары жан дүйнөмдүн ар тараптуу өнүгүшүндө эң чоң орду бар. Себеби, жазуучунун повесттеринде ички дүйнөбүздү байыта турган жана турмуштук жашоодо колдоно билүүгө керектүү сабактар көп.

2. Зуура Сооронбаеванын чыгармалары аркылуу жан дүйнөңдү байытууга болот. Ал эми жан дүйнөнүн байлыгы чыгармачылык активдүүлүк болсо керек. Окурмандын чыгармалардан алган таалим-тарбияны турмушта колдоно билүүсү да чыгармачылык активдүүлүк болсо керек деп ойлоймун.

3. З. Сооронбаеванын көп кырдуу таланттын ээси, б.а., эл жазуучусу, котормочу, Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмери экендиги жан дүйнөмдүн чыгармачылык жактан активдешине чоң таасирин тийгизди.

4. З. Сооронбаева каармандарынын сезимин, курчап турган чөйрөнү өзгөчө сезимталдык менен сүрөттөө менен бирге алардын түйшүктөрүн, кайгы-муңун көбүрөөк чагылдырып берет. Жазуучу чыгармаларында негизинен үй-бүлө, сүйүү, эл достугу маселесине кенен орун берип, турмуштун тигил же бул жагдайында кандай аракет жасоо керектиги тууралуу сабак тартуулайт. Бул мүнөздүк белгилер биздеги чыгармачылык активдүүлүктүн бир өзгөчөлүктөрү болсо керек деп ойлойм.

5. Адам баласынын жан дүйнөсүнүн өнүгүшүндө З. Сооронбаеванын чыгармалары чоң роль ойноп, адамгерчиликке, бийик идеяларга тарбиялагандыгы менен чыгармачылык активдүүлүктү өнүктүргөндүгү, бул түшүнүктүн жалпылыгы, айырмачылыгы үчөө үч башка мааниде колдонулат.

Маалыматтык багыттагы ушундай суроолор боюнча ЖАМУнун кыргыз филологиясы факультетинин студенттерине эксперимент жүргүзгөнүбүздө жыйынтыгы төмөндөгүдөй болду:

**1. Мурза Гапаровдун өмүрү чыгармачылыгы боюнча берилген суроолорго жооп:**

1. М. Гапаровдун повесттеринде адам баласынын жан дүйнөсүнүн деңгээлин, чыгармачылык ойлоосун, дүйнө таанымын

чагылдыруу менен чыгармачылык активдүүлүктү арттырууда негизги ролду ойнойт.

2. Канааттандырбайт, себеби Паиз менен Карачач жаш мезгилинде окуп билим алуусу керек эле.

3. Албетте, аталган каармандардан адамгерчиликти, боорукердикти, жапакечтикти көрө алабыз. Бул мүнөздүк касиет чыгармачылык активдүүлүктүн бир белгиси деп ойлойм.

4. М. Гапаровдун чыгармаларын окуп чыксак, анын идеялык маанисин түшүнүү менен керектүү тарбия алып, аларды турмушта орундуу колдоно билүү аркылуу чыгармачылык активдүүлүктү көтөрсө болсо керек.

**2. Ж. Мавляновдун чыгармалары боюнча берилген суроолорго жооп:**

1. Ж. Мавляновдун “Нан” аңгемесин, “Аваз” повестин окуганмын.

2. Ж. Мавляновдун “Аваз” повестиндегибашкы каармандар Бекторудан, Рыскулдан, Сагынбек менен Жапардан чыгармачылык активдүүлүктү көрө алам.

3. Ооба, Рыкул менен Бектору бири-бирине карата туйган ички сезимдерин обонго салып, ырдашканы чыгармачылык активдүүлүгүнүн жогору экендигин билдирет.

4. Ж. Мавляновдун повесттериндеги каармандарынан тынчтыктын баркын билүүгө, туулган жердин топурагын кадырлоого, сүйүүнү аздектөөгө, чынчыл, адилеттүү болууга тарбия алабыз.

5. Ж. Мавляновдун чыгармаларын толук окуп чыгып, сюжетин, идеялык-маанисин түшүнүп, тарбия алсак, турмушта чыгармачылык активдүүлүгүбүз артаарына ишенем.

**3. Зуура Сооронбаеванын чыгармачылыгы боюнча жооп:**

1. Зуура Сооронбаеванын чыгармаларын окуу аркылуу жан дүйнөмдү ар тараптуу өнүктүрө алсам керек деп ойлойм. Себеби, жазуучунун повесттериндетурмуштук жашоодо колдоно билүүгө керектүү сабактар көп болсо керек.

2. Зуура Сооронбаеванын жан дүйнөсү бай болгондуктан бизге кызыктуу чыгармаларды жазып калтырган. Ал эми жан дүйнөнүн байлыгы чыгармачылык активдүүлүк болсо керек.

3. З. Сооронбаеванын сүйүүгө туруктуулугу, адамдык касиетти баалай билүүсү жан дүйнөмдүн чыгармачылык жактан активдешине чоң таасирин тийгизсе керек деп ойлойм.

4. Жазуучунун чыгармаларындагы каармандарынан үй-бүлөлүк ишенимди бекем кармагандыгын, сүйүүнүн туруктуу болгондугун,

достукту барктай билгендигин байкайбыз. Бул мүнөздүк белгилер биздеги чыгармачылык активдүүлүктүн бир өзгөчөлүктөрү болсо керек деп ойлойм.

5. Адам баласынын жан дүйнөсүнүн өнүгүшүндө жазуучунун чыгармалары чоң роль ойноп, адамгерчиликке, бийик идеяларга тарбиялагандыгы менен чыгармачылык активдүүлүктү өнүктүргөндүгү, бул түшүнүктүн жалпылыгы, айырмачылыгы үчөө үч башка мааниде колдонулат.

**1. Төмөнкү деңгээл**: студенттер М. Гапаровдун, Ж. Мавляновдун, З. Сооронбаеванын өмүрү, чыгармачылыгын билүү аркылуу чыгармачылык активдүүлүгү жогорулаарын билишпейт жана ал боюнча түшүнүктөр аз жана жазуучулардын өмүрү, чыгармачылыгына болгон кызыгуулары төмөн экендигин жогорку таблицадагы деңгээлдик көрсөткүч аныктады.

**2. Орточо деңгээл:** жазуучулардын ичинен М. Гапаровдун чыгармаларынын ичинен “Кыштакча” повести, Ж. Мавляновдун чыгармаларынан “Аваз” повести боюнча студенттердин жетишээрлик деңгээлде маалыматы бар. Бирок, алар аркылуу чыгармачылык активдүүлүктөрү жогорулоосун түшүндүрүүдө атайын билимдери жетишсиз.

**3. Жогорку деңгээл:** студенттердин М. Гапаров, Ж. Мавлянов, З. Сооронбаеванын чыгармалары боюнча түшүнүктөрү жогору жана алардын идеялык мазмуну кантип чыгармачылык активдүүлүктү көтөрүүгө боло тургандыгын талдап анализдей алышат.

Тилекке каршы, мындай деңгээлдеги студенттердин аз санда экендиги байкалып, анын себептери төмөнкүлөр экендиги аныкталды:

Биринчиден, XX кылымдагы кыргыз адабиятынын портреттери предметинин типтүү программасына жаңыдан кошулган жазуучулардын чыгармалары байыртадан бери студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүнүн негизги каражаты экендиги тууралуу алардын жетишээрлик деңгээлде маалыматтарынын жоктугу;

Экинчиден, жазуучулардын чыгармаларындагы идеялык тарбия, эстетикалык баалуулук боюнча түшүнүктөрүнүн жоктугу;

Үчүнчүдөн, мектепте Ж. Мавлянов, М. Гапаров, З. Сооронбаевалардын чыгармалары боюнча алган билимдеринин жетишсиз деңгээлде экендиги;

Төртүнчүдөн, ЖОЖдордо өтүлгөн куратордук сааттарда, маданий-массалык иштерде, СӨАИде окутуучулардын студенттердин

чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүгө багыттап тарбиялаган жазуучулардын чыгармаларына басымдын жасалбагандыгы;

Бешинчиден, ЖОЖдордун окутуучулары үчүн атайын ушул жылдардагы аталган жазуучулардын чыгармачылыгы тууралуу иштелип чыккан окуу-усулдук колдонмолордун жоктугу.

Жазуу түрүндө алынган жооптордун мындай денгээлди түзүп калышына студенттердин логикалык ойлоо жөндөмдүүлүктөрүнүн денгээлдик даражасы тоскоол болгон. Анткени көрүп, андап кабыл алган нерсесин ой ченеминен өткөрүү үчүн берилген суроолордун манызын турмуш чындыгы менен канчалык денгээлде байланыштуу болгондугун ажыратып, салыштырып, анализдеп алуулары керек эле, ошондо гана студенттин берилген тапшырма боюнча ой жүгүртүүсү өз деңгээлинде болмок. Андай чыныгы ой жүгүртүү үчүн студенттер турмуштук чындыкты туура элестетип көрсөтүүсү керек болчу, ошондо гана ой жүгүртүүнүн сапаты артмак. Эгер андай болбосо, ой жүгүртүү, ойлоонун формасы катарында өз баасын жоготууга дуушар болгондугу жогорудагы алардын берген жоопторунун мазмунунан көрүндү.

Экинчи эксперимент окутуучу формада жүргүзүлүп, анда жогорудагы үч прозаиктин чыгармалары окутулуп, аны окутуунун формасында жаңы интерактивдүү методдор менен өтүү колдонулуп, ага үйрөтүлдү.

Жогоруда белгиленгендердин негизинде 2014−2015-жылдарда аталган ЖОЖдордо студенттеринин арасында **изденүүчү эксперимент** жүргүзүлдү. Эксперимент эки багытта жүрдү.

1. М. Гапаровдун, Ж. Мавляновдун, З. Сооронбаеванын өмүрү, чыгармачылыгы менен бирдикте “XX кылымдагы кыргыз адабияты” (портреттер) предметинин мазмуну менен кошо кошумча адабияттарды окуп талдап үйрөнүү.
2. Студенттердин “XX кылымдагы кыргыз адабиятынын портреттеринен” акын-жазуучулардын чыгармаларынын сюжеттик, идеялык мазмунундагы чыгармачылык активдүүлүктү өнүктүрүүчү идеяларды талдоо, аны өнүктүрүүчү методдорду системага салуу, ал аркылуу студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн кантип жогорулатуунун жолдорун аныктоо.
3. Атайын бакалавр тайпалары үчүн окуу планы боюнча бөлүнгөн саатына жараша типтүү программасы түзүлдү.

Ушул зарылдыктан улам студенттер үчүн төмөндөгүдөй мазмундагы эксперименттик материалдардын топтому түзүлдү.

ЖОЖдордун кыргыз филологиясы факультетинин бакалавр тайпаларында окуган студенттерине арналган “Студенттердин

чыгармачылык активдүтүлүгүн жогорулатуу" деген атайын окуу-усулдук колдонмо иштеп чыгылды жана студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн арттырууга өбөлгө болгон шарттарды, каражаттарды аныктап, интерактивдүү методдор жана методикалык ыкмалар системалуу окутулду.

"XX кылымдагы кыргыз адабиятынын портреттери" курсундагы чыгармачыл инсандарды, алардын чыгармачылыгын, чыгармаларынын сюжеттерин, идеялык мазмундарын анализдөө аркылуу студенттердин чыгармачылык ой жүгүртүүсүн жогорулатып, компетенттүү, заманбап кесипкөй адистерди даярдоо максаты көздөлдү. Бул процесс лекцияларда, практикалык сааттарда СӨИде аткарылып, улантылып жүрүп отурулду.

Атайын курстун максат, милдеттерин аныктоодо *төмөнкү жоболорго* таянылды:

– заман талабындагы компетенттүү келечек адистерди кредиттик технологиянын негизинде окутуунун зарылдыгы аныкталды жана аны колдонуп, ишке ашыруунун шарттары түзүлдү;

– изилдөөдөн алынган натыйжа, аныктама, сунуштар студенттердин чыгармачылык ой жүгүртүүсүн өстүрүп, активдүүлүгүн жогорулатып, компетенттүү кесипкөй адис болушуна мүмкүнчүлүк жаратылды;

– ЖОЖдордо кыргыз адабиятын кредиттик технологиянын негизинде окутуу билим берүү системасында актуалдуулугун жоготпой турган орду белгиленди;

– ЖОЖдордо кредиттик технологиянын негизинде билим берүү филолог адистиги үчүн эмес, жалпы билим берүү системасы үчүн керектиги далилденди.

Атайын курстун өзгөчөлүгү, XX кылымдагы кыргыз адабиятынын портреттер бөлүмү боюнча билим берүүдө интерактивдүү методдорду колдонуунун негизинде студенттердин чыгармачылык жигердүүлүгүн активдештирүүгө багытталгандыгы.

**Программанын максаты:**

1. ЖОЖдун филологиялык билим берүү багытындагы кыргыз тили жана адабияты профилиндеги бакалавр тайпаларында XX кылымдагы кыргыз адабиятынын портреттери курсуна бөлүнгөн сааттын көлөмү кыска, бирок студенттерге жеткире турган материалдын кенен экендигине байланыштуу графикалык таблицаларды, интерактивдүү методдорду колдонуу аркылуу окутуу менен студенттердин илимий-методикалык билгичтикеринин

негиздерин иштеп чыгуу;

2. ЖОЖдордогу XX кылымдагы кыргыз адабиятынын портреттери курсун кредиттик технологиянын негизинде окутуу менен студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн көтөрүүгө жетишүү;

3. Студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн көтөрүүчү методдорду системага салуу менен натыйжасын иликтөө;

4. XX кылымдагы кыргыз адабиятынын портреттери курсу боюнча тест суроолор түзүлдү, студенттер менен жүргүзүлүүчү өз алдынча иштердин багыттары белгиленди;

5. XX кылымдагы кыргыз адабиятынын портреттеринин атайын курсун окутуунун негизинде чыгармачылык активдүүлүктү жогорулатуучу интерактивдүү сабактардын иштелмелери түзүлдү.

***Жогорудагы максатталган окуу материалдары боюнча төмөндөгүдөй иштер аткарылды:***

1. Атайын курсту өтүүдө көбүнчө жеке жана тайпалык иштердин ар кандай формалары, лабороториялык иштерди уюштуруу, адабияттар менен иштөө, чыгармачылыкты өнүктүрүүчү тапшырмаларды аткаруу, модел сабактарды өткөрүү, интерактивдүү методдор боюнча алган билимдеринин негизинде өз алдыларынча иштелмелер, илимий изилдөө, рефераттар, курстук иштер жазылып ар кандай багыттагы долбоорлор иштелди;

2. Кредиттик технологиянын негизинде окуу-усулдук колдонмолор иштелип, бакалавр тайпалары үчүн түзүлгөн окуу пландын негизинде атайын даярдалган окуу-методикалык комплекстер сунушталды;

3. XX кылымдагы кыргыз адабиятынын портреттери адистигине кредиттик технологиянын негизинде силлабус иштелип чыкты;

4. XX кылымдагы кылгыз адабиятынын портреттери боюнча тест суроолор түзүлүп, студенттерден тесттер алынды;

5. Кафедра тарабынан ар жылдын башында жана аягында "Акыл ордо" клубу тарабынан 3-4-курстардын арасында XX кылымдагы кыргыз адабиятынын өнүгүшүнө салым кошкон акын-жазуучулардын чыгармачылыгы боюнча суроо-жооп таймашы өткөрүлүп турулууда.

Жогоруда аткарылган иш процесстери студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүнүн деңгээлдик көрсөткүчтөрүнүн жыйынтыгы катары каралды.

Изилдөөнү негиздеген жана андан алынган натыйжалар илимий-практикалык, республикалык конференцияларда КӨУнун "Илим. Билим. Техника" журналында (2008-ж.), "Ош мамлекеттик

университетинин жарчысы” журналында (2014-ж., 2015-ж.,), “Кыргыз билим берүү академиясынын кабарлары” (Бишкек, 2015-ж.), “А. Осмоновдун 100 жылдыгына” карата Ж. Баласагын атындагы КУУда өткөрүлгөн эл аралык конференцияда (2015-ж.) “Психология педагогика XX века: теория, практика и перспективы” IV эл аралык илимий-практикалык конференцияда (Чебоксары, 2015-ж), “Образование и наука в современных условиях” VI эл аралык илимий практикалык конференцияда (Чебоксары, 2016-ж.), “Маданияттар аралык байланыш: тил, адабият, котормо жана журналистиканын билим берүүдөгү орду” аттуу VIII эл аралык илимий практикалык конференциясында баяндамалар жасалып жалпысынан он бир макала, студенттер үчүн эки окуу-усулдук колдонмо (Ош, 2014-ж., 2015-ж.) жарык көрдү.

2014–2015-жылдарда жогоруда иштелип чыккан илимий-методикалык окуу колдонмолорубуздун негизинде **окутуу** экспериментин жүргүздүк. **Окутуу эксперименти** КӨУда, ЖАМУда БатМУнун алдындагы СПИде өткөрүлдү. **Эксперименттик топко -** КӨУдан 25, ЖАМУдан 25, БатМУнун алдындагы СПИден 28 студент, **текшерүүчү топко-** КӨУдан 20, ЖАМУдан 23, БатМУнун алдындагы СПИден 25 студент жана 6 окутуучу катышты аны аткаруу үчүн **төмөнкүдөй милдеттерди койдук**:

1. ЖОЖдо 70-жылдардагы повесттерди окутууда интерактивдүү методдорду колдонуу аркылуу студенттердин чыгармачылыгын жогорулатуунун жол-жоболорун аныктоо;
2. ЖОЖдо “XX кылымдагы кыргыз адабиятынын портреттери” окуу программасын жаңы талаптарга ылайык иштеп чыгуу;
3. “XX кылымдагы кыргыз адабиятынын портреттери” курсун окутууну жогоруда түзүлгөн атайын курстун программасынын негизинде уюштурууну активдештирүү;
4. Окутуучу эксперименттин жыйынтыгына ылайык, студенттердин теориялык жана практикалык компетенттүүлүгүн аныктоо үчүн анкеталык жана жазуу жүзүндөгү суроолорду түзүү.

**Белгиленген милдеттерди аткаруу үчүн**:

1. “XX кылымдагы кыргыз адабиятынын портреттеринин” мазмунун билүү;
2. Аталган дисциплинадагы акын-жазуучулардын чыгармаларынын идеялык- тематикалык, сюжеттик мазмунун билүү;
3. Аталган курстагы чыгармаларды билүүдө студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн жогорулатуучу методдорду тандап жана

талдап колдоно билүү;

4. Чыгармачылык активдүүлүктү жогорулатуучу интерактивдүү методдорду практика жүзүндө колдоно алууга жетиштирүү;

5. Активдүүлүктү жогорулатуучу методдорду акын-жазуучулардын чыгармаларынын сюжеттерин презентациялоодо айкындай алуу;

6. Чыгармачылык активдүүлүктү маданий иш-чараларда колдоно билүүгө жетишүү керек.

Аталган жогорку окуу жайларында XX кылымдагы кыргыз адабиятын (портреттер) окутуу процессинде интерактивдүү методдорду колдонуунун теориялык, методикалык ыкмалары окутулду. Аны практикалык жактан иш жүзүндө аткаруу лекциялык, практикалык сааттарда, студенттердин өз алдынча иштеринде улантылды.

Таблица. 3.2.1. – Студенттердин өз алдынча иштери үчүн тапшырмалар

| **№** | **Баллы** | **Темасы** | **Аткарылуучу иштердин түрү** |
|---|---|---|---|
| 1. | 2 | XX кылымдагы кыргыз адабиятындагы проза жанрынын өнүгүшү | Суроолуу кластер түзүү |
| 2. | 4 | Ж. Мавляновдун согуш темасына арналган прозалык чыгармаларындагы тематикалык өзгөчөлүк | Табышмактуу кластер түзүү |
| 3 | 2 | Ж. Мавляновдун чыгармаларындагы эстетикалык табиттин интерпретацияланышы | Эссе жазуу. Концептуалдык карта түзүү |
| 4. | 2 | Ж. Мавляновдун чыгармаларындагы сүйүү темасы. | Блок системасы. Синквейн жазуу |
| 5. | 2 | Ж. Мавляновдун каармандары | Диаграмма түзүү |
| 6. | 4 | М. Гапаров – көп кырдуу талант. | Т схемасы |
| 7. | 2 | М. Гапаровдунпрозалык чыгармаларындагы негизги тема | Кубиктер менен иштөө |
| 8 | 4 | М. Гапаровдун чыгармаларынын идеялык, эстетикалык өзгөчөлүгү. | Суроолуу блок түзүү |
| 9. | 4 | М. Гапаровдун 70-жылдары жарык көргөн повесттери. | Рецензия жазуу |
| 10. | 4 | М. Гапаровдун “Кыштакча” повестинин каармандарын талдоо. | Синквэйн, даймонд жазуу |
| 11. | 2 | М. Гапаровдун чыгармаларындагы сүйүү темасы. | Аргументтештирилген эссе |
| 12. | 2 | М. Гапаров – таланттуу стилист жазуучу | Эссе жазуу |
| 13. | 2 | “Күнөстүү арал” повестинин идеялык тематикалык өзгөчөлүгү. | Кубик түзүү |
| 14. | 2 | “Кызыл беде” повестинин каармандарын талдоо | Концептуалдык карта |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 15. | 6 | З. Сооронбаеванын өмүрү, чыгармачылыгы | Кол менен сүрөт тартуу |
| 16. | 2 | З. Сооронбаеванын чыгармаларынын идеялык, тематикалык өзгөчөлүгү | Диаграмма түзүү |
| 17. | 2 | З. Сооронбаеванын чыгармаларынын адабий каармандары | Эки бөлүктүү күндөлүк |
| 18. | 2 | З. Сооронбаеванын чыгармаларынын эстетикалык деңгээли | Жөө жомок |
| 19. | 2 | З. Сооронбаеванын 70-жылдарда жарык көргөн прозалык чыгармалары | Эссе жазуу |
| 20. | 2 | З. Сооронбаева жана махабат | Чаташкан суроолор |

Студенттердин өз алдынча аткарган бул иштери алардын чыгармачылык активдүүлүгүнүн жогорулашына чоң таасир тийгизип, экспериментибиздин жүрүшүнө оң таасирин берди. Практикалык сабактарда чыгармачыл активдүүлүктү өнүктүрүүчү интерактивдүү ар кандай методдор окутулду жана аларды практикада пайдалануунун жолдору көрсөтүлдү. Натыйжада атайын курстун программасынын негизинде “ХХ кылымдагы кыргыз адабиятынын портреттери” боюнча билим берүүдө студенттер интерактивдүү методдорду өздөштүрүү менен аны практика түрүндө колдоно билүүгө үйрөнө алышты. Мисалы бул оюбузду БатМУнун алдындагы СПИнин бир студентинин Мурза Гапаровдун “Кыштакча” повестин окугандан кийинки чыгармачылык активдүүлүгүнүн жогорулагандыгын текшерүүдө берген жообу менен көрсөтөлү:

Таблица.3.2.2. – Студенттердин жооптору

| | | |
|---|---|---|
| 1 | Түз кабыл алуусу | Мурза Гапаровдун “Кыштакча” повестинин идеялык сюжети жөнүндө түшүнүк алдым. Повесттеги негизги каармандарга Акун, Айша, Маман, Паиз, Карачач кирет. Сюжеттик мазмуну алыскы райондордогу карапайым элдердин балдарына билим берүү, сабатсыздыкты жоюу. Ошол эле мезгилде бул чыгармада жаштардын сүйүүсүнө кенен орун берилгендигин белгилегим келет. |
| 2. | Интерпретациялык кабыл алуу | “Кыштакча” повестинде Тажикстандын Мургабындагы элдердин турмушу сүрөттөлөт. Негизги сюжети жаш мугалим Акундун окуучуларга билим берүүсү, турмушу жана Паиз менен Карачачтын сүйүүсү сүрөттөлөт. Сүйүү бул-түбөлүктүү тема экендигине ынандым. |
| 3 | Глобалдык кабыл алуу | Октябрь революциясынан кийинки өлкөбүздүн глобалдуу көйгөйлөрүнүн бири–агартуу, сабатсыздыкты жоюу маселеси болгон. Анткени, адам баласы окуп билим алып, бир адистиктин ээси болуп, коомго пайдасы тийүүсү керек деп ойлойм. Паиз менен Карачач сүйүүсүн коргоп, максатына жетишти, бирок, экөө тең жаш кезинде окуп |

| | | |
|---|---|---|
| | | билим алып, бир кесиптин ээси болууга аракет жасашпады. Мамандын кылган аракети текке кетти. Эми Паиз менен Карачач да мал багуучулардын катарына кошулушту. Акундай патриот, Мамандай Ата Мекенин ардактаган, улут жандуу эл болушубузду каалар элем. Бул максат ааламда жашаган ар бир инсандын тилеги болсо керек деп ойлойм. |
| 4. | Чыгармачылык активдүү позициянды жогорулаткан интерактивдүү методдорду пайдаланып, түшүндүрүп бер. | **1**. Студенттерди 1, 2, 3, 4 - тайпаларга бөлүп, повестти ар бир тайпа өзүнчө тыным менен окуусу жакшы натыйжа берет деп ойлоймун.<br>**2**. Ар бир тайпадагы студенттерди өзү окуган тексттерди бири-бирине түшүндүрүп окутуусу да студенттердин билимин жогорулатаарын билем.<br>**3**. Бөлүнгөн төрт тайпаны “Кыштакча”повести боюнча алган билимдерин РАФТ методун колдонуп, презентация жасап, андан кийин тайпаларга бөлүп: 1-тайпа-артисттер, 2-тайпа-окумуштуулар, 3-тайпа- жазуучулар, 4-тайпа-педагогдордун ролдорун аткарып, повесть тууралуу түшүнүк беришет. Жыйынтыгында студенттер өздөрүн өзүлөрү баалашат. Окутуучу жыйынтыктайт. Тапшырма берет. |

Таблицадагы студенттердин жоопторунан көрүнгөндөй, биринчи тактоочу эксперименттеги жоопторго караганда түшүнүктөрүнүн таптакыр башка-жаңылануу нугуна бурулгандыгын оңой байкоого болот. Башкача айтканда, билим менен аны үйрөнүүнүн жолдорун өздөштүрүшүп, аны практикада колдоно билүүгө даяр экендиги көрүнүп турат.

**I. Окутуунун жыйынтыгында студенттердин билимин текшерүүдө төмөнкүдөй анкеталык суроолорду бердик:**

1. 70-жылдардагы проза жанрынын идеялык, тематикалык өзгөчөлүгү?
2. Кыргыз адабиятынын өнүгүшүнө салым кошкон таланттуу акын-жазуучуларыбыз бизди туура жолго баштап, турмушта сабак болуучуөздөрүнүн түрдүү жанрдагы чыгармаларын калтырып кетишкен. Ошол чыгармалардын арасынан өзүңдүн жашоондо эң керек деп кайсынысын эсептейсиң?
3. Ж. Мавляновдун согуш темасына арналган прозалык чыгармаларын окуп бүтүп, тынчтыктын, бейпил жашоонун баркын канчалык деңгээлде билдиң жана бизге кантип түшүндүрө аласың?
4. Жашоондо сүйүү менен турмуштун кайсынысын тандай алат элең?
5. Биз окуган повесттер биздин жашообуздун маңызын чагылдырат. Сен аны турмушта колдоно аласыңбы?.

6. М. Гапаровдун “Дарыялардын шоокуму” повестинде Дервиш карыя күн сайын гөзөдө булактын муздак суусун чаңкоосун кандырып ичип кетишсин деп жолоочуларга бекерге жаз, жай, күз бою ташып келет. Дербиштин бул кызматы элди таң калтырат. Бирок чыныгы жашоодо Дербишке окшогон адамдар бар деп ойлойсуңбу?

7. Сен кыйналып турган убакта Ж. Мавляновдун, М. Гапаровдун, З. Сооронбаеванын чыгармаларын окуп, маанайың ачылган убактың болгонбу? Эмне үчүн?

8. Адабият–бул өзүнчө сыйкыр дүйнө. Ал дүйнө жөнүндө билбеген адамдар андан көп. Эгер бул дүйнөнүн ичине кирсек, кайрадан жашоо баштап, бүтүндөй башка чыгармачыл адам болууга туура келет. Эгерде мен бул жашоодо кайрадан жаралып калсам, анда мен өзгөрбөй ушул боюнча эле калмакмын. Эмнеге? А сизчи?

9. Сиз окуган көркөм чыгармалардын жашоодо пайдасы барбы?

10. М. Гапаровдун, Ж. Мавляновдун, З. Сооронбаеванын чыгармаларында сүйүү темасы чагылдырылган. Сүйүүдө кайгы жана кубаныч бар. Көптөгөн жазуучулар өз сүйүүлөрүн чыгармаларында чагылдырышат. Эгер бул эки жолдун бирин тандашка туура келип калса, биз, албетте, сүйүүнү тандайбыз. Бирок ар дайым биз каалагандай жазуучулардын чыгармаларындагы сүйүү идеясына таянып, туура жолду тандоого жана ал жолдон адашпоого мүмкүнбү?

**II. Интерактивдүү методдорду практикада колдоно алуусун текшерүүчү суроолор:**

1. Тыным менен окуу, диаграмманы кайсы жазуучунун чыгармасын өткөндө колдонсо болот?

2. Башкарылма элес, синквэйнди кайсы жазуучунун чыгармасын өткөндө колдоносуң?

3. Суроолуу блок, кластердичи?.

4. Ж. Мавляновдун чыгармачылыгын жомок-лекция кылып өтсө болобу? Кантип?

5. Графикалык ыкмаларды колдонуу кайсы жазуучулардын чыгармаларын өткөндө ыңгайлуу?

6. БББК жана инценировка методдорун бардык акын-жазуучулардын чыгармаларын өткөндө колдоно берсе болобу?

7. Чыгармачылык ойлоону өстүрүүгө кайсы стратегиялар жардам берет?

8. Синквэйн жаздыруу сабактын кайсы этабында керектүү?

9. Эссени сабакта үзгүлтүксүз пайдалануу кандай натыйжа берет деп эсептейсиң? ж.б.у.с. суроолор берилип, төмөндөгүдөй жооп

алынды.

**I. Окутуунун жыйынтыгында студенттердин билимин текшерүүдө берилген анкеталык суроолорго алынган жооптор:**

1. 70-жылдарда жарык көргөн Мурза Гапаровдун “Кыштакча”, “Дарыялардын шоокуму”, “Кызыл беде”, “Күнөстүү арал”, “Сүйүүнүн кайыгы” повесттери, Жунай Мавляновдун “Турмуш”, “Аваз”, З. Сооронбаеванын “Астра гүлү”, "Жетимдер”, "Андрей”,"Ак чач аял” аттуу повесттери жаралуу менен кыргыз повесттери адам жана коом, жаратылышка карата адамдардын мамилеси, адеп-ахлактык изденүүлөр жана аны философиялык-психологиялык ыңгайдан аңдап билүү маселелерин камтууну, алар аркылуу чыгармачылыктын жаңы бийиктигине кадам шилтеп, турмушка жаңыча көз караштан туруп, азыркы мезгилдин шардабы менен жашоого бет алгандыгын көрсөттү.

2. Профессионал “XX кылымдагы кыргыз адабиятынын (портреттери)” дисциплинасынан окуган улуу чыгармачыл инсандар К. Тыныстанов, А. Токомбаев, Т. Сыдыкбеков, А. Осмонов, Ж. Бөкөмбаев, Ж. Турусбеков, М. Элебаев жана Ч. Айтматов, Т. Касымбеков, Т.Абдымомуновдун, Ж. Мавляновдун, М. Гапаровдун, З. Сооронбаеванын чыгармаларындагы каармандардын образынан өзүмө керектүү оң мүнөздүк сапаттарды, идеяларды алдым. Биз филолог катары кыргыз акын-жазуучулардын бардыгынын чыгармаларын билүүбүз керек деп ойлоймун.

3. Коомдун өнүгүшү үчүн биринчи орунда тынчтыкта жашоо керек. Жазуучу экинчи дүйнөлүк согуштун катышуучусу болгондуктан, чыгармаларында согуш учурундагы ар бир окуя жазуучунун жүрөгүн кандай тырмалап өтсө, менин жан дүйнөмдү да ошондой кайгыга салды.

4. Турмуш менен сүйүү бири-бирин толуктап туруучу бир бүтүндүк деп билем. Сүйүүсүз турмуш куруу боелбогон сүрөттөй же тузу жок даамсыз тамактай сезилет эмеспи. Анткени бул экөө жашоонун түркүгү. Түркүгү жок үй кулап калат.

5. Жашоодо күтүлбөгөн сыноолорго туш келебиз. Ошондой мезгилде акыл калчап, туура жолду тандоо учурунда билгендерим чоң жардам болот деген ойдомун.

6. Азыркы мезгилде бекерге, соопчулукка кызмат кылган кишилерди жолуктуруу өтө кыйын. Бирок бул чыгарманы окугандан кийин ар бир окурман Дербиш карыянын эмне үчүн жолоочулардын чаңкоосун кандырып, аларга бир оокумга болсо да ырахат тартуулап жатканын талдап, ойлонуп көрсө керек. Балким, бул чыгарманы окуган окурман Дербиш карыянын жолун башка өңүттөн улантууга белсенээр деп ойлоймун.

7. Ооба! Себеби, бул жазуучулардын чыгармалары кызыктуу жана өзүбүзгө ала турган турмуштук сабактар эң эле көп. Ал үчүн адабиятты көп окуу керек.

8. Көркөм адабият аркылуу адам баласы кайра тарбиялануууга болот. Чыгармаларды көп окуу аркылуу, ички руханий жан дүйнөм, адеп- ахлактык касиеттерим бийиктеп, терендей тургандыгына ишенем. Ошондуктан көп окууга аракеттенем.

9. Сөзсүз түрдө пайдасы бар. Биринчиден, жан дүйнөмдүн байыгандыгы. Экинчиден, турмуштук көз карашым туура жакка багытталгандыгы мен үчүн чоң утуш.

10. Жазуучулар чыгармаларын турмуштан алып жазышкан. Бирок, чыгармадагы окуялар, сүйүү темасы бизди адаштырбашы керек. Ар бир окурман өзүнө керектүү турмуш сабактарын алуусуна ишенем.

**II. Интерактивдүү методдорду сабактарда колдоно билүүсүн текшерүү үчүн берилген суроолорго алынган жооптор:**

1. Тыным менен окууну бардык “Жаңы кыргыз адабиятынын портреттеринен” көркөм чыгармалардан үзүндүлөрдү, акын-жазуучулардын өмүр баяндарын өткөндө колдонсо болот. Диаграмма көбүнчө сабактын үчүнчү этабындагы кайталоо, бышыктоодо же эки жазуучу-акындын чыгармачылыгын өткөндөн кийин колдонсо, жакшы натыйжа берет.

2. Ар кандай чыгарманын идеялык-сюжетин өтүп жатканда чакыруу жасаш эң пайдалуу жана ыңгайлуу. Анткени бул этап студенттердин чыгармачыл ой жүгүртүүсүнө таяныч болот. Синквэйн ар бир чыгарманы же акын-жазуучунун чыгармачылыгын өткөндөн кийин же бышыктоо, кайталоо, жыйынтык сабактарда колдонулат.

3. Ар бир чыгармачыл инсандын өмүрү, чыгармачылыгы жөнүндө маалымат алуу үчүн практикалык, лабораториялык, семинардык сабактарда графикалык ыкмаларды колдонуу пайдалуу.

4. Албетте, болот. Ал ар бир студенттин чыгармачылыгына байланыштуу деп ойлоймун. Эгер чыгармачылык фантазиясы күчтүү болсо, Ж. Мавляновдун чыгармачылыгы “Жомок-лекцияга” эң сонун материал болуп берет. Мисалы, мен Ж. Мавляновдун чыгармачылыгы боюнча жазган жомогумду мисал келтирейин:

Бар экен да жок экен, ач экен да ток экен. Кырман толо дан экен, арык толо суу экен, токой толо гүл экен. Ошондой кооз айылда Атантай деген акылсыз, атасы менен апасынын сөзүн укпаган, жалкоо бала болгон экен. Аны ата-энеси эгер жалкоолук кылып, эчтеке үйрөнбөсөң, анда сени менен эч ким дос болбойт, эмгек кылганды үйрөнүп,

бизгеэгин айдоого жардамдашсаң сага турналар чоң белек алып келеип берет деп алдап-соолоп эгин айдоого өздөрү менен кошо алып келишет. Ошентип, күндөр өтөт. Баягы кой дегенди укпаган, көчөнү ойноп чаңыткан Атантай чоңоюп, ата-энесинин колунан ишин алып, аларга жардам бере баштайт. Бир күнү Атантай айдаган эгинин суугаруга бара жатса, бир турнанын канаты сынып учалбай жаткан болот. Атантай турнага кантип жардам берүүнү билбей көтөрүп алып жолдо бара жатса, бир өзү менен тең курактуу бала дарактын түбүндө китеп окуп олтурган болот. Атантайдын колундагы канаты сынган турнаны көрөт да чуркап келип, турнага жардам берүүнү айтат.Ошентип,Атантай менен Акылбек таанышып, турнанын канатын байлап айыктырышат, турнанын шылтоосу менен экөө дос болуп калат. Эки достун тең жакшы сапаттары бар. Атантай боорукер, эмгекчил болсо, Акылбек дайыма колунан китеп түшүрбөй окуган, китеп жандуу болуп күнүнө чоң томдуктарды да окуп бүтүрө алат. Атантай Акылбекке жер айдап, эгин эгүүнү үйрөтсө, Акылбек Атантайга китеп окуп, билимдүү болууну үйрөтүп, ага үндөйт. Ошентип, Акылбек досуна китеп окуп берүүнү чечет да, төмөнкү маалыматтарды ага окуп берет:

Жунай Мавлянов адабиятка акын катары кирсе да, кыргыз адабиятынын проза тармагынан өз ордун тапты. XX кылымдын 60-жылдарында «Жүрөк» (1960), «Аркыт гүлдөрү» (1961), «Мөл булак» (1963) деген ыр жыйнактары чыккан. Андан соң турмушта көрүп-билгендерин кеңири жана ар тараптуу чагылдыруу үчүн кара сөзгө кайрылып, «Бекиш, сага эмне болду?» (1964), «Күтүү» (1966), «Менин күндөлүгүм» (1967) аттуу аңгемелер жана повесттер жыйнактарын тартуулады. Дал ушул китептер анын ысымын окурмандарга тааныттты. Анын 1956-жылы жазылган «Нан» аңгемеси кийин орус тилине «Лепешки» деген ат менен которулуп, ал ошол кездеги эң эле популярдуу «Огонек» журналына басылып, 1967-жылы журналдын сыйлыгын алып, бир нече чет тилдерде жарык көргөн жана азыркы учурда мектептин кыргыз адабияты предметинде атайын саат бөлүнүү менен окутулуп келет.

Жазуучу 60 жылдай өмүрүн адабиятка сарптап, окурмандарга төрт романын («Ачык асман», «Бийиктик», «Жаңы таң», «Кайрымсыз жылдар»), он беш повестин жана жүзгө жакын аңгемелерин, адабий макалаларын, публицистикаларын тартуулады. Үч романы («Ачык асман», «Бийиктик», «Жаңы таң») жана аңгеме, повесттер жыйнактары Москвадан орус тилинде жарык көрдү. Айрым чыгармалары француз, немис, англис, украин,казак, тажик, өзбек ж.б. тилдерге которулган. Анын «Ожидание» (1971), «Чистое небо» (1975) деген Москвадан

«Советский писатель» басмасынан чоң нускаларда чыккан китептери бүткүл союздук окурмандарды кыргыз совет адабияты менен тааныштырууда кезегинде өз милдетин жакшы аткарган. «Нан» (1973), «Бийиктик» (1977), «Турмуш» (1979), «Жаңы таң» (1980), «Эне» (1983), «Мен жана менин айылдаштарым» (1985), «Тандалмалар» (1987) аттуу прозалык китептери өз жүзү, өз стили бар жазуучу катары анын улуттук адабияттагы ордун аныктады. Атуул жана агартуучу катары ал мемуардык адабиятта да активдүү иштеп, 1998-жылы «Эсте калган элестер», 1994-жылы «Кайрымсыз жылдар» аттуу даректүү баяндарын жарыялады.

Ал адам мүнөздөрүн ачып берүүнүн жана элеттик баео, иштемчил, пакиза каармандарды жалпылап сүрөттөөнүн чебери болгон, анын чыгармалары кыргыз инсанынын адам катары абийиринин тазалыгын, улуттук психологиянын өзгөчөлүктөрүн, дээрлик жарым кылымга жакын созулган Кыргызстандын билим берүү тармагынын көйгөйлөрүн чагылдырган өзүнчө эле көркөм летопись катары баалоого татыктуудеген маалыматтарды алды.

Ошентип, Атантай Акылбектин окугандарын кунт коюп угуп, Ж. Мавляновдун чыгармачылыгына кызыгып калды. Ошол эле мезгилден тартып Атантай досу окуп бүткөн китептерин сурап, окуп чыгууну чечти.Жыйынтыгында Атантай менен Акылбек дос болуп калды.

Бардык акын-жазуучулардын чыгармачылыгын өткөндө колдонсо болот.

1. БББК. Инцենировканы “Жаңы кыргыз адабиятынын портреттеринин” бардык материалдарын өткөндө колдонсо болот.
2. Атайын курста окулган бардык стратегиялар чыгармачылык ойлоону өстүрүп, активдүүлүктүн артышына жардам берет.
3. Сабактын үчүнчү этабында, б.а., презентацияда колдонгонго ыңгайлуу.
4. Эссени ар бир практикалык, семинардык сабактарда үзгүлтүксүз колдонуу чыгармачылыктын активдешине чоң жардам берет.

Окутуу эксперименти мезгилинде жүргүзүлгөн методикалык иш-аракеттердин ичинен өзгөчө лекцияга, практикалык сабактарга, СӨАИге, массалык маданий уюштуруу иштерине көбүрөөк көңүл бурулуу менен андан тышкары реферат, курстук, дипломдук иштерди жаздырууга жетишилди.

Ошентип, студенттердин алган билимдери, аңдоо туюу сезимдери, сырткы дүйнө менен тикеден тике байланышы практикалык туунду катары сыноо-тажрыйбаларынын натыйжасында таанып-билгендери жогоруда белгиленген иш аракеттерде толугу менен чагылдырылды. Натыйжада, биз максатталган изилдөөбүзишке ашыты деген жыйынтыкка келдик.

***Изилдөөбүздүн негизги максатына ылайык төмөндөгү милдеттер аткарылды***;

1. Изилдөөнүн максатына ылайык, адабият таануу, психологиялык, педагогикалык, методикалык, философиялык адабияттардагы концептуалдык булактарга талдоо жүргүзүү менен алар жалпыланылды;
2. Кредиттик технологиянын негизинде XX кылымдын кыргыз адабиятындагы проза жанрын окутууда интерактивдүү методдорду колдонуунун жолдору үйрөтүлүү менен алардын натыйжалары аныкталды;
3. Кредиттик технологиянын негизинде кыргыз адабиятындагы проза жанрын окутууда өз алдынча иштерди аткаруунун методикалык системасы иштелип чыгылды;
4. Сунуштаган методикалык системаны жайылтуу максатында эксперименттик тажрыйбалардын натыйжалары жалпы анализделип, жыйынтыкталды жана өндүрүшкө сунушталды.

## III бөлүм боюнча корутунду

Аталган баптын, **биринчи** параграфында жогорку окуу жайларындагы кыргыз филологиясы факултеттеринде “XX кылымдагы кыргыз адабиятынын портреттерин”окутууда интерактивдүү методдорду пайдалануу менен студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн жогорулатуу маселесин чечүү үчүн эксперимент өткөрүүнүн зарылдыгы кандай кемчиликтерден улам келип чыккандыгы такталып, интерактивдүү методдор акылуу сабактын иштелмеси көрсөтүлдү.

**Экинчи параграфта** эксперименттик сыноо иштерибиз аныктоочу, изденүүчү жана окутуучу мүнөздү камтып, үч этапта өткөрүлүп, алар КӨУнун, ЖАМУнун, БатМУнун алдындагы СПИнин, кыргыз тили жана адабияты адистигинде окуган 3-4-курстун студенттерине, филологиялык билим берүү багытындагы кыргыз тили жана адабияты профилинде окуган 4-курс студенттеринин арасында аныктоочу эксперимент жүргүзүлүп натыйжасы көрсөтүлүп, анда

студенттердин М. Гапаров, Ж. Мавлянов, З. Сооронбаеванын чыгармалары боюнча түшүнүктөрү текшерилди. Студенттердин билимин текшерүү үчүн анкеталык суроолор, интерактивдүү методдорду практикада колдоно алуусун текшерүүчү суроолор берилип жооптор алынды.

Ошентип, ЖОЖдордун кыргыз филологиясы факультеттеринде XX кылымдагы кыргыз адабияты (портреттер) дисциплинасынан экинчи изденүүчү эксперимент жүргүзүлүп, анын көндүмдөрүн кайтарым билимдери аркылуу сапаттык натыйжаларына анализ жүргүзүүнүн негизинде эксперименттик тажрыйбалардын натыйжалары анализделип жыйынтык чыгарылды.

***Изилдөөнүн тыянактарынан чыккан практикалык сунуштар:***

1. Кредиттик системаны ЖОЖдордун окуу процессинде колдонууда ар кандай структуралык бөлүнүүнү кайрадан карап чыгуу;
2. Университеттеги материалдык-техникалык базаны күчөтүүнүн зарылдыгы;
3. ЖОЖдордо методикалык жана информациялык камсыздандырууну өнүктүрүү;
4. Жогорку профессионалдык билим берүү структурасын туура келген турмуштук образ боюнча оптимизациялоонун зарылдыгы;
5. Кредиттик технологиянын негизинде ЖОЖдордо окутуунун интерактивдүү методдорун колдонуу боюнча атайын уюштуруу иштерин үзгүлтүксүз жүргүзүү;
6. XX кылымдагы кыргыз адабияты (портреттери) предметинен билим берүүдө жана сабактан тышкаркы мезгилдерде иш алып барууда бул процесске олуттуу таасир көрсөтүүчү сырткы факторлорду жоюуда тажрыйбалуу педагогдорду үзгүлтүксүз пайдалануу;
7. ЖОЖдордогу билим берүү чөйрөсүндө кредиттик технологиянын негизинде студенттердин чыгармачыл ишмердүүлүгүн активдештирүү боюнча окуу-тарбия жараянынын мүмкүнчүлүктөрүн аныктоодо педагогика, педагогиканын тарыхы, адабият таануу, кыргыз адабиятын окутуунун методикасы, тарбиялык иштердин методикасы, студенттердин педагогикалык практикасы жана илимий изилдөө иштери боюнча окуу пландарын жана программаларын кайрадан изилдөөнүн жана бирдиктүү байланыштагы иш пландарын түзүүнүн зарылдыгы;
8. Кредиттик технологиянын негизинде интерактивдүү методдорду үзгүлтүксүз колдонуу менен студенттердин өз алдынча,

илимий, ж.б. иш- аракеттерди аткаруусуна жетиштирүүнүн керектиги;

9. Өлкөбүз үчүн сапаттуу адистердин даярдалып чыгышы үчүн изилдөөчү тарабынан сунушталган бакалавр багытын даярдоо үчүн окутуу программасы (силлабус), окуу китеби, атайын курс, атайын семинарлар министрликтин деңгээлинде иштелип чыгышынын зарылдыгы;

Изилдөөнүн негизинде киргизилген сунуштар, учурдун талабына жараша филология эле эмес, бардык педагогикалык адистиктер үчүн илимий-методикалык булак болот деген ишенимдебиз.

# КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР:


1. **Абдувалиева, Б., Секимова А.** Кыргыз тилинин практикуму бакалавр. [Текст]: ЖОЖдогу окутуучу жана студенттер үчүн окуу-усулдук колдонмо/ Б. Абдувалиева, А. Секимова - Ош-2011 5-б.
2. **Азизходжаева, Н.Н**. Педагогические технологии и педагогическое мастерство. [Текст]: Учеб./ Н.Н. Азизходжаева. – Ташкент: 2003. – С. 192.
3. **Айтматов, Ч**. Биз дүйнөнү жаңыртабыз, дүйнө бизди жаңыртат [Текст]: Макалалар, маектешүүлөр, сүйлөнгөн сөздөр/ Түз. С. Тургунбаев. – Фрунзе: Кыргызстан. 1988 – 212-221-б.
4. **Айтматов, Ч**. Нукура элдик жазуучу // Ч. Айтматов. Чыгармаларынын сегиз томдук жыйнагы. 2-бас. [Текст] / Ч. Айтматов. – Б.: «Учкун». 8-т. –164-170-бб.
5. **Айтматов, Ч**. Чыгармаларынын жыйнагы.[Текст]: 5-том Роман, аңгемелер / Ч. Айтматов. – Бишкек-Бийиктик, 2009. 504-б.
6. **Акиева, Г.С**. Педагогикалык чеберчиликтин негиздери. [Текст]: Окуу куралы/. Г.С. Акиева – Бишкек - 2002. 234-б.
7. **Алимбеков, А.** Кыргыз этнопедагогикасы. [Текст]: Окуу куралы/ А. Алимбеков - Бишкек: 1998-ж.
8. **Алимбеков, А**. Кыргыз элинин билим берүү салттары. [Текст]: Окуу куралы/ А. Алимбеков - Б.; 2001. 5-б.
9. **Алимбеков, А**. Окутуунун жалпы методдору. [Текст]: Окуу куралы/ А. Алимбеков - Бишкек: 2004.
10. **Алыбаев, М**. Тандалган чыгармалар.[Текст]: Ырлар/ М. Алыбаев – Б.: Кыргызстан, 1996. 220-б.
11. **Алымов, Б**.; Кыргыз совет адабиятын окутуунун айрым маселелери. [Текст]: Окуу китеби/ Б. Алымов Фрунзе: 1972;
12. **Артыкбаев, К.** Адабият таанууга киришүү. [Текст]: Мугалимдер жана студенттер үчүн усулдук колдонмо /К. Артыкбаев - Бишкек-2009. - 56-б.
13. **Асаналиев, К.** Жанрдын чеги болобу.Китепте: Доор менен бирге/ К. Асаналиев – Фрунзе: Кыргызстан, 1981. 50-61-б.
14. **Асанов М.**А. Инновационные технологии организации и контроля учебного процесса в вузе. [Текст]: Научно-практическое пособие для работников высших учебных заведений Кыргызстана./ М.А. Асанов – Ош: ОшТУ. 2009 - 77-б.

15. **Асанов М.**А. Проблемы обеспечения качества высшего образования. [Текст]: Научно-практическое пособие / М.А. Асанов.- Ош: ОшТУ. 2012 - 112-б.
16. **Асанов М.А.** 100 баллдык Модулдук-рейтингдик системасын ЕСТС менен бирге колдонуу [Текст]: Журн. «Наука и новые технологии»/ М.А. Асанов. - Бишкек: НАК КР.
17. **Ахметова, Н.А., Леоненко, Н.О.** Ценности и смысложизненные ориентации в структуре жизнестойкости российских и киргизских студентов. [Текст]: УГПУ, журн. Педагогическое образование в Росии. Урал: 2014. 185 ст.
18. **Байгазиев, С.О., Рысбаев К.С.** «Педагогикалык тажрыйба». [Текст]: Изденүүлөр жана тажрыйбалар/ С.О. Байгазиев, К.С. Рысбаев – Фрунзе: Мектеп, 1989. 30-бет, 58-бет.
19. **Байгазиев, С.О**. «Ыйман сабагы».[Текст]: Мугалимдер үчүн усулдук колдонмо / С.О. Байгазиев – Бишкек: 2002. 7-бет.
20. **Байкова, Л.А. Гребенкина, Л.К.** Педагогическое мастерство и педагогические технологии. Л.А. Байкова, Л.К. Гребенкина М.: Пед. общество России, 2001, 9-бет).
21. **Батышев, С.Л**. Профессиональная педагогика. [Текст]:. Учеб.пособие/ С.Л. Батышев – М.: 1999. 342-б.
22. **Батаканова, С.Т.** Мектепте адабиятты интерактивдүү окутуу. [Текст]: Макала. Ж. Баласагын атындагы КУУнун жарчысы/ С.Т. Батаканова. – 2015 - ж. Выпуск 2.
23. **Байтикова, Т** «70-80-жылдардагы кыргыз повесттеринин поэтикасы» аттуу диссертациялык иштин авторефераты. /Т. Байтикова. – Бишкек: 2001-ж. 5-10-б.
24. **Баялинов, К**. Чыгармаларынын II томдук жыйнагы. I том[Текст]: Аңгемелери, повесттери /К. Баялинов – Фрунзе: Кыргызстан, 1969. 684-б.
25. **Баялинов, К.** Чыгармаларынын II томдук жыйнагы. II том [Текст]: Повесттери / К.Баялинов. – Фрунзе: Кыргызстан, 1970. 594-б.
26. **Бекбоев, И. Б**. Инсанга багыттап окутуу технологиясынын теориялык жана практикалык маселелери.[Текст]: Окуу куралы/ И.Б. Бекбоев. – Б.: Педагогика, 2003. 17-бет; 304-б.
27. **Бекбоев, И.Б.** Кесиптик компетенттүүлүк–педагогикалык эмгектинсапатынын негизи. [Текст]: Жаны мектеп–жаны мугалим. Эл аралык илимий–практикалык конференциясынын материалдары/. И.Б. Бекбоев.–Бишкек, 2003.83–93-б.
28. **Белинский, В.Г**. Тандалган чыгармалар. Түз.: Ж. Абдраимов [Текст]/ В.Г. Белинский. – Ф.: Кыргызстан, 1973. –274 б.

29. **Биалиев, К.А.** Кыргыз тили. [Текст]: Окуу куралы/ К.А. Биалиев.- Бишкек - 2003.
30. **Богявленская, Д.Б**. Психология творческих способностей. [Текст]: Уч.пос./ Д.Б. Богявленская. – М. 2002.: С–37.
31. **Бообекова, К.С.** "Болонья процесси жана кредиттик система". [Текст]: Окуу-методикалык колдонмо/ К.С. Бообекова.// "Гүлчынар" басмасы. - Бишкек - 2005-ж.
32. **Борбугулов, М**. Адабият теориясы. [Текст] Окуу куралы/ М. Борбугулов – Бишкек: 1996-ж.
33. **Бөкөнбаев, Ж.** Тандалган чыгармалар [Текст]: Ырлар жана поэмалар/ Ж. Бөкөнбаев. – Фрунзе: Кыргызстан, 1972. – 317-б
34. **Гапаров, М.** Экөө ээн бакта. [Текст]: Окуу китеби./ М. Гапаров.// "Турар" Бишкек - 2009 6-225 бб.
35. **Задачи высшего образования.** Педагогика. [Текст]: Журнал/ № 1. 2002.
36. **Ибрагимов, О**. Көз караш.[Текст] Адабий-сын макалалар / О. Ибрагимов – Ф.: Кыргызстан. 1985. 129-б.
37. **Ибраимов, О.И**. Активная жизненная поэзия и концепция личности в кирг. повести половины 50–60-х годов. [Текст ]: Автореф. дисс. на соис. уч. степ. к.ф н / О. И. Ибраимов. – Фрунзе, 1984, – С. 22 б.
38. **Интерактивдүү окутуу методу жана классты башкаруу**.[Текст]: Окуу куралы. – Бишкек: IFTS. 2004-3б.
39. **Калиев С.** «Казак энциклопедиясы».[Текст]: Энциклопедия/ С. Калиев – Алматы. 1993. – С. 100.
40. **Кларин М.В**. Педагогическая технология в учебном процессе. [Текст]: Учебное пособие / М. Б. Кларин – М.: Знание, 1989. – С. 75.
41. **Коджаспирова, Г.М., Коджаспиров, А.Ю.** Педагогический словарь. - М.: Академия, 2000, 149-160-б;
42. **Коротаева, Е.В.** Обучающие технологии в позновательности школьников: Библ. журнала «Директор школы // 2003, № 2, 21-22-б.
43. **Критическое мышление в Кыргызстане**: [Текст]: / от знания к оценке: Материалы Респ. Научно-практической конференции (25- ноября 2002г.) /Под. ред. Н.П. Задорожной – Бишкек: ОФЦИР, 2003. 244 ст.
**44.** **Крупская, Н.К**. Педагогическая сочинения. [Текст]: Избр. сочинения. Т. 3.М.: 1959. 511-б.
45. **Кыргыз совет адабиятынын тарыхы.** [ Текст]: Окуу китеби I том/. – Фрунзе: Илим, 1987. – 819-б.

46. Кырыгз совет адабиятынын тарыхы. 2 томдук. 1-том. – Фрунзе.: Илим басмасы. 1987. 612-б.
47. **Кыргыз совет адабиятынын тарыхы**. [Текст]: Окуу китеби. II том/ – Фрунзе: Илим. 1990. – 695-б.
48. **Кыргызско-русский словарь**. [Текст]: Словарь / Чет жана улут сөздүктөрүнүн мамлекеттик басмасы. – М.: 1957.
49. **Левитов, Н.Д**. О психологических состояниях человека. [Текст]:/– М.: 1964 – С. 21, 30.
50. **Левин** М. М. Технологии профессионального педагогического образования. [Текст]: Пособие для студ. высш. учеб. заведений./ Левин М.М. – М.: Академия, 2001.
51. **Мавлянов, Ж.** Высота: Роман. [Текст] / Ж. Мавлянов. Авториз. пер. с кирг. А. Дмитриевой. – М: Сов. писатель, 1983. – 263 с.
52. **Мавлянов, Ж.** Чистое небо: Роман. [Текст] / Ж. Мавлянов. – М.: Сов. писатель, 1975.
53. **Мавлянов, Ж.** Ясное небо: Роман. [Текст] / Ж. Мавлянов. – М: Сов. писатель, 1975. – 319-б.
54. **Мавлянов, Ж**. Ачык асман. Роман [Текст] / Ж. Мавлянов. – Фрунзе: 1968. – 319-б.
55. **Мавлянов, Ж**. Ачык асман: Эки китептен турган роман[Текст] / Ж. Мавлянов. – Фрунзе: Кыргызстан, 1971. – 530-б.
56. **Мавлянов, Ж**. Бийиктик: роман [Текст] / Ж. Мавлянов. – Фрунзе: Кыргызстан, 1977. – 367-б.
57. **Мавлянов, Ж**. Жаңы таң: роман [Текст] / Ж. Мавлянов. – Фрунзе: Мектеп, 1980. – 224-б.
58. **Мавлянов, Ж.** Избранное: рассказы и повести [Текст] / Ж. Мавлянов. – Фрунзе: Кыргызстан, 1987. – 526-б.
59. **Мавлянов, Ж**. Кайрымсыз жылдар: Аңгемелер, повесть, роман-даректүү баян [Текст] / Ж. Мавлянов. – Бишкек: 1994. – 455-б.
60. **Мавлянов, Ж**. Келе колуңду: аңгемелер, повесть [Текст] / Ж. Мавлянов. – Фрунзе: Мектеп, 1969. – 211-б.
61. **Мавлянов, Ж**. Мать: рассказы, повести, очерки, публицистика [Текст] / Ж. Мавлянов. – Фрунзе: Кыргызстан, 1983. – 574 с.
62. **Мавлянов, Ж**. Мен жана менин айылдаштарым: аңгемелер жана повесттер [Текст] / Ж. Мавлянов. – Фрунзе: Мектеп, 1985. – 247 б.
63. **Мавлянов, Ж**. Менин күндөлүгүм: повесть [Текст] / Ж.Мавлянов. – Фрунзе: Мектеп, 1967. – 140- б.
64. **Мавлянов, Ж**. Нан: аңгемелер жана повесттер [Текст] / Ж. Мавлянов. – Фрунзе: Кыргызстан, 1973. – 352-б.

65. **Мавлянов, Ж**. Ожидание: Повести и рассказы. [Текст] / Ж. Мавлянов. – М.: Сов. Писатель, 1971. – 254-б.
66. **Мавлянов, Ж.** Тандалмалар: аңгемелер жана повесттер [Текст] / Ж. Мавлянов. – Фрунзе: Кыргызстан, 1987. – 528-б
67. **Мавлянов, Ж**. Турмуш: повесттер жана аңгемелер [Текст] / Ж. Мавлянов. – Фрунзе: Кыргызстан, 1979. – 524-б.
68. **Мавлянов, Ж.** Чагылган: аңгемелер жана повесттер [Текст] / Ж. Мавлянов. – Фрунзе: Мектеп, 1972. – 200-б.
69. **Мавлянов, Ж**. Эне: аңгемелер, повесттер, очерктер, публицистикалар [Текст] / Ж. Мавлянов. – Фрунзе: Кыргызстан, 1983. – 574-б.
70. **Мавлянов, Ж**. Эсте калган элестер: даректүү баяндар [Текст] / Ж. Мавлянов. – Фрунзе: Кыргызстан, 1998. – 232-б.
71. **Мавлянов, Ж**. Я и мои односельчане: рассказы, повести [Текст] / Ж. Мавлянов. – Фрунзе: Мектеп, 1985. – 247-б.
72. **Мавлянов, Ж**. Ясное небо: Роман 2-е изд. [Текст] / Ж.Мавлянов. – Фрунзе: Адабият, 1989. – 670.
73. **Мамбетакунов, Э**. Дидактиканы окутуу теориясы жана практикасы. [Текст]: Монография/ Мамбетакунов Э. – Бишкек: 2004. 46-б.
74. **Мамбетакунов, Э., Сияев, Т**. Педагогиканын негиздери. [Текст]: Окуу куу китеби. Мамбетакунов, Э., Сияев, Т. - Бишкек-2008.
75. **Мамбетакунов, Э.** Методология и качество педагогических исследований. [Текст]: Уч.пособие / Э. Мамбетакунов. – Б.: КНУ им. Ж. Баласагына, 2006.
76. **Манонен-Аалтонен М., Низовская И.** Дневник-календарь учителя. [Текст]: Практическое руководство по управлению эффективностью деятельности школы. Издание 2-ое доп. /
77. **Манонен-Аалтонен М., Низовская И** – Бишкек: Министерство образования и науки, 2008.
78. **Маркес, Г.Г.** Өзүм жөнүндө [Текст] / Г.Г. Маркес // Жаңы Ала-Тоо, 2013, №6. – 163 – 164-бб.
79. **Миңбаев, К., Закиров А.** Психология. [Текст]: Окуу китеби/ К. Миңбаев, А.Закиров. – Ош – 2006. 101-б.
80. **Момуналиев, С.** Кыргыз орто мектептеринде лириканы окутуунун психологиялык-педагогикалык жана методикалык технологиялары. [Текст]: Докторлук диссертациясы// С. Момуналиев. – Ош- 2011-ж.
81. **Монахов, В.М**. Инновации в образовании. [Текст]: /Реформирование российской системы образования: концепции стандартов и содержания/ Монахов В.М – М.: Журнал. Инновации в образовании. 2007 - 92-б.

82. **Муратов, А**. Кыргыз адабиятын окутуу: теориясы жана практикасы. [Текст]: Окуу китеби/ А. Муратов – Бишкек: Турар – 2013. – 550-б.
83. **Мурзаев, М.С.** Окутуунун психологиясы [Текст]: Окуу методикалык колдонмо/ М.С. Мурзаев – Ош 2004, 92-б.
84. **Мусамбетов, Т**. Көркөм чыгармаларды проблемалык окутуу. [Текст]: Окуу методикалык колдонмо/Т. Мусамбетов. – Фрунзе: 1990.
85. **Мусаева В.И.** Кыргыз тилин жана адабиятын компетенттүүлүктүн негизинде окутуу. [Текст]: Методикалык колдонмо / Мусаева В.И. Б.: 2014. Билим басмасы 96 б.
86. **Мусаева В.И.** Кыргыздын чечендик кебин окутуу. [Текст]: Монография / Мусаева В.И. Б.: Бийиктик – 2013. - 302 б.
87. **Мусаева В.И**. Сүйлөшүү маданияты аркылуу чечендик кепке үйрөтүүнүн методикасы [Текст]: Методикалык колдонмо / Мусаева В.И. Б.: 2012. Гүлчынар. 92 б.
88. **Мусаева В.И.** Кыргыз тили жана кыргыз адабияты. [Текст]: Кыргыз тили жана кыргыз адабиятынын календарлык планы / Мусаева В.И. 5-11-кл. Б.: 2015. 112 б.
89. **Мусаева В.И.** Кыргыз тилин окутууда чечендик кепке үйрөтүүнүн илимий-методикалык негиздери. [Текст]: 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) адистиги боюнча педагогика илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын авторефераты / Мусаева В.И. Б.: 2014. – 41 б.
90. **Мусаева В.И.** Чечендик кепке үйрөтүү [Текст]: Монография / Мусаева В.И. Б.: 2013. – 304 б.
91. **Мусаева В.И.** Жат жазуу жыйнагы 5-11-кл. [Текст]: Методикалык колдонмо / Мусаева В.И. А. Сманбаев Б.: 2015. Гүлчынар. - 216 б.
92. **Мусаева В.И**. Баяндама жыйнагы 9-11-кл. [Текст]: Методикалык колдонмо / Мусаева В.И. А. Сманбаев Б.: Гүлчынар. – 172 б.
93. **Мусаева В.И.** Кыргыз тили 7-класстын окуу китеби [Текст]: Окуу китеби /Мусаева В.И., С. Үсөналиев, С. Тойчубаева Ташкент, Басма үйү, 2009 – 157 б.
94. **Мусаева В.И.** Р. Эгембердиев, А. Сапарбаев, С. Өмүралиева, Ш. Уринбаева. Кыргыз тили 10-класстын окуу китеби [Текст]: Окуу китеби / Мусаева В.И. Р. Эгембердиев, А. Сапарбаев, С. Өмүралиева, Ш. Уринбаева Ташкент, Басма үйү, 2009 – 167б.
95. **Мусаева В.И.** Р. Эгембердиев, А. Сапарбаев, С. Өмүралиева, Ш. Уринбаева. Кыргыз тили 11-класстын окуу китеби [Текст]: Окуу

китеби / Мусаева В.И. Р. Эгембердиев, А. Сапарбаев, С. Өмүралиева, Ш. Уринбаева Ташкент, Басма үйү, 2009 – 149 б.

96. **Мусаева В.И**. Көркөм сөз кудурети [Текст]: Окуу хрестоматиясы / Мусаева В.И Айат басмасы. Б.: 2008. 171 б.
97. **Мусаева В.И**. Фразеологиялык сөздүк [Текст]: Мусаева В.И Бишкек: ОсОО "Олл Колорс" 2009. – 86 б.
98. **Мусаева В.И.** Кыргыздын чечендери – мектепте [Текст]: Окуу хрестоматиясы / Мусаева В.И - Бишкек: Гүлчынар, 2010. – 585 б.
99. **Мусаева В.И.** Кыргыз адабиятынын антологиясы. Акындар поэзиясы IIIтом [Текст]: Антология / Мусаева В.И - Бишкек: КСЭ, 2012. – 528 б.
100. **Мусаева В.И**. Кыргыз адабиятынын антологиясы. Поэмалар, ырлар YIII том [Текст]: Антология / Мусаева В.И - Бишкек: КСЭ, 2012 – 624б.
101. **Мухина, С.А,** Соловьева А.А. Нетрадиционные педагогические технологии в обучении. [Текст]: Уч.пособие / С.А. Мухина. – Ростов на Дону: Феникс, 2004.
102. **Ниренберг, Д.И**. Искусство творческого мышления. [Текст]: Пособие/ Д.И. Ниренберг–Минск: Попурри. 1996. – С. 30.-б
103. **Окуу процессин окутуунун кредиттик технологияларынын (ECTS) негизинде уюштуруу жөнүндө жобо**. ОшМУнун №18 бюллетени. Ош - 2012.
104. **Осмонов, А**. Чыгармалар[Текст]: Ырлар, поэмалар. 1-томдугу / А. Осмонов. – Фрунзе: Кыргызстан. 1964. 457 б.
105. **Основы педагогических технологий**: Краткий толковый словарь. Урал. Гос. Пед. Ун-т. Екатеренбург, 1995, 19-бет;
106. **Оторбаев, Б.К.** Адабиятты окутуунун жаны технологиялары. [Текст]: Окуу куралы/ Б.К. Оторбаев. – Бишкек: 2010. 7-б.
107. **Оторбаев, Б.К**. Мектепте адабиятты интерактивдүү окутуу. [Текст]: Окуу куралы/ Б.К. Оторбаев. – Бишкек: 2010. 6-б.
108. **Парыгин, Б.Д.** Основе социально-психологической теории. [Текст]: Учебн. Пособие/ Б.Д. Парыгин – М.: 1997. 85; 258-б.
109. **Педагогика: Педагогические теории,** системы, технологии. [Текст]: Учебн.пособие/ – М.:Академия, 1999. – С. 264.
110. **Пискунова, А.И.** Педагогика [Текст]: Уч. пособье/ А.И. Пискунова. – М.: Педагогика, – М.: 1982. – 656 б.
111. **Подлассый, И. П**. Педагогика: Новый курс обучения [Текст]:Учеб. для студ.высш. учебных заведений: В 2кн.-М., Гуманит. Изд.

центр. ВЛАДОСС, 2002. Кн. 1.: Общие основы. Процесс обучения./ Подлассый И. П. – С. 576.

112. **Психолого-педагогический словарь-справочник для учителей и руководителей общеобразовательных учреждений.** Ростов-на-Дону: Феникс, 1998, 436-бет);
113. **Рузавин, Т.И.** Логика и аргументация. [Текст]: Учеб. пособ. для вузов./ Т И. Рузавин – М., 1997.
114. **Руководство по применению Европейской системы перевода и накопления кредитов (ECTS) в Кыргызской Республике.** [Текст]: Учеб. пособ. для вузов./ Бишкек-2005 4-5-б.
115. **Рысбаев, С.К**. Кыргыз балдар адабиятынын фольклорунун педагогикасы. [Текст]:Монография/ С.К. Рысбаев – Бишкек: Билим куту. 2006. 23-б., 30–бети
116. **Саалаев, Д**. Окутуунун интерактивдүү усулдары. [Текст]: Окуу куралы/ Д. Саалаев. – Бишкек: 2009. 3-б.
117. **Сакиева, С**.С. Башталгыч класстарда эне тилин окутуунун методикасы. [Текст]: Окуу китеби// С.С. Сакиева **-** Ж-Абад – 2001.
118. **Саламатов, Ю.П**. Как стать изобретателем: и 50 часов творчества. [Текст]: Практичекское пособие/ Ю.П. Саламатов – М.: Просвещение, 1990. – 240 с.
119. **Селевко, Г.К.** Современные образовательные технологии. [Текст]: / Г.К. Селевко **-** М.: Народное образование, 1988, 15-б;
120. **Селевко, Т.К.** Современные образовательные технологии: [Текст]: / Т.К.Селевко – М.: Народные образование 1998. – С. 56-б.
121. **Сластенин, В.А.,** Исаев И.Ф., Шиянов Общая педагогика. Часть I [Текст]:Учеб. пособие для студ.высш.учеб. заведений/ В.А. Сластенин, И.Ф. Исаев –Москва: Владос, 2002. – Ч.1. – С. 288.
122. **Советский энциклопедический словарь**. [Текст]: Словарь/–М: энсклопедия. 1982. 250-б.
123. **Сооронбаева, З**. Достук [Текст]: Ырлар. поэмалар. / З. Сооронбаева – Кыргызстан, 1966. – 99 б.
124. **Сооронбаева, З**. Жетимдер: Повесть. [Текст]: Окуу китеби./ З.Сооронбаева – Фрунзе: Кыргызстан, 1970. – 124 б.
125. **Сооронбаева, З**. Астра гүлү: Повесть жана аңгемелер. [Текст]: Окуу китеби./ З. Сооронбаева – Фрунзе: Кыргызстан, 1973. – 239-б.
126. **Сооронбаева, З**. Ак чач аял: Повесттер. [Текст]: Окуу китеби./ З. Сооронбаева – Фрунзе: Мектеп, 1976. – 207-б.
127. **Сооронбаева, З**. Жапайы розалар: Повесть. [Текст]: Окуу китеби./ З. Сооронбаева – Фрунзе: Кыргызстан, – 197-б.

128. **Сооронбаева, З**. Андрей: Повесть жана аңгемелер. [Текст]: Окуу китеби./ З. Сооронбаева – Фрунзе: Кыргызстан, 1981. – 184-б.
129. **Сооронбаева, З**. Астра гүлү: Повесттер. [Текст]: Окуу китеби./ З. Сооронбаева – Ф.: Кыргызстан, 1984. – 400-б.
130. **Сооронбаева, З.** Тоолор билет: Ырлар. [Текст]: Окуу китеби./ З. Сооронбаева – Фрунзе: Кыргызстан, 1985. – 111-б.
131. **Сооронбаева, З.** Эс алчы, апа: Ырлар. [Текст]: Окуу китеби./ З. Сооронбаева – Фрунзе: Мектеп, 1985. – 12 б.
132. **Сооронбаева, З**. Чоочун киши: Роман. [Текст]: Окуу китеби./ З. Сооронбаева – Фрунзе: Адабият, 1988. – 1–2-китеп. – 700-б.
133. **Сооронбаева, З**. Ленинграддан келген кат: Повесть. [Текст]: Окуу китеби./ З. Сооронбаева – Фрунзе: Мектеп, 1989.
134. **Сооронбаева, З**. Арман: Роман. [Текст]: Окуу китеби./ З. Сооронбаева – Б.: Бийиктик. 2002. – 528 б
135. **Сооронбаева, З**. Махабат баяны: Аңгемелер жыйнагы. [Текст]: Окуу китеби./ З. Сооронбаева – Бийиктик, 2004. – 32-б.
136. **Сооронбаева, З**. Менин айлым: Ырлар жыйнагы. [Текст]: Окуу китеби./ З. Сооронбаева – Фрунзе: Кыргызмамбас, 1960. – 72-б.
137. **Стамов, А.** Жаңы тууган: Повесттер жана аңгемелер [Текст] Окуу китеби/ А. Стамов – Фрунзе: Кыргызстан, 1973. – 182-б. Новая родня.
138. **Сухомлинский, В.А**. Тарбия жөнүндө. [Текст]:/ В.А. Сухомлинский – Фрунзе: Мектеп, 1985. 221-б.
139. **Сыдыкбеков, Т**. Тандалган чыгармалар[Текст]: Чыгармалардын 2 томдугу/ Т. Сыдыкбеков, - Фрунзе:Кыргызстан 1972.
140. **Сынчыл ойломду өстүрө турган окуу жана жазуу программасынын хрестоматиясы.** [Текст]: Окуу колдонмо/ – Б.: 2004. 152-б.
141. **Сынчылойломдун өнүгүшүнө өбөлгө болгон методдор**. [Текст]: Колдонмо/ №1,2 колдонмо. 5, 10-б.
142. **Теплов, Б.М**. Психология музыкальных способностей. [Текст]: Пособие/ Б.М. Теплов – М.: 1948. – С. 46.
143. **Токомбаев, А**. Тандалган чыгармалар. [Текст]: Ырлар.Поэмалар. 2-том./ А. Токомбаев. – Фрунзе: Кыргызстан. 1972. 617-б.
144. **Токомбаев, А.** Ашырбай. [Текст]: Токомбаев А. – Фрунзе: Кыргызстан 1974-ж.
145. **Турусбеков, Ж.** Чыгармалар. [Текст]: Ырлар жана поэмалар I томдук. / Ж. Турусбеков. – Фрунзе: 1972. 327-б.

146. **Тыныстанов,** К. Чыгармалар. [Текст]: Ырлар. Поэмалар /К. Тыныстанов. – Ф.: 1991.
147. **Ушинский, К Д.** Человек как предмет воспитания. [Текст]: – М.: 1972.
148. **Ушинский, К.Д.** Избранное. [Текст]: Избранное педагогическая сочинения. и в 2-х т/ К.Д. Ушинский. – М.: 1974.
149. **Ушинский, К.Д.** Избранное. [Текст]: Избранное педагогическая сочинения. и в 2-х т/ К.Д.Ушинский. – М.: 1974.
150. **Ушинский, К.Д**. Тандалган чыгармалар. [Текст]: Чыгармаларынын 8-тому/ К.Д. Ушинский – Москва: 1974.
151. **Үкүева, Б.К.** Жогорку окуу жайларында студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн жогорулатууда окутуунун жаңы технологияларын колдонуунун илимий-педагогикалык негиздери. [Текст]: Монография./Б.К. Үкүева - Ош-2012.
152. **Үкүева, Б.К.** Көркөм-эстетикалык сөздүк. [Текст]: Окуу колдонмо/ Б.К.Үкүева. – Ош-2005.
153. **Үкүева Б. К.** Жогорку окуу жайларында студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн жогорулатуунун илимий-методикалык негиздери. (кыргыз адабиятынын мисалында) докторлук диссертациясы. 2013-ж.
154. **Үмөталиев,** Т. Чыгармалар. [Текст]: Ырлар жана поэмалар. 2-том/ Т. Үмөталиев. – Фрунзе: Кыргызстан. 1972.
155. **Үмөталиев, Т**. Чыгармалары.[Текст]: Ырлар жана поэмалары.1-том/ Т. Үмөталиев. – Ф.: Кыргызстан. 1971. 317-б
156. **Хуторский, А.В.** Современная дидактика. [Текст]: Учебник для вузов/ А.В. Хуторский. – Питер. 2001. – С. 544.
157. **Цукерман, Г.А.** Виды общения в обучении. [Текст]: Пособие/ Г.А. Цукерман. – Томск, 1993. – С. 110.
158. **Цукерман, Г.А.** Групповая работа на урока. [Текст]: Мет.пособие/ Г.А. Цукерман – М.: 1975.
159. **Чуб, Е.В.** Компетентностный подход в образовании [Текст]: Реформирование российской системы образования: концепции стандартов и содержания / Е.В. Чуб.– Инновации в образовании. Журнал. №3. С. 21,27.
160. **Чуб, Е.В.** Интенсификация обучения-фактор подготовки компетентного специалиста. [Текст] Реформирование российской системы образования: концепции.стандартов и содержания / Е.В. Чуб. – Инновации в образовании. Журнал 2008. №7
161. **Чыманов, А.Ж.** Кыргыз тили. [Текст]: Окутуу методикасы./ А.Ж. Чыманов – Бишкек: 2007.62-64-бб.

162. **Чыманов, А.Ж**. Кыргыз тили. [Текст]: Сабактын үлгүлөрү жана сабакты талдоонун методикасы. / А.Ж. Чыманов. – Бишкек: Турар, 2009.
163. **Щуркова, Н.Е.** Педагогическая технология. [Текст]: Учебное пособие/ Н.Е. Щуркова – М.: Педагогическое общество России. 2002.
164. **Эббингауз, Г.** Основы психологии. [Текст]: Глава О памяти С-Пб.,1912.т.1. / Г. Эббингауз. – М.: 1988.
165. **Энгельс, Ф.** Тандалган чыгармалар[Текст]:Чыгармаларынын 42-томдугу./ В. Энгельс – 126-б.
166. **Эстетика**. Словарь [Текст]: Словарь/ – М.: Политиздать. 1989. – С. 45, 75, 344-345-б.
167. **Этика боюнча сөздүк**. [Текст]:Сөздүк/ – Фрунзе:.Кыргызстан. 1983. 253-б.
168. **Юдахин, К.К.** Кыргызча-орусча сөздүк [Текст]: Сөздүк/ К.К. Юдахин – Б.: Шам, 2000. 996-б.

**MONOGRAFIA**
w języku po kirgiskim

Usarova Gulbakhar Urinboevna

# NAUKOWO-METODYCZNE ZASADY WYKORZYSTANIA TECHNOLOGII KREDYTOWEJ W NAUCZANIU GATUNKU PROZATORSKIEGO LITERATURY KIRGISKIEJ W SZKOŁACH WYŻSZYCH (HISTORIE Z LAT 70.)

Subscribe to print 22/03/2024. Format 60×90/16.
Edition of 300 copies.
Printed by "iScience" Sp. z o. o.
Warsaw, Poland
08-444, str. Grzybowska, 87
info@sciencecentrum.pl, https://sciencecentrum.pl



ISBN 978-83-66216-95-2